Социалдык Изилдөөлөр Борбору
Борбордук Азиядагы Америка Университети

Slovak Aid

NISPAcee

# Мыйзам жаратуу процессинде жарандык коом уюмдары менен Кыргыз Республикасынын мамлекеттик башкаруу органдарынын кызматташуусун жакшыртуу

Бишкек • Братислава • 2009

Центр
социальных
исследований

**Борбордук Азиядагы Америка университетинин
Социалдык изилдөө борбору
NISPAcee (Борбордук жана Чыгыш Европадагы мамлекеттик башкаруу институттары менен мектептеринин ассоциациясы)
Словакиянын Тышкы иштер министрлигинин каржылык колдоосу менен жүзөгө ашырылган
«Кыргыз Республикасындагы жарандык коом уюмдарынын туруктуулугу жана натыйжалуулугу» долбоору программасынын**

# Мыйзам жаратуу процессинде жарандык коом уюмдары менен Кыргыз Республикасынын мамлекеттик башкаруу органдарынын кызматташуусун жакшыртуу

**Бишкек ● Братислава ● 2009**

УДК 351/354
ББК 67.99(2Ки)1
П42

Авторлор

***NISPAcee эксперттери (Словакия):***
Людмила Гаждосова
Яна Пазин-Хрикова
Милан Ходас
Милан Андрейкович
Адриана Ясова

***БААУнун алдындагы СИБ эксперттери (Кыргызстан):***
Шерадил Бактыгулов
Аида Алымбаева
Медет Төлөгөнов
Елена Воронина
Мелис Жунушалиев (сырткы консультант)

***Долбоордун менеджерлери:***
Елена Закова, долбоордун менеджери, NISPAcee
Чинара Эсенгул, долбоордун менеджери, БААУ СИБ
Аида Конокбаева, долбоордун каржы менеджери, БААУ СИБ

**П 42** Мыйзам жаратуу процессинде жарандык коом уюмдары менен Кыргыз Республикасынын мамлекеттик башкаруу органдарынын кызматташуусун жакшыртуу. – Бишкек-Братислава, 2009. – 142 б.

ISBN 978-9967-11-286-5

Бул басылма NISPAcee тарабынан БААУнун Социалдык изилдөө борбору менен биргеликте «Кыргыз Республикасында жарандык коом уюмдарынын туруктуулугу жана натыйжалуулугу» долбоорунун алкагында SlovakAid-дин (Словакиянын эл аралык кызматташтык жана өнүгүү боюнча агенттиги, Словакиянын Тышкы иштер министрлигинин программасы) колдоосу менен даярдалды

Изилдөөнүн авторлорунун ой-пикирлери NISPAcee, БААУ СИБ жана SlovakAidдин көз карашына туура келбеши мүмкүн.

Ченемдик укуктук документтердин котормолору расмий версиялар болуп эсептелет.

Басылманын материалдарын пайдаланууда маалымат булагына милдеттүү түрдө шилтеме жасоо керек.

П 1203020200-09

УДК 351/354
ББК 67.99(2Ки)1

ISBN 978-9967-11-286-5

© NISPAcee, 2009
© Борбордук Азиядагы
Америка университетинин
Социалдык изилдөө борбору, 2009

## МАЗМУНУ


1. Алгы сөз . . . . . . . . . . 6
2. Киришүү . . . . . . . . . . 10
3. Терминдер . . . . . . . . . . 14
4. Изилдөө усулдары . . . . . . . . . . 15
5. Мыйзам жаратуу процессинде жарандык коом уюмдары менен Кыргыз Республикасынын мамлекеттик башкаруу органдарынын кызматташуусунун натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча нускамалар . . . . . . . . . . 17
6. Бейөкмөт уюмдардын туруктуулугун камсыздоо жана укуктук маалымат алуу мүмкүнчүлүгүн жогорулатуу боюнча кошумча нускамалар . . . . . . . . . . 50
7. Корутунду . . . . . . . . . . 56
8. Нускамалардын жыйынды таблицасы . . . . . . . . . . 58
9. Тиркемелер . . . . . . . . . . 73

   *1-тиркеме.* Словакия парламентинин уюштуруу тажрыйбасы жана аппаратынын түзүмү жөнүндө маалымат . . . . . . . . . . 73

   *2-тиркеме.* Мамлекет менен бейөкмөт уюмдардын (БӨУ) үзгүлтүксүз байланышын камсыздоо боюнча Словакия менен Хорватиянын тажрыйбасы жөнүндө маалымат. . . . . . . . . . 75

   *3-тиркеме.* КРнын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» мыйзам долбоору боюнча тиркемелер (2009-ж., апрель) . . . . . . . . 87

*4-тиркеме.* Парламенттин жана министрликтердин деңгээлинде чечимдерди кабыл алуу процессинин баскычтарын аныктоо, ошондой эле ал процессте жарандык коом уюмдарынын катышуусун изилдөө үчүн Жогорку Кеңештин депутаттары, өкмөттүн, министрликтердин, агенттиктердин жана бейөкмөт уюмдардын өкүлдөрү менен интервью жүргүзүү үчүн суроо тизмектери (январь, 2009-ж.). . . . . . . . . . . . . . 96

*5-тиркеме.* «Чечимдерди кабыл алуу процессине жарандык коом уюмдарынын (ЖКУ) катышуу мүмкүнчүлүгү» деген тема боюнча парламенттин, жарандык коомдун жана мамлекеттик аткаруу органдарынын өкүлдөрү менен болгон интервьюлардын натыйжалары жөнүндө БААУ СИБ кыскача отчёту . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 97

*6-тиркеме.* Мыйзам жаратуу процессинде мамлекеттик деңгээлде катышуу практикасын изилдөө максатында БӨУлар үчүн анкета (июнь, 2009-ж.). . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 110

*7-тиркеме.* БӨУларды сурамжылоонун натыйжалары жөнүндө кыскача отчет . . . . . . . . . . . . . . 114

*8-тиркеме.* «Жарандык коом уюмдарынын мыйзам жаратуу процессине бийликтин мыйзам чыгаруучу жана аткаруучу деңгээлинде катышуусу» деген темадагы тегерек столдун иши тууралуу кыскача отчёт (12-март, 2009-ж.) . . . . . . . . . . . . . . . . . . 129

*9-тиркеме.* «Жарандык коом уюмдары менен Кыргыз Республикасынын мамлекеттик башкаруу органдарынын чечимдерди кабыл алуу процессинде кызматташуусунун натыйжалуулугун жогорулатуу» деген темадагы тегерек стол катышуучуларынын тизмеси . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 138

10-тиркеме. Словакияга болгон окуу сапарынын катышуучуларынын тизмеси . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 140

***Пайдаланылган кыскартуулардын тизмеси***:

КР ЖК – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши
КР – Кыргыз Республикасы
КРнын ЧУА жөнүндө мыйзамы – Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө мыйзамы»
СР УК – Словакия Республикасынын Улуттук кеңеши (Словакиянын парламенти)
ЖКУ – жарандык коом уюмдары
КЭУ – коммерциялык эмес уюмдар
БӨУ – бейөкмөт уюмдар

# 1. АЛГЫ СӨЗ

Демократиялык башкаруунун маанилүү өзгөчөлүктөрүнүн бири – жарандык коом уюмдарынын (ЖКУ) мамлекеттик деңгээлде чечим кабыл алуу процессине катышуусу. NISPAcee (Борбордук жана Чыгыш Европадагы мамлекеттик башкаруу институттары менен мектептеринин ассоциациясы) жана Борбордук Азиядагы Америка университетинин Социалдык изилдөөлөр борбору «Кыргыз Республикасындагы жарандык коом уюмдарынын туруктуулугу жана натыйжалуулугу» долбоорун иштеп чыгып жүзөгө ашырууда. Бул долбоор Кыргызстанда жарандык коом уюмдарынын саясый чечимдердин кабыл алууда активдүү катышуусу үчүн жагымдуу шарт түзүүгө багытталган. 2008-жылдын сентябрь айынан тартып аталган долбоор SlovakAid (Словакиянын Эл аралык кызматташтык жана өнүгүү боюнча агенттиги) тарабынан колдоого алынууда. Словакия Республикасы өнүгүү жаатындагы эки тараптуу кызматташтык алкагында Кыргыз Республикасына төмөнкү эки документтин: Словакиянын өкмөтү жактырган Мамлекеттик өнүгүү тармагында көмөк көрсөтүүнүн өткөөл стратегиясынын жана Мамлекеттик өнүгүү тармагында көмөк көрсөтүүнүн улуттук программасынын негизинде жардам берүүдө.

Долбоордун максаты Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин, өкмөтүнүн, министрликтеринин жана ведомстволорунун мыйзам жаратуу процессинде жарандык коом уюмдары менен кызматташуусун жакшыртуу боюнча нускамаларды иштеп чыгуу болчу. Негизги көңүл Кыргызстандын жарандык коом уюмдарынын мыйзам чыгаруу мүмкүнчүлүктөрүн жана алардын мыйзам чыгаруу процессинде активдүү катышуусу үчүн шарттарды жакшыртуу маселелерине бурулган. Бул долбоор негизинен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө, парламентине жана жарандык коом уюмдарына көмөк көрсөтүүгө багытталган. Белгиленген максатка жетүү үчүн Словакиянын мамлекеттик бийлик органдары менен жарандык коомунун ай-

рыкча ченемдик-укуктук актыларды иштеп чыгуу жана аларды кабыл алуу процессиндеги иштешүү тажрыйбасы иликтенген.

Долбоорду жүзөгө ашыруу 2008-жылдын ноябрь айында башталган. Долбоорго Кыргызстан менен Словакиядан эксперттер, ошондой эле жарандык коомдун ар түрдүү уюмдарынын өкүлдөрү катышты. Мамлекеттик башкаруу органдарынын жана үчүнчү сектордун көптөгөн өкүлдөрү долбоорго анын изилдөө иштери (интервью, сурамжылоо) аркылуу тартылды. Долбоордун катышуучуларынын көп санда болушу анын жыйынтыгында берилүүчү бардык нускамалардын объективдүү маалыматтарга негизделип, коомчулуктун мыйзам жаратуу процессине катышуусунун чыныгы абалын жана эң оор маселелеринин, мисалы, мыйзамдардын ар кандай кемчиликтерине байланышкан маселелердин чагылдырылышын камсыз кылды.

Долбоордун алкагында ар түрдүү, атап айтканда, төмөнкүдөй иш чаралар жүзөгө ашырылды:

- ♦ КРнын тийиштүү мыйзамдары талдоого алынды (эксперттер ЖКУлардын ишмердигинин укуктук принциптеринин жана шарттарын, ЖКУлардын мыйзам жаратуу процессине катышуу жана Кыргызстандын Өкмөтүнөн, парламентинен маалыматтарды коомчулуктун алуу мүмкүнчүлүгүн камсыздоочу мыйзамдык жол-жоболорду изилдеп чыгышты);
- ♦ КРдагы мамлекеттик түзүмдөр менен ЖКУлардын өкүлдөрүнүн арасында 350 суроо топтомун таратуу, 55 интервью өткөрүү аркылуу жеринде изилдөө иштери жүргүзүлдү;
- ♦ КРнын Өкмөтүнүн, парламентинин, жарандык секторунун 25 өкүлү үчүн тегерек стол уюштурулду;
- ♦ Словакия командасы бул өлкөдөгү ЖКУлардын мамлекеттик башкаруу органдары менен кызматташуусундагы ийгиликтүү тажрыйбасы жөнүндө маалымат даярдады;
- ♦ КРнын өкүлдөрүнүн Словакияга таанышуу сапары уюштурулду. Бул программанын чегинде семинарлар өткөрүлүп, Словакиянын тийиштүү мекемелерине кыргызстандык эксперттер барып көрүштү. Иш сапар учурунда эки өлкөнүн командалары өз изилдөөлөрүнүн алгы натыйжаларын чогуу талдашып, болжолдуу нускамаларды талкуулашты;
- ♦ 2009-жылдын сентябрында КРда 50 адамдын – Жогорку Кеңештин депутаттарынын, Кыргызстандын Өкмөтүнүн жогорку кызматтагы өкүлдөрүнүн, ЖМКнын жана ЖКУлардын

катышуусундагы улуттук семинар өткөрүлдү. Аталган семинар иштелип чыккан нускамаларды талкуулоо максатында уюштурулду. Жыйынтык нускамалар жалпысынан семинардын катышуучулары тарабынан жактырылды;

- мыйзам түзүүнү ачык-айкын жана ЖКУ менен коомчулук катыша алгыдай процесске айландыруу үчүн КРнын мыйзамдарын жакшыртуу боюнча нускамаларды иштеп чыгуу. Бул нускамаларда Словакиянын тажрыйбасына негизделген жана аларды ишке ашыруунун жол жоболору камтылат. Аталган нускамалардын мындан аркы тагдыры жана иш жүзүндө колдонулушу Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик органдарынын саясый эркине жараша болот.

Нускамалар англис, орус жана кыргыз тилдеринде даярдалып, Кыргызстандын мамлекеттик мекемелерине, ЖКУларга, ЖМКга жиберилди.

Бул отчётто берилген бардык нускамалар 2 топко бөлүнөт:

1. Мыйзам жаратуу процессинде Кыргыз Республикасынын Жогорку кеңешинин, өкмөтүнүн, министрликтеринин жана ведомстволорунун жарандык коом уюмдары менен иштешүүсүн жакшыртуу боюнча нускамалар.
2. Коомдук уюмдардын иштөө шарттарын жана жарандардын укуктук маалыматтарды алуу мүмкүнчүлүктөрүн жакшыртуу боюнча нускамалар.

***Нускамалардын биринчи тобу***

Бул топко 12 багыт боюнча 39 нускама киргизилди:

1. Мыйзам жаратуу процессинде коомчулуктун Интернет-порталдар аркылуу маалымат алуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу.
2. Ченемдик-укуктук актылардын биргелешкен мамлекеттик порталын түзүү.
3. Мамлекеттик борбордук кеңеш берүүчү органды түзүү.
4. ЖКУ менен мамлекеттик борбордук башкаруу органдарынын ортосундагы пикир алмашууну колдоо.
5. Жарандарга мыйзам долбоорун даярдоону же кароону токтотуу сунушу менен мыйзам чыгаруучу субъектилерге кайрылуу укугун берүү.
6. Ченемдик актылардын долбоорлорун экспертизадан өткөрүүдө коомчулуктун катышуусу.

7. Аткаруу бийлигинин мыйзам чыгаруу ишмердиги жүрүп жатканда коомдук талкууларды өткөрүү.
8. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде парламенттик угууну өткөрүү жана мыйзам чыгаруу процессине коомчулуктун катышуу мүмкүнчүлүгүн камсыздоо.
9. Парламенттик угууну өткөрүү мөөнөттөрүн, аларга чакыруу принциптерин белгилөө жана аларды сактоо.
10. Коомчулуктун сунуштарын эске алуу.
11. Угуунун жыйынтыктарын Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин отурумунда талкуулоо.
12. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин ишинде парламенттик жол-жоболордун сакталышына коомдук көзөмөлдү орнотуу.

***Нускамалардын экинчи тобу***

Бул топко төмөнкү үч багыт боюнча 9 нускама киргизилди:

1. Киреше салыгынын 1%ын жарандык коом уюмдарынын пайдасына чегерип берүү.
2. Жергиликтүү бийлик органдарын КРнын ченемдик-укуктук актылардын топтомдору менен акысыз камсыздоо.
3. Кыргызстанда басылып чыгуучу бардык эксперттик материалдардын сөзсүз түрдө КРнын Жогорку Кеңешинин китепканасына келип түшүүсүн камсыздоо.

## 2. КИРИШҮҮ

Кыргыз Республикасында Адилет министрлигинин расмий маалыматтарына ылайык, 2006-жылдын 1-апрелине карата 14 173 КЭУ катталган[1].

Айрым байкоолордон белгилүү болгондой, 2004-жылы коммерциялык эмес уюмдарда 20 миңден ашык адам туруктуу иштесе, ал эми убактылуу (эксперттер, кеңешчилер) 10 миңге жакын адам жана 8 миң ыктыярдуу (волонтер) иштеген. Башка байкоолорго ылайык, КЭУ секторунда жалпысынан 100 миңге жакын киши иштейт, бул болсо өлкөнүн эмгекке жарактуу жарандарынын 5 %ын түзөт[2].

Бул көрсөткүчтөрдүн ортосундагы айырмачылык чоң экендигине карабастан, эксперттер менен байкоочулар КЭУ секторунда абдан активдүү жарандар менен кыйла күчтүү эксперттер бар деген бир пикирде турушат. Кыргызстандын Президенти көтөргөн демилгелерин, атап айтканда, 2009-жылдын мартында жарыяланган Өлкөнү жаңыландыруу багытын эске алганда, бүгүнкү күндүн негизги маселеси мамлекеттик башкаруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жарандык коом уюмдары менен ийгиликтүү кызматташуусу үчүн шарттарды түзүү болуп эсептелет. Бул КЭУнун болгон мүмкүнчүлүктөрүн өлкөнүн жана коомдун өнүгүүсү үчүн пайдаланууга өбөлгө түзөт.

КЭУ сектору менен мамлекеттик башкаруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ийгиликтүү иштешүүсүнүн мисалдары саламаттык сактоо, билим берүү, социалдык коргоо, жер-жерлерде социалдык-экономикалык абалды жакшыртуу жаатында

[1] НПО Кыргызстана: вчера, сегодня, завтра/АЦПГО. – Бишкек, 2006.

[2] Богатырев В. Статус формальных политических институтов и их отношения с неформальными политическими структурами в Кыргызстане//Демократия и неформальная политика в Кыргызстане: Сб. Института общественной политики. – С. 32. – www.ipp.kg

(анык белгиленген максаттар, милдеттер жана күтүлүүчү натыйжалар болгон шартта) кызматташуу мүмкүн экендигин көрсөтүүдө.

Кыргызстандын мыйзамдарында өлкөнүн, тармактын же аймактын өнүгүү стратегиялары менен пландарын иштеп чыгуу жана аныктоого КЭУнун катышуу мүмкүнчүлүгү каралган. Бирок КЭУ сектору бул процесске ырааттуу түрдө катышпайт. Көп учурда ЖКУларды чечим кабыл алуу процессине катыштыруу тиги же бул министрликтин же ведомствонун каалоосуна жараша болот.

**Долбоордун максаты** Кыргыз Республикасынын парламентини, өкмөтүнүн, министрликтер менен ведомстволорунун мыйзам чыгаруу процессинде ЖКУ менен иштешүүсүн жакшыртуу боюнча нускамаларды иштеп чыгуу болчу.

Изилдөө үчүн мамлекет менен БӨУлардын кызматташуусунун **үлгүсү** катары Словакия Республикасында калыптанган практика тандап алынган.

Словакия социалисттик тутум жоюлгандан кийин Кыргызстандай эле шартка жагдайга туш келди. Эки өлкө тең коомдун өнүгүүсүндө базар экономикасына өтүү, мамлекеттик башкаруу органдарын кайра түзүү, ошондой эле мамлекет менен жарандардын ортосунда жаңы мамилелерди калыптандырууга байланышкан маселелерге кабылышкан.

1989-жылдан тартып Словакияда жарандардын мамлекет турмушуна катышуу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүүчү реформа жүзөгө ашырыла баштаган. Эң оболу, мыйзам үстөмдүгүн бекемдөө жана адам укуктарын сыйлоо боюнча иш-чаралар көрүлгөн, мамлекеттик башкаруу тутуму реформаланган, КЭУнун натыйжалуу иштөөсү үчүн укуктук чөйрө түзүлгөн. 2004-жылы Словакия Европа Шериктештигине кошулду, бул демократияны өнүктүрүүдөгү маанилүү факторлордун бири болуп калды. Европа Шериктештигинин мүчөлүгүнө кабыл алынуу үчүн өлкө «Копенгаген критерийлерине» туура келиши керек, ал критерийлердин бири – адам укугун сыйлоочу туруктуу демократиянын бар болушу. Ошентип, Словакия катуу көзөмөл алдында ЕШке кирүүгө даярдануу менен демократияны өнүктүрүү жолунда чоң тажрыйбага жетишкен.

Словакиянын жаңы, заманбап бейөкмөт сектору 1989-жылы өлкөдөгү социалисттик тартип демократияга алмашылгандан кийин өнүгө баштаган. Ошол мезгилде бейөкмөт уюмдардын ишмердигин жөнгө салуучу алгачкы ченемдик-укуктук актылар кабыл

алынган. Бирок Словакия өкмөтү эң оболу мамлекеттик сектор менен ишкер чөйрө үчүн мыйзамдарды иштеп чыгууга көңүл бурган. Үчүнчү (коммерциялык эмес) секторго Словакия өкмөтү көңүл бурган эмес, ошондуктан анын мыйзамдык таянычын бекемдөө процесси өтө жай жүргөн. Бирок бейөкмөт уюмдардын саны өтө тездик менен өсүп келген. Азыркы кезде Словакияда коммерциялык эмес уюмдардын иштөөсүнүн бардык укуктук формаларын, ошондой эле аларды каржылоонун айрым булактарын жөнгө салуучу мыйзамдар бар.

Экономикалык жана коомдук чөйрөлөрдөгү маселелердин окшоштугуна карабастан, кантсе да, Словакия менен Кыргызстан – ар башка өлкөлөр. Словакия – бул парламенттик республика болуп саналган европалык өлкө. Ал эми Кыргызстан – Борбордук Азияда жайгашкан президенттик республика. Ушуга байланыштуу коммерциялык эмес уюмдардын мыйзам чыгаруу процессине катышуу ишмердигинин туруктуулугун жана натыйжалуулугун камсыз кылуудагы парламенттик республиканын тажрыйбасы аны президенттик республиканын шартында колдонуу мүмкүнчүлүгү жагынан изилденди.

Кыргызстан менен Словакиянын мамлекеттик түзүлүштөрүндөгү айырмачылыктарын эске алуу менен, бул отчетто Кыргызстандагы мамлекеттик органдар жана жарандык коом уюмдарынын иштешүүсүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу мүмкүнчүлүгүн бере турган нускамалар сунушталган.

Изилдөөнүн жүрүшүндө бийлик органдары менен ЖКУлардын иштешүүсүнүн натыйжалуулугуна байланышкан маселелер гана эмес, ЖКУлардын иш шарттарын жакшыртуу маселелери да, жарандардын укуктук маалыматтарды алуу мүмкүнчүлүгүн жакшыртуу маселелери да каралды. Ошондуктан долбоорду жүзөгө ашыруунун жүрүшүндө иштелип чыккан нускамалар эки топко бөлүнүп берилди. Биринчи топко мыйзам чыгаруу процессинде ЖКУлардын ишмердигин жөнгө салуучу нускамалар кирет – бул долбоордо негизги басым дал ушул топко жасалды. Экинчи топко КЭУнун туруктуулугун камсыздоо үчүн жана жарандардын укуктук маалымат алуу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү үчүн зарыл болгон шарттарды түзүүгө багытталган нускамалар кирди. Буга ЖКнын депутаттары Словакияга болгон окуу сапарынын жүрүшүндө сунуш кылган, ошондой эле долбоордун словакиялык эксперттери сунуштаган нускамалар

кирди. Жалпысынан бул отчетто биринчи топтун беш суроосу боюнча 39 (отуз тогуз), ошондой эле экинчи топто 9 (тогуз) нускама берилген. Бул нускамалар КРда ЖКУлардын туруктуулугун жана натыйжалуулугун бекемдөө үчүн өбөлгө түзүүгө багытталган. Айрым нускамаларды жүзөгө ашыруу үчүн олуттуу өлчөмдөгү кошумча каржылык ресурстар талап кылынбайт.

Жогоруда айтылгандай, Словакиянын бул чөйрөдөгү натыйжалуу тажрыйбасы Кыргыз Республикасында колдонуу мүмкүнчүлүгү жагынан изилденди. Бул демилгени Словакиянын Эл аралык кызматташтык жана өнүгүү боюнча агенттиги (Slovak Agency for International Development and Cooperation)[1] менен демократияны жана ак ниет мамлекеттик башкарууну өнүктүрүү үчүн жардам көрсөтүү боюнча иш алып баруучу NISPAcee[2] (Борбордук жана Чыгыш Европадагы мамлекеттик башкаруу институттары менен мектептеринин ассоциациясы) колдоого алды.

Изилдөөнүн максатына жетишүү үчүн башкы **милдеттер** катары төмөнкүлөр аныкталган:

- Кыргыз Республикасында чечимдерди кабыл алуу процессин жөнгө салуучу мыйзамдарга талдоо жүргүзүү;
- Кыргыз Республикасында жарандык коом уюмдарынын ишмердигин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларга талдоо жүргүзүү;
- Словакиянын жарандык коом уюмдарынын мыйзам чыгаруу процессине катышуу тажрыйбасын изилдеп, талдоо жүргүзүү;
- Словакиянын тажрыйбасынан Кыргыз Республикасынын шартында ылайыкталып, колдонулушу мүмкүн болгон механизмдерди жана башка ченемдерди аныктоо;
- өлкөнүн мындан аркы демократиялык өнүгүүсү үчүн Кыргыз Республикасынын парламентинин, өкмөтүнүн, министрликтеринин жана ведомстволорунун коомдук жана коммерциялык эмес уюмдар менен кызматташуусун жакшыртуу боюнча нускамаларды иштеп чыгуу.

---

[1] http://www.slovakaid.sk/index/php/article/frontpage/1

[2] http://www.nispa.sk/_portal/homepage.php

## 3. ТЕРМИНДЕР

Кыргызстандын ЖКУлардын иш аракеттерин жана алардын мамлекеттик деңгээлдеги чечим кабыл алуу процессине катышуусун жөнгө салуучу документтерди иликтөөнүн жүрүшүндө изилдөөчүлөр КРнын мыйзамында «жарандык коом», «КЭУ сектору», «коммерциялык эмес уюмдар» сыяктуу түшүнүктөргө аныктама берилбегендигин белгилешти. Бул изилдөөнүн алкагында «коммерциялык эмес уюмдар» жана «КЭУ сектору» деген терминдер ишмердиги КРнын 1999-жылдын 1-октябрында кабыл алынган «Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө» мыйзамы менен жөнгө салынуучу уюмдарды билдирет.

Словакияда жарандык коом уюмдарынын ар бир түрүнүн (саясый партиянын, профсоюздун, фонддун, ассоциациянын, мекеменин ж.б.) ишмердигин өзүнчө мыйзам жөнгө салат.

Аталган иштин максаты жарандык коом уюмдарынын чечимдерди кабыл алуу процессине катышуусун изилдөө деп аныкталган. Ушуга байланыштуу бул отчетто «жарандык коом уюмдары» коммерциялык уюмдар дегенди билдирет.

Ошондой эле бул отчетто «парламенттик угуулар», «коомдук угуулар» жана «коомдук талкуулар» деген терминдер колдонулат. Биринчи эки термин «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин регламенти жөнүндө» жана «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» мыйзамдарында бекитилген маанисинде колдонулду. «Парламенттик угуулар» – бул ратификациялоо үчүн каралган мыйзам долбоорлорун, эл аралык келишимдерди, республикалык бюджеттин долбоорлорун жана анын аткарылышы жөнүндө отчетторду, ошондой эле ички жана тышкы саясат маселелерин талкуулоо үчүн өткөрүлүүчү коомдук жыйындар. «Коомдук талкуулар» – бул ченемдик актылардын долбоорлорун басма сөздө жарыялоо аркылуу талкуулоо, кабыл алуу жана алар боюнча келип түшкөн сунуштарды кароо. «Коомдук угуулар» деп бул басылмада ченемдик документтерди түзүү процессинин жүрүшүндө мамлекеттик органдар тарабынан уюштурулуп өткөрүлүүчү коомдук жыйындар жана жолугушуулар аталды.

## 4. ИЗИЛДӨӨ УСУЛДАРЫ

Изилдөөнүн жүрүшүндө төмөнкү усулдар пайдаланылды: кабинеттик изилдөө, сурамжылоо, кеңири интервью, тегерек столдорду өткөрүү.

Изилдөө иши эки баскычта жүргүзүлдү. Биринчи баскыч – мыйзам жаратуу процессинде мамлекет менен жарандык коомдун кызматташуу чөйрөсүндөгү абалды иликтеп, талдоо (2008-ж. ноябрь – 2009-ж. март). Экинчи баскыч – нускамаларды иштеп чыгуу жана аларды баштапкы талкуудан өткөрүү (2009-ж. март-сентябрь).

2008-жылдын ноябрынан декабрына чейинки аралыкта Кыргыз Республикасындагы жана Словакиядагы мамлекеттик чечимдерди кабыл алуу процессинде ЖКУлардын катышуусун жөнгө салуучу ченемдик укуктук актылар изилденди.

Атап айтканда, Кыргыз Республикасынын төмөнкү ченемдик актыларынын мазмуну талдоого алынды:

- КРнын «Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө» 1999-ж. 1-октябрда кабыл алынган мыйзамы;
- КРнын «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин регламенти жөнүндө», 2005-ж. 3-январда кабыл алынган мыйзамы;
- КРнын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» 1996-ж. 1-июлда кабыл алынган мыйзамы;
- КРнын «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө» 2005-ж. 19-октябрда кабыл алынган Конституциялык мыйзамы;
- КРнын «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагындагы маалыматтарды алуу мүмкүнчүлүгү жөнүндө» 2006-ж. 28-декабрда кабыл алынган мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын 1996-ж. 8-майда кабыл алынган Жарандык кодекси.

Мындан тышкары ЖКУлардын ишмердигин жөнгө салуучу башка ченемдик укуктук актылар изилденди.

Кыргыз Республикасынын мыйзамын талдап изилдөөнүн алгы маалыматтарынын негизинде жалпыланган суроолордун топтому түзүлүп, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары, өкмөттүн, министрликтердин жана коммерциялык эмес уюмдардын өкүлдөрү менен маектешүүдө колдонулду. Интервьюлардын максаты өкмөт менен парламенттин деңгээлинде чечим кабыл алуу

процессине ЖКУлардын катышуусу жагынан негизги өзгөрүүлөрдү аныктоо болгон. Ошондой эле интервьюлар чечим кабыл алуу процессинин жана ЖКУлардын анда катышуусунун көйгөйлүү жактарын аныктап, мындан ары өлкөнүн саясый турмушунун бул тармагындагы абалды жакшыртуу максатында жүргүзүлгөн. Суралуучулар өкмөттүк жана бейөкмөт түзүмдөрдүн иштешүү процессине тиги же бул деңгээлде тиешеси бар адамдардын арасынан тандалган. Мамлекеттик бийлик өкүлдөрү менен 25 интервью жана бейөкмөт түзүмдөрдүн өкүлдөрү менен 30 интервью жүргүзүлгөн.

Алынган маалыматтарды баштапкы талдоодон өткөргөндөн кийин Словакияга окуу сапары боюнча программа ишке ашырылган. 2009-жылы 14–22-мартта Кыргызстандын Жогорку Кеңешинин, өкмөтүнүн, БӨУлардын жана эксперттик коомчулугунун өкүлдөрү Словакиянын азыркы кездеги мамлекеттик бийлик жана башкаруу органдарынын коммерциялык эмес уюмдары менен иштешүү тажрыйбасын үйрөнүп келишти. Сапардын жүрүшүндө төмөнкүлөр изилденди:

- Мыйзам чыгаруу жол-жоболору;
- Словакиядагы «электрондук өкмөттүн» иштөөсү;
- ЖКУлардын кызыкчылыктарын коргоодогу Словакиянын тажрыйбасы;
- Словакия Республикасынын Улуттук кеңеши (парламенти);
- Бейөкмөт (коммерциялык эмес) уюмдардын маселелери боюнча Словакия өкмөтүнүн алдындагы Кеңештин иш-аракети;
- Словакия Республикасынын Ички иштер министрлигинин алдындагы БӨУларды каттоого алуу ишине жооп берүүчү коомдук башкаруу бөлүмүнүн ишмердиги;
- Словакиядагы социалдык ишканалардын ишмердиги.

Ошондой эле словакиялык жана кыргызстандык эксперттер менен окуу сапарынын угуучуларынын катышуусундагы «тегерек стол» форматында бир катар талкуулар жүргүзүлдү.

Изилдөөнүн экинчи баскычы окуу сапары аяктагандан кийин, 2009-жылы март айынын аягында башталды. Эң оболу, мыйзам жаратуу процессине ЖКУлардын катышуусу боюнча Словакия менен Кыргызстандын тажрыйбасын салыштырып талдоо жүргүзүлдү. Натыйжада, Словакиянын тажрыйбасынын негизинде, Кыргыз Республикасында пайдаланууга ылайык бир катар нускамалар иштелип чыкты. Аталган нускамалар бул отчетто чагылдырылган.

Бейөкмөт уюмдар үчүн алардын мамлекеттик деңгээлде мыйзам жаратуу процессине катышуусунун формалары жана натыйжалуулугу жөнүндө түшүнүк алууга, ошондой эле сунуш кылынган нускамалар боюнча алардын ой-пикирин билүүгө мүмкүнчүлүк берүүчү суроолордун топтому түзүлгөн. 2009-жылдын май-июнь айларында бул суроолордун топтому 350 бейөкмөт уюмуна электрондук дарек же факс аркылуу жиберилген, же болбосо тиги же бул коммерциялык эмес уюмдун өкүлү аркылуу берилген. Толтурулган анкеталар Кыргыз Республикасынын ар түрдүү облустарындагы 62 бейөкмөт уюмунан келип түштү.

Бул отчетто берилген нускамалар кеңири талкуудан өткөрүлүп, 2009-жылдын сентябрынын экинчи жарымында Бишкекте өткөн улуттук тегерек столдун катышуучуларына тааныштырылып, жалпысынан алардын жактыруусуна ээ болгон.

## 5. МЫЙЗАМ ЖАРАТУУ ПРОЦЕССИНДЕ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫ МЕНЕН ЖАРАНДЫК КООМ УЮМДАРЫНЫН КЫЗМАТТАШУУСУНУН НАТЫЙЖАЛУУЛУГУН ЖОГОРУЛАТУУ БОЮНЧА НУСКАМАЛАР

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына талдоочу сереептин, аны Словакиянын ийгиликтүү укуктук жана практикалык тажрыйбасы менен салыштыруунун, ошондой эле, КРда өткөрүлгөн интервьюлардын, анкета жүргүзүүнүн жана тегерек столдордогу талкуулардын жыйынтыгында мамлекеттик бийлик органдары менен ЖКУлардын иштешүүсүнүн натыйжалуулугун арттыруу үчүн төмөнкү багыттарда иш жүргүзүү баарынан зарыл экендиги аныкталды:

- Өлкөдөгү чечим кабыл алуунун бардык баскычтарында, мунун ичинен парламентте жана өкмөттө мыйзам жаратуу процессине ЖКУлардын катышуусу;
- ЖКУлардын укуктук маалымат алуу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү.

Берилген нускамаларда аларды ишке ашыруунун жол-жоболору да чагылдырылган.

***Нускамалар***

1. Мыйзам жаратуу процессинде коомчулуктун маалымат алуу мүмкүнчүлүгүн Интернет-порталдар аркылуу камсыз кылуу.
2. Ченемдик укуктук актылардын бирдиктүү мамлекеттик порталын түзүү.
3. Мамлекеттик борбордук кеңеш берүүчү органын түзүү.
4. КЭУ менен мамлекеттик башкаруунун борбордук органдарынын ортосундагы пикир алмашууга көмөк көрсөтүү.
5. Жарандарга мыйзам чыгаруучу субъектилерге мыйзам долбоорун даярдоону же кароону токтотуу сунушу менен кайрылуу укугун берүү.
6. Ченемдик актылардын долбоорлорун экспертизадан өткөрүүгө коомчулуктун катышуусу.
7. Аткаруу бийлигинин мыйзам чыгаруу ишмердигинин жүрүшүндө коомдук талкууларды өткөрүү.
8. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде парламенттик угууларды өткөрүү жана мыйзам чыгаруу процессине коомчулуктун катышуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу.
9. Парламенттик угууларды өткөрүү мөөнөттөрүн жана аларга чакыруунун принциптерин белгилөө, аларды сактоо.
10. Коомчулуктун сунуштарын эске алуу.
11. Угуунун жыйынтыктарын Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин отурумунда талкуулоо.
12. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин ишинде парламенттик жол-жоболордун сакталышына коомдук көзөмөл орнотуу.

### ***5.1. Мыйзам жаратуу процессинде коомчулуктун маалымат алуу мүмкүнчүлүгүн Интернет-порталдар аркылуу камсыз кылуу.***

#### ***Словакиянын ийгиликтүү тажрыйбасы жана укуктук негиздери***

Демократиялык өнүгүүнү камсыздоо үчүн мыйзам жаратуу процессинде БӨУлар жана коомчулук катышууга тийиш. Андыктан ар бир мыйзам долбоору боюнча маалыматты эркин алуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу зарылдыгы бар. Коомчулуктун мый-

зам жөнүндөгү маалыматка (мыйзам булактарын) оңой жетишүү, ошондой эле тиги же бул мыйзам актыларын өзгөртүү боюнча сунуштарды киргизүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу – «электрондук өкмөттүн» маанилүү милдети.

Словакия Республикасында аталган шарттын негиздери «Маалыматка эркин жетишүү жөнүндө» мыйзамда жазылган. Бул мыйзамдын жол-жобосуна ылайык, коомчулуктун өкүлдөрү Интернеттен (ченемдик укуктук актылардын порталы аркылуу, кийинки нускаманы караңыз) тиги же бул мыйзам долбоорунун ведомстволор аралык деңгээлде калыптанышынан тартып парламент тарабынан кабыл алынышына чейинки анын иштелип чыгуу процессине тийиштүү бардык зарыл материалдарды таба алат.

Электрондук маалыматтан пайдалануу мүмкүнчүлүгү коомдун маалыматка жетишүү деңгээлин аныктайт да, «электрондук өкмөттүн» ишинин сапатына таасир тийгизет.

Словакия Республикасы бул тармакта ЕШтин жана БУУнун документтерине ылайык өз милдеттенмелерин аткарып, иш жүргүзөт жана телекоммуникациялык өнүгүү боюнча ар төрт жылда өткөрүлүүчү дүйнөлүк конференцияларга катышат. Бул тармакта Словакия бир катар иштиктүү кадамдарды жасады. Алсак, 2007-жылы маалыматтуу коомду калыптандыруу маселелери боюнча өкмөттүк мекеме түзүлгөн. Кеңеш берүүчү туруктуу бул органды Словакия өкмөтүнүн өкүлү жетектейт. Бул органдын милдетине маалыматтуу коомду калыптандырууга байланышкан маселелерди чечүү кирет. Мамлекеттик бөлөк борбордук органдар, атап айтканда, Транспорт, почта жана катнаш министрлиги, бул тармактагы башка милдеттерди аткарышат. Мындан тышкары, маалыматтарга эркин жетишүү укугу боюнча натыйжалуу мыйзам негиздери жана ал укукту камсыз кылуунун жол-жоболору иштелип чыккан.

ЖКУлардын мыйзам жаратуу процессине катышуусу кабыл алынуучу ченемдик укуктук актылардын натыйжалуулугун жогорулатышы керек. Жарандык коом уюмдары ишке ашырылыш жана кетирилүүчү каражаттары жагынан эң натыйжалуу, үнөмдүү саясый чечимдердин иштелип чыгышын камсыздай алышат. ЖКУ мыйзам жаратуу процессине мыйзам долбоорун иштеп чыгуунун жана бекитүүнүн бардык баскычында электрондук түрдө берилүүчү тийиштүү маалыматка эркин жетишүү мүмкүнчүлүгүн камсыздоо аркылуу тартылышы керек.

***Кыргызстандагы кырдаалга сереп***

> «Кээде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде талкуулана турган мыйзам долбоорун табуу өтө кыйын болот. Мыйзам долбоорунун электрондук версиясы Жогорку Кеңештин веб-сайтында жок болгондуктан, долбоордун мазмуну менен таанышуу үчүн түздөн-түз депутаттарга же алардын жардамчыларына кайрылууга туура келет».
>
> *КЭУдагы маектеш*

Кыргыз Республикасында 2006-жылы 28-декабрда «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагындагы маалыматтарга жетишүү мүмкүнчүлүгү жөнүндө» мыйзам кабыл алынган. Ал жарандын маалымат алуу укугунун шарттарын аныктайт. Бирок аталган мыйзам иш жүзүндө ойдогудай аткарылбай келет, демек, өлкө жарандарынын, жарандык коом уюмдарынын маалымат алуу жагынан мүмкүнчүлүгү толук жетиштүү эмес.

Жогоруда аталган мыйзамга ылайык, мамлекеттик органдар, алардын ичинен Жогорку Кеңеш да коомчулукту ченемдик укуктук документтердин электрондук версияларын алуу мүмкүнчүлүгү менен камсыз кылууга тийиш. Бирок иш жүзүндө мыйзам долбоорун кароонун жана аны кабыл алуунун жүрүшүндө эркин маалымат алуу тутуму Кыргыз Республикасында толук эмес жана тийиштүү деңгээлде иштебейт. Мисалы, Жогорку Кеңештин расмий веб-сайтында (www.kenesh.kg) бардык кабыл алынган жана каралып жаткан мыйзам долбоорлору, аларга тийиштүү материалдар (мисалы, негиздеме маалымкат) толук жайгаштырылган эмес. Муну 2008-жылы декабрда жана 2009-жылы июлда ушул изилдөөнүн алкагында маектин жүрүшүндө БӨУлардын өкүлдөрү белгилешкен. Долбоордун эксперттери 2009-жылы жаз-жай айларында КРнын ЖКнын веб-сайтынын материалдарын талдаганда, бул факты ырасталды. Алсак, 2009-жылдын май айында КРнын Жогорку Кеңеши «Ченемдик укуктук актылар» жөнүндө мыйзам кабыл алган, бирок 2 ай өткөндөн кийин да аталган мыйзамдын текстин ЖКнын веб-сайтынан табуу мүмкүн эмес болуп чыкты. Ушундай эле жагдай Жогорку Кеңеш 2009-жылы июнда «Жаштар саясатынын негиздери жөнүндө» мыйзамын кабыл алаарда кайталанды. Аталган мыйзамдын тексти веб-сайтка жайга-

штырылган эмес, ошондуктан аны иштеп чыгууга катышкан жаштар уюмдары ал текстти ЖКдан суроого аргасыз болушкан.

Интервьюлардын жүрүшүндө БӨУлардын өкүлдөрү Жогорку Кеңештин мыйзам жаратуу боюнча бир жумалык планы менен таанышууга мүмкүнчүлүктөрү жок экендигин айтышты. Себеби парламенттик сайтта мыйзам долбоорлорунун келип түшкөндүгү, кайсы комитетке, бөлүмгө берилип жаткандыгы жөнүндө өз убагында жана толук маалымат берилбейт. Андан тышкары, парламенттин веб-сайтында КР ЖКнын бир айлык календарлык планы жөнүндө маалымат да болот, бирок ал да көбүнчө кечиктирилип жана толук эмес жайгаштырылат.

«Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин регламенти жөнүндө» мыйзамда коомчулуктун бир катар документтердин электрондук версиясын алуу тартиби жазылбагандыгын белгилей кетүү керек. Ушул жагдай КР ЖКнын веб-сайтында маалыматтардын так эмес жана ыраатсыз чагылдырылышына себеп болушу ыктымал. Атүгүл документтерди расмий парламенттик сайтка жайгаштыруунун мөөнөтү да аныкталбаган. Бир катар мамлекеттик органдардын өкүлдөрү сайтта документтерди жайгаштыруу мөөнөтүн бекитүүнүн зарылдыгы жок деп эсептейт. Бирок бул отчеттун авторлору конкреттүү мөөнөттөрдү белгилөө коомчулуктун өз убагында маалымат алуусуна, ошондой эле жарандарга маалыматтын өз убагында берилишине мамлекеттик органдардын жетекчиликтеринин катуу көзөмөлүн орнотууга өбөлгө түзмөк деген көз караш турат.

Жалпысынан БӨУлардын өкүлдөрү тиги же бул маалыматты талап кылууда көп учурда «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагындагы маалыматтарга жетишүү жөнүндө» мыйзамга таянарын белгилешти.

Изилдөө аяктап жаткан мезгилде Кыргызстандын президенти «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» жаңыртылган мыйзамга кол койгондугу белгилүү болду. Аталган мыйзамдын 22-беренесинде («Коомдук талкууну уюштуруу») ченемдик укуктук актылардын (ЧУА) долбоорлорунун тексттери менен таанышуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу жана алар боюнча коомдук талкууларды жүргүзүү максатында ченемдик актыларды чыгаруучу органдын расмий сайтында бул документтерди жайгаштыруу каралган.

***Нускамалар***

1. КРнын «Кыргыз Республкасынын Жогорку Кеңешинин регламенти жөнүндө» мыйзамына кошумчалоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү.

Бул мыйзамдын эки беренесинде расмий маалыматты Интернет-сайтта жалпыга билдирүүнүн ченемдери камтылган. Атап айтканда, 78-беренеде ЖКнын, анын комитеттеринин жана убактылуу комиссияларынын, ошондой эле депутаттык фракциялардын айрым отурумдарынын стенограммалары менен протоколдору ЖКнын расмий сайтына басылып чыгат деп көрсөтүлгөн. 89-беренеде парламенттик угуу ЖКнын аппараты тарабынан протоколдонуп, стенографиялана тургандыгы жана парламенттик ачык угуунун нускамалары басма сөздө жарык көрөрү белгиленген. Бирок аталган мыйзамда расмий парламенттик сайтта жайгаштырлышы керек болгон Жогорку Кеңештин башка расмий маалыматтарын, атап айтканда, кабыл алынган мыйзамдарды, пленардык отурумдардын, комитеттердин отурумдарынын күн тартиби, бир айлык календарлык пландары жөнүндө маалыматтарды коомчулук менен БӨУларга жеткирүүнү камсыздоочу ченемдер каралган эмес.

Бул айтылгандарга байланыштуу төмөнкүдөй сунуштарды айтабыз:

а) КРнын «Кыргыз Республкасынын Жогорку Кеңешинин регламенти жөнүндө» мыйзамын жаңы берене менен толуктап, аны төмөнкүдөй редакцияда жазуу керек: «Жогорку Кеңештин аппараты кабыл алынган мыйзамдардын тексттерин, пленардык отурумдардын жана комитеттердин отурумдарынын күн тартибин, ошондой эле бир айлык календарлык пландарын (электрондук варианттарын) парламенттин расмий сайтында жайгаштыруу аркылуу бул документтер менен таанышуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат».

б) КРнын ЖКнын расмий сайтында материалдарды жайгаштыруунун мөөнөтүн так белгилөө керек. Атап айтканда:

- КРнын ЖКга келип түшкөн бардык мыйзам долбоорлорун, ошондой эле алар коштолгон бардык материалдарды жайгаштыруу үчүн 3 (үч) иш күнү;
- КРнын ЖК тарабынан кабыл алынган жана КРнын президентине жиберилген мыйзамдын тексттерин жайгаштыруу үчүн 5 (беш) иш күнү;

- ♦ четке кагылган мыйзам долбоорлорун жайгаштыруу үчүн 3 (үч) иш күнү.
- ♦ комитеттердин отурумдарынын жана пленардык отурумдардын күн тартибине киргизилген суроолордун тизмеси календарлык жума башталардан 3 (үч) иш күнү мурда жайгаштырылышы керек.

2. КРнын «Ченемдик укуктук актылар жөнүндө» жаңыланган мыйзамында коомдук талкууга алынуучу маселеге тиешелүү документтерди (негиздеме маалымкатты, экспертизалардын бүтүмдөрүн, коомдук талкуулардын натыйжаларын ж. б.) ченемдик актыларды жаратуучу органдын расмий сайтына (сайты бар болсо) милдеттүү түрдө жайгаштыруу аркылуу элге жеткирүү мөөнөтүн белгилөө керек.

### *5.2. Ченемдик укуктук актылардын бирдиктүү мамлекеттик порталын түзүү.*

#### *Словакиянын ийгиликтүү тажрыйбасы жана укуктук негиздери*

Мыйзам долбоорлорун электрондук жол менен алуу мүмкүнчүлүгү аларды иликтеп, талкуулоонун жана мыйзам чыгаруу боюнча сунуштарды киргизүүнүн зарыл ыкмасы болуп саналат. Ошондой эле бул ыкма коомчулуктун мамлекеттик башкарууга жана мамлекеттик деңгээлде чечимдерди кабыл алууга катышуу принцибин чагылдырат.

Словакия Республикасында өкмөттүн чечиминин негизинде ченемдик укуктук актылардын Интернет порталы түзүлгөн, ал коомчулук үчүн акысыз электрондук маалымат базасы бар. Ал иш жүзүндө коомчулукка мыйзамдар жөнүндөгү жана укуктук маалыматтарды эркин алуу, ошондой эле саясый чечимдерди кабыл алуу процессине катышуу мүмкүнчүлүгүн берет. Бул тутум 2008-жылдын 1-июнунан бери өкмөттүн чечиминин негизинде түзүлгөн мамлекеттик биргелешкен малыматтык тутумдун бөлүгү катары иштеп келет. Порталдын тутумдук администратору жана оператору – Словакия Республикасынын Адилет министрлиги.

Ченемдик укуктук актылардын порталынын негизги милдети – мыйзам жаратуу процессинин жүрүшүнө сырткы жана ички көзөмөл жүргүзүп, тармактар боюнча саясый чечимдерди чыгарууга жарандарды, ЖКУларды катыштыруу. Портал эки режимде иштейт.

Биринчи режим – тутумга *пассивдүү кирүү*. Бул портал маалыматтык милдетти аткарат дегенди билдирет. Портал ведомстволук (министрлик) деңгээлден тартып ченемдик актылардын (мисалы, өкмөттүн токтомдорунун же мыйзамдардын) Словакиянын өкмөтү же парламенти тарабынан бекитилишине чейинки мыйзам жаратуу процессинин жүрүшүндө талкуулануучу документтерди архивдештирет жана аларды изилдөө ишин жүргүзөт. Бул портал жарандардын укуктук документтерди таап, билишине жардам берет. Мамлекеттик органдардын мыйзамдык актылары да порталга жайгаштырылат. 2009-жылы портал 1945-жылдан бери кабыл алынган милдеттүү түрдө аткарылууга тийиш болгон укуктук актылардын электрондук жыйнагынын эсебинен кеңейтилиши керек эле. Ошентип, бул сайттан мыйзам долбоорлорун гана эмес, күчүндө турган бардык ченемдик укуктук актыларды бардык оңдоо-түзөтүүлөрү менен бирге табууга болот.

Порталдын иштешинин экинчи режими – андан *активдүү пайдалануу*. Мында бардык мыйзам долбоорлору аларды коштоочу бардык материалдар менен бирге жайгаштырылат. Биринчиден, мамлекеттик органдар (тийиштүү минстрликтер), өкмөт жана парламент мыйзам актысын иштеп чыгып жатып долбоордун текстин сөзсүз түрдө порталга жайгаштырат, ошондой эле мыйзам чыгаруу жол-жобосунун жүрүшүндө порталга жайгаштырылган документке киргизилген толуктоолорду чагылдырып, аны жаңылап турат. Экинчиден, мамлекеттик органдар, юридикалык жактар жана жеке адамдар (коомчулук) бардык мыйзам долбоорлоруна карата өз ой-пикирлерин жана сунуштарын портал аркылуу гана билдире алышат. Ар ким порталдан бардык жиберилген ой-пикирлерди окуп, мыйзам долбоорунун демилгечиси аларга кандайча жооп бергендигин көрө алат.

Мыйзам долбоорунун демилгечиси ким (мамлекеттик орган, өкмөт же парламент мүчөсү) экендигине карабастан, ченемдик укуктук актылардын порталы бүтүндөй мыйзам жаратуу процессин бириктирип турат. Ошентип, портал коомчулукка мыйзам жаратуу процессине активдүү жана абдан оңой катышуу мүмкүнчүлүгүн берет.

***Кыргызстандагы абалга сереп***

Кыргызстанда мамлекеттик органдар тарабынан демилгеленип, каралып жана талкууланып жаткан мыйзам долбоорлорунун, алардын ичинен КРнын ЖКнын мыйзам долбоорлорун, ошондой эле кабыл алынган мыйзамдардын тизмегин камтыган мамлекеттик бирдиктүү Интернет-портал жок.

Мыйзам долбоорунун тексти тийиштүү мамлекеттик органдын веб-сайтында жайгаштырылган болсо гана, коомчулук аны менен тааныша алат. Ал эми тигил же бул мыйзам долбоорун иштеп чыгуу, талкуулоо учурунда мамлекеттик органдарынын коомчулук жана ЖКУ менен кайра байланыш түзүү жагынан иштин абалы андан да начар. (БӨУлардан алынган интервьюлардын жыйынтыктары).

Бул маселе мыйзам долбоорлорун демилгелөөчү бардык мамлекеттик органдар үчүн актуалдуу. Мамлекеттик органдардын веб-сайттарында келип түшкөн ой-пикирлер боюнча кайра байланышты камсыз кылуу жагынан техникалык мүмкүнчүлүктүн жоктугу натыйжалуу пикир алмашууга тоскоолдук кылат.

> Браун университетинин (АКШ) изилдөөсүнө[1] ылайык, 2007-жылы Кыргызстанда «электрондук өкмөттүн» өнүгүү индекси 22,4кө барабар болгон (эң жогорку натыйжага Түштүк Корея жетишкен – индекс 60,3). 2006-жылы Кыргызстанда жүргүзүлгөн изилдөөнүн[2] натыйжалары боюнча G2C (government to citizen, б. а. «жарандар үчүн мамлекет») көрсөткүчү боюнча агрегацияланган индекс 0,46ны түздү. Мында мамлекеттик сайттардын санынын мамлекеттик органдардын санына карата катышын аныктоочу индекс эң жогору (0,75), ал эми эң төмөн индекстердин бири каралып жаткан мыйзам долбоорлорун он-лайн тартибинде окуу жана аны талкуулоо мүмкүнчүлүгүнүн индекси (0,25) болгон.

---

[1] Даррел М. Вест. Электронное правительство в разных странах мира. 2007. Центр общественнной политики, Университет Брауна, www.insidepolitics.org/egovt07int.pdf

[2] Обзор ИКТ-сектора Кыргызстана – 2005. – Бишкек: 2006. www.pic.gov.kg/.../Obzor_Sostoiania_Sectora_ICT%20-2005.pdf

Мисалы, КРнын Адилет министрлигинин расмий веб-сайттында (www.minjust.gov.kg) мыйзам чыгаруу ишмердигине тиешелүү кеңири маалыматтар: КРнын аткаруу бийлик органдары тарабынан демилгеленген мыйзам долбоорлорунун тизмеги; КРнын укуктук актыларынын базасы; мыйзам долбоорлору боюнча өлкөнүн өкмөтүнүн бир жылдык иш планы камтылган. Бирок бул веб-сайт интерактивдүү эмес – анда талкууланып жаткан мыйзам долбоорлоруна карата ой-пикирлерди билдирүү мүмкүнчүлүгү жана келип түшкөн сунуштарга жооп берүү үчүн кайра байланыш каралбаган. Веб-сайтта анда жайгаштырылган ченемдик укуктук актылардын долбоорлору боюнча сунуштарды жана ой-пикирлерди долбоорду алгач иштеп чыккан органдарга жиберүү жөнүндө кеңеш гана бар.

***Нускамалар***

Кыргызстанда бирдиктүү мамлекеттик укук маалыматынын Интернет-тутумун (укуктук актылардын корпоративдик порталын) түзүү мамлекет менен жарандык коомдун карым-катышын иштиктүү жана конструктивдүү кызматташтык нугуна салууга жардам берет. Мындай портал бийликтин мыйзам чыгаруучу жана аткаруучу бутактары үчүн бирдиктүү болушу зарыл. Анда тиги же бул мыйзам долбоорунун иштелип чыгышынан тартып парламент тарабынан кабыл алынышына чейинки бардык тийиштүү материалдар жайгаштырылышы керек.

Мындай портал – мамлекеттик бийлик органдарынын ишмердиги жөнүндө жарандын маалымат алуу укугун, ошондой эле анын мамлекеттик башкаруу процессине катышуу укугун камсыз кылуучу маанилүү каражат. Коомчулук ар бир мыйзам долбоору боюнча өз ой-пикирлерин бул портал аркылуу жибере алат, ал эми ал долбоорду демилгелеген орган ар бир ой-пикирге жооп берүүгө милдеттүү болот.

Төмөнкүлөр сунуш кылынат:

1. Кабыл алынган бардык мыйзамдардын тексттерин, ошондой эле бардык мыйзам долбоорлорунун тексттерин камтыган маалыматтык укуктук Интернет порталын түзүү керек**.** Бул мыйзам долбоорлорунун иштелип чыгышынан баштап коомчулуктун аларды талкуулоого катышуусуна мүмкүнчүлүк берет.

2. Коомчулукту ар бир мыйзам долбоору боюнча өз ой-пикирин портал аркылуу жиберүү мүмкүнчүлүгү менен камсыз кылуу керек. Бул жарандарга өздөрүнүн маалымат алуу жана мамлекеттик башкарууга катышуу укугун жүзөгө ашыруу мүмкүнчүлүгүн берет.
3. Мыйзам долбоорунун авторунун келип түшкөн ой-пикирлерге веб-сайт аркылуу жооп беришин көнүмүшкө айландыруу керек.
4. Мыйзамдардын жана мыйзам долбоорлорунун азыркы кездеги бардык маалымат базаларын өкмөттүк бирдиктүү электрондук тутумга бириктирүү керек.
5. Мыйзамдык актылардын тексттерин министрликтер менен мамлекеттик органдардын веб-сайттарында жайгаштыруу керек.

Словакиянын тажрыйбасына таянуу менен, жогоруларды нускамаларды ишке ашырууга байланышкан бир катар маанилүү нерселерди белгилей кетүү зарыл:

- ♦ аталган нускамаларды ишке ашыруунун натыйжалуулугу көбүнесе мамлекеттик каржылоонун деңгээлине жараша болот (ал жетиштүү болушу зарыл);
- ♦ аталган тутумдун негиздөөчүсү мамлекеттик орган болушу керек. Ал орган бийликтин борбордук аткаруучу жана мыйзам чыгаруучу бутактарынын бардык органдарын мыйзам долбоорлоруна тиешелүү материалдарды бирдиктүү порталга жайгаштырууга милдеттендирүү укугуна ээ болушу керек;
- ♦ бул иштеги алгачкы зарыл техникалык кадам – мындай тутумду түзүү үчүн аткаруучуну (маалымат-катнаш технологиялары (МКТ) компаниясын) тандап алуу. Андан соң тутумдун операторуна жана администраторуна байланыштуу, ошондой эле тутумдун техникалык мазмунуна тиешелүү бардык суроолор боюнча чечимдер кабыл алынышы керек;
- ♦ тутумду пайдалануунун техникалык жана укуктук жагдайлары тиркемеде толук көрсөтүлүшү зарыл, бирок мамлекеттик органдардын, өкмөттүн жана парламенттин негизги милдеттери (мисалы ар бир ой-пикирди кароо милдети) тийиштүү мыйзамдарда белгилениши керек;
- ♦ ар бир мамлекеттик органдын системада белгилүү бир ишмердикти жүргүзүүгө укуктуу, атайын билими бар кызматтерлери, ошондой эле тийиштүү программалык продукту болушу керек.

### *5.3. Мамлекеттик борбордук кеңеш берүүчү органды түзүү.*

#### *Словакиянын ийгиликтүү тажрыйбасы жана укуктук негиздери*

Борбордук мамлекеттик башкаруу деңгээлинде иштөөчү эксперттик кеңеш берүүчү тутумдун болушу – мыйзам жаратуу процессиндеги маанилүү демократиялык шарт. Мындай тутум өкмөтүүн көз карандысыз эксперттер менен кызматташууга жана мыйзамдарга киргизилиши болжолдонгон өзгөртүүлөр, алардын жалпы коомчулукка тийгизер турган таасири боюнча эксперттер менен кеңешүүгө болгон эркин билдирет. Мамлекеттик кеңеш берүүчү органдар коом өкүлдөрүнүн мыйзам жаратуу процессинин жүрүшүндө кесипкөй пикир билдирип турушуна кепилдик берет, ошондой эле мыйзам долбоорун түздөн-түз өзгөртүүгө мүмкүнчүлүк түзөт.

Словакия Республикасында мамлекеттик эксперттик-кеңеш берүүчү органдардын абдан күчтүү тутуму түзүлгөн. Азыркы кезде Словакия өкмөтүнүн 26 иштеп жаткан кеңеш берүүчү органы бар. Алар негизинен көз карандысыз эксперттерден, мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана ЖКУлардын өкүлдөрүнөн турат. Бул органдардын ачык колдонулуучу бардык материалдары өкмөттүн веб-сайтында жайгаштырылат. Кеңеш берүүчү органдар өкмөттүн көрсөтмөсү боюнча конкреттүү тапшырмаларды аткарат да, мамлекеттик мыйзам жаратуу жол-жобосунда көз карандысыз эксперт катары катышат.

ЖКУлардын кызыкчылыктарын коргоо үчүн кеңеш берүүчү органдардан сырткары, өкмөтүүн чечиминин негизинде түзүлгөн Бейөкмөт (коммерциялык эмес) уюмдардын маселеси боюнча өкмөттүк кеңеш да маанилүү роль ойнойт. Аталган кеңеш КЭУ секторунун гуманитардык жардам жана кайрымдуулук, балдарга, жаштарга көмөктөшүү спорт, билим берүү, адам укугун коргоо, саламаттык сактоо, маданият, айлана-чөйрөнү коргоо жана аймактарды өнүктүрүү боюнча ишмердигине колдоо көрсөтөт.

Кеңештин төрагасы – премьер-министрдин Европа иштери, билимдүү коом, адам жана аз сандагы топтордун укугун коргоо боюнча орун басары. Кеңештин курамына мамлекеттик мекемелердин өкүлдөрү (16 мүчө), ошондой эле негизги бейөкмөт (коммерциялык эмес) уюмдардын жана ар кандай багыттагы ассоциациялардын

өкүлдөрү (20 мүчө) кирет. Бул кеңеш берүүчү органдын саясый жана саясый эмес экспертизасы бар дегенди билдирет. Кеңештин ыйгарымдуу милдеттерине төмөнкүлөр кирет:

- өкмөттүн КЭУ секторуна тийиштүү чечимдери үчүн концептуалдуу материалдарды иштеп чыгуу жана баалоо;
- үчүнчү сектордун ишмердигин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун иштеп чыгуу жана баалоо;
- ЖКУлардын эң татаал маселелерин чечүү үчүн эксперттик жумушчу топторду түзүү.

Өкмөттүк кеңеш үчүнчү сектордун кызыкчылыгына тиешелүү бардык мыйзам долбоорлорун талкуулоого катышууга жана мыйзам долбоорунун тиги же бул жобосун өзгөртүү боюнча сунуш киргизүүгө укуктуу.

Словакия өкмөтү мыйзам долбоорлорун өкмөттүн тийиштүү кеңеш берүүчү органдары карап чыккандан кийин, б. а. өкмөт бардык көз караштар жөнүндө маалыматка ээ болгондон кийин гана карайт.

Өкмөттүн кеңеш берүүчү органдарын башкарууга чоң чыгымдар же кошумча уюштуруучулук түзүм талап кылынбайт, себеби бул органдардын ишмердигин өкмөттүк аппараттын тийиштүү департаменти жетектейт. Органдар өз жолугушууларын өткөрүү үчүн өкмөттүк жайларды пайдаланат.

### *Кыргызстандагы абалга сереп*

Кыргыз Республикасында КРнын Президентинин 2008-жылдын 1-декабрындагы № 426-буйругунун негизинде Коомдук палата түзүлгөн. «КРнын Коомдук палатасы жөнүндө» мыйзам долбоору даярдалган. Жогорку Кеңештин төрагасынын алдында эксперттик кеңеш, ошондой эле ЖКнын комитеттеринин эксперттик топтору түзүлүп, аларга көз карандысыз эксперттер кирген. Министрликтердин алдында ЖКУлардын өкүлдөрүнөн турган коомдук кеңештер түзүлгөн. Ал гана эмес, Президенттин катчылыгынын жетекчиси жана өлкөнүн бир катар ири БӨУлары тарабынан 2009-жылдын 5-майында кол коюлган «Кыргыз Республикасынын бийлиги менен жарандык коомунун уюмдарынын иштешүүсүнүн негиздери жөнүндө» Ачык макулдашуу да бар. Ошентсе да, өлкөдө мыйзам жаратуу процессинде ЖКУлардын кызыкчылыгын билдирүүчү кеңеш же орган жок.

***Нускамалар***

Президенттик аппараттын (же Катчылыктын) алдында же өкмөттүк аппараттын алдында мыйзам жаратуу процессинде жарандык коомдун кызыкчылыгын билдирүүчү кеңеш берүүчү органды түзүү керек. Мыйзам жаратуу процессинде кеңеш берүүчү органдын жогоруда аталган органдар менен түздөн түз кызматташуусун камсыз кылуу зарыл. Бул кеңеш берүүчү органдын негизги милдеттеринин бири – үчүнчү сектордун ишмердигин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун баалоо жана тийиштүү органдарга өзүнүн баалоочу бүтүмдөрүн берүү.

Кеңеш берүүчү орган жөнүндө (веб-сайтта басылып чыккан) Устав жана Жобо ал органдын мүчөлөрүнүн мыйзам жаратуу процессине катышуу жол-жоболорун жана усулдарын аныктайт. Бул нускаманын жүзөгө ашырылышы кошумча изилдөөлөрдү жүргүзүүгө, ошондой эле азыркы кезде иштеп жаткан ушуга окшош бардык кеңештердин ишмердигин кайра карап чыгууга шарт түзөт.

### ***5.4. ЖКУ менен мамлекеттик башкаруунун борбордук органдарынын ортосундагы үзгүлтүксүз баарлашууну жүргүзүү.***

***Словакиянын ийгиликтүү тажрыйбасы жана укуктук негиздери***

Өнүгүүнүн ар бир багыты боюнча күтүлгөн натыйжаларга жана коюлган максаттарга жетүү үчүн өз ара байланыштын болушу абдан маанилүү. Үчүнчү сектор менен мамлекеттик органдардын ортосундагы байланыш расмий (формалдуу) жана бейформал жолдор менен түзүлүшү мүмкүн. Расмий жолу жогоруда аталган нускамаларда берилген – бул мамлекеттик эксперттик-кеңеш берүүчү органды түзүү жолу. Ал эми байланыштын бейформал ыкмаларынын бири – ЖКУ менен өкмөттүн же башка мамлекеттик органдардын (агенттиктердин жана парламенттин) өкүлдөрүнүн расмий эмес тегерек столдорду үзгүлтүксүз өткөрүп туруу. Мындай иш-чаралардын максаты – ар түрдүү маселелер боюнча көз караштарды ачык жана эркин талкуудан өткөрүү, ошондой эле башка формалдуу талкуулар үчүн материалдарды топтоп даярдоо.

Бейформал байланыш ар бир катышуучу тарап үчүн абдан пайдалуу болушу мүмкүн, ал түшүнбөстүктүн алдын алып, пикир келишпестиктерди мыйзам жаратуу ишмердиги расмий мыйзам жаратуу нугуна түшкөнгө чейин чечүүгө жардам берет. Бейформал жолугушуулар зарылдыгына жараша өткөрүлүп турушу керек.

Расмий байланыштын дагы бир каражаты катары тийиштүү мамлекеттик органдарда ЖКУ үчүн атайын бөлүмдөрдү же атайын жөнгө салуучу кеңсе ачууга болот. Мындай атайын кеңсе, мисалы, Хорватияда түзүлгөн (http://www.uzuvrh.hr./defaulting.aspx).

Бир нече жыл мурун Словакиядагы БӨУлардын ишмердигине тиешелүү чечимдерди (мисалы, киреше салыгынын 2%ын КЭУнун пайдасына чегерүүнүн жол-жобосуна 2005 жана 2006-жылдары сунуш кылынган өзгөртүүлөрдү же 2007–2008-жылдары Коомдук бирикмелер жөнүндө жаңы мыйзамды) мамлекеттик органдардын кабыл алышына катышуу мүмкүнчүлүгү бул уюмдарда болгон эмес. БӨУлардын мыйзам жаратуу сунуштары менен макул болбогон учурда, алар мыйзамдын каралышын же кабыл алынышын токтотуу үчүн «кысым жасоо» ыкмаларын гана колдоно алчу. Мындай ыкмалардын арасында төмөнкүлөр болгон: коомдук иш-чараларды уюштуруу, ЖМКда макалаларды чыгаруу, саясый партиялар аркылуу колдоо табуу, шашылыш улуттук конференцияларды уюштуруу. Бирок мындай ыкмалар өкмөттү да, БӨУларды да канааттандырбаган, себеби бул алгылыктуу өзгөрүүлөргө эмес, тескерисинче, эки тараптын мамилесинин начарлоосуна алып келчү. Ошондуктан Словакиянын БӨУлары менен өкмөтү мыйзам жаратуу боюнча бардык сунуштарды бейөкмөт уюмдар менен алдын ала (БӨУлар маселеси боюнча өкмөттүк кеңештин деңгээлинде бул уюмдар менен жолугушууларды өткөрүү аркылуу) талкуулоо жөнүндө келишүүгө жетишти. Мыйзам чыгаруу сунуштары жок дегенде БӨУларга кабарланышы керек, же алар менен чогуу талкуулабастан кабыл алынбоого тийиш экендигине макул болушкан. Бул учурларда талкуу жүргүзүү жана туура чечим табуу үчүн БӨУларга мыйзам чыгаруу процесси башталганга чейин 6 айдан ашык убакыт берилет. Мындай мамиле иш жүзүндө киреше салыгынан 2% БӨУларга бөлүп берүү жол-жобосун КЭУнун пайдасына өзгөртүүгө жана бейөкмөт уюмдарды каржылоонун жаңы булактарын (кайрымдуулук лотереялары, жарнама) табууга абдан жардам берген.

***Кыргызстандагы абалга сереп***

Даяр чечимдердин долбоорлору менен таанышып көрүүгө өбөлгө түзүүчү жана үзгүлтүксүз иштөөчү бейформал бирикмелер биздин өлкөдө жок. Буларды түзүү мүмкүнчүлүгүн иликтөө зарыл.

***Нускамалар***

1. Өкмөттүн же башка мамлекеттик органдын алкагында ЖКУ менен иштөө боюнча атайын координациялык кеңсе түзүү керек.
2. Бирикменин (карым-катыш жүргүзүүнүн) тандап алынган түрүнө (уюштуруучулук түзүм, мүчөлүк, байланыш ыкмалары ж.б.) жараша кызматташунун жол-жоболорун иштеп чыгуу керек.
3. Бирикме түзүүнүн критерийлерин иштеп чыгуу керек.
4. Бирикменин тандап алынган түрүнө жараша катышуучу тараптардын өкүлдөрүн аныктоо керек.
5. Тараптардын ортосундагы карама-каршылыктарды жана келишпестиктерди жоюу үчүн күндөлүк байланыш жол-жоболорун иштеп чыгуу керек.

### *5.5. Мыйзам чыгаруучу субъектилерге мыйзам долбоорун даярдоону же кароону токтотуу сунушу менен кайрылуу укугун жарандарга берүү.*

***Словакиянын ийгиликтүү тажрыйбасы жана укуктук негиздери***

Өлкөдө тиги же бул кырдаалды өзгөртүү маселелери боюнча мамлекеттик органдарга, алардын ичинен парламентке кайрылуу укугу репрезентативдүү (коомчулуктун катышуусун коргогон) демократиянын да, либералдык демократиянын да тутумдарындагы уңгулуу (фундаменталдуу) укуктарга кирет. Башка көптөгөн жарандык укуктар жана эркиндиктер ушул негиз түзүүчү укук аркылуу гана ишке ашырылат.

Словакияда жарандардын бул укугуна өзүнчө мыйзам менен кепилдик берилген (№ 85/1990 «Петицияга укук жөнүндө» мыйзам).

Ар бир адам коомдук кызыкчылыктарга байланышкан маселелер боюнча мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жекече же башка адамдар менен биргеликте петиция менен, сунуш жана арыз менен кайрылууга укуктуу. Петиция уңгулуу укуктарды жана эркиндиктерди бузууга же сот бийлигинин көз карандысыздыгына шек келтирүүгө чакырбашы керек.

Петиция Словакия Республикасынын Улуттук кеңешине (парламентине) келип түшкөндө, парламенттин президенти (спикери) аны тийиштүү комитетке карап чыгуусу жана комитет мүчөлөрүнүн пикир айтуусу үчүн жиберет. Эгер петицияда бир эмес, бир нече комитеттин ыйгарымдуу милдетине тийиштүү маселелер козголгон болсо, анда бул петиция боюнча бардык иш-чараларды бир нукка салуу жана петицияга байланышкан бардык маселелерди жөнгө салуу милдетин тийиштүү комитет өзүнө алат. Эгер петицияда көтөрүлгөн маселелер Улуттук кеңештин ыйгарым милдетине кирбесе, анда парламенттин канцеляриясы петицияны тийиштүү министрликке же мамлекеттик бийликтин башка органына жиберет. Жашы 18ден төмөн эмес курактагы кеминде 100 000 жарандын колу коюлган петиция (Словакия Республикасынын Улуттук кеңешинин жол-жоболору жөнүндө мыйзамы № 350/1996 жыйн.) Улуттук кеңеш тарабынан каралат.

***Кыргызстандагы абалга сереп***

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 64-беренесинде жарандарга 30 000 адамдын колу коюлган учурда мыйзам долбоорун демилгелөө укугуна кепилдик берилген. Бирок КРнын мыйзамдарында жарандардын тиги же бул мыйзам долбоорун даярдоону же кароону токтотуу демилгеси менен кайрылуу укугу, ошондой эле мындай укукту пайдалануунун жол-жоболору каралган эмес.

Жарандарга мыйзам чыгаруу демилгесин көтөргөн субъектилерге ченемдик укуктук актынын долбоорун даярдоону же кароону токтотуу сунушу менен кайрылуу укугун берүүчү укуктук ченемдин киргизилиши кабыл алынып жаткан чечимдердин сапатын жогорулатууга өбөлгө түзөт деп ойлойбуз. Мындай ченем жарандык укуктарды жана эркиндиктерди коргоонун куралы, ошондой эле ар түрдүү топтордун кызыкчылыктарын теңдештирүүчү токтотуу жана каршы салмак тутумунун элементи болот.

**Словакиянын Конституциясы. 27-берене**

1) Петиция укугу кепилденген. Ар бир жаран жеке өзү же башка жактар менен биргеликте мамлекеттик органдарга жана аймактык башкаруу органдарына коомдук же башка жалпы кызыкчылыкка тиешелүү маселелер боюнча өтүнүч, сунуш же арыз менен кайрылууга укуктуу.
2) Петиция негизги укуктарды жана эркиндиктерди бузууга чакырбашы керек.
3) Петиция соттун көз карандысыздык принцибин бузбоого тийиш.

Жарандардын мыйзам долбоорун иштеп чыгууну же кароону токтотуу жөнүндө биргелешип кайрылуу укугу кабыл алынуучу чечимдердин сапатын жогорулатуу каражаттарынын бири болот. Мындай кайрылуунун өзү чечилиши зарыл маселенин бар экендигин көрсөтөт. Жарандардын мындай кайрылууларына жооп берүүнүн милдеттүүлүгү ченемдик укуктук актынын долбоорун кароону дароо токтотуу зарыл дегенди билдирбейт. Ченемдик укуктук актынын долбоорун кабыл алуу же четке кагуу жөнүндө акыркы чечимди ыйгарымдуу орган (парламент, өкмөт, министрликтер) гана кабыл ала алат.

***Нускамалар***

1. «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин регламенти жөнүндө» мыйзамга мыйзам долбоорун иштеп чыгууну же кароону токтотуу жөнүндө жарандардын тобунан арыз келип түшүшү мүмкүн деген ченемди киргизүү.
2. Жарандардын КР ЖКга келип түшүүчү кайрылуулары ага 10 000 адамдын колу коюлган учурда ЖКнын тийиштүү комитетинде карала тургандыгын бекитүү.
3. КР ЖКга кайрылууда 30 000 жарандын колу коюлган учурда, андагы сунуштарды кошумча изилдеп чыгуу үчүн мыйзам долбоорун кароону кийинкиге калтырат. Маселе кошумча изилденгенден кийин тийиштүү комитет мыйзам долбоорун бул сунуштарды эске алуу менен кайра карап чыгуу же мыйзам долбоорун өзгөртүүсүз калтыруу жөнүндө бүтүм чыгарат.

### *5.6. Ченемдик актылардын долбоорлорун экспертизадан өткөрүүгө коомчулуктун катышуусу*

Коомдук турмушту башкарууга жана чечимдерди кабыл алуу процессине коомчулуктун катышуусу демократиянын негизги принциби болуп саналат. Мыйзам жаратуу – коомдук турмушту башкаруунун бир түрү, ошондуктан коомчулуктун бул процесске катышуу мүмкүнчүлүгү болушу керек.

#### *Кыргызстандагы абалга сереп*

Кыргыз Республикасында ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгууга коомчулуктун катышуу мүмкүнчүлүгү өлкөнүн экспертизаларды өткөрүү, парламенттик жана коомдук талкууларды уюштуруу жөнүндөгү мыйзамдарынын ченемдеринде каралган. Бул ченемдерди «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» жана «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин регламенти жөнүндө» мыйзамдары, ошондой эле КРнын ЖКнын 2008-жылдын 18-январындагы «Жогорку Кеңеште мыйзам долбоорлоруна адистештирилген экспертизалардын айрым түрлөрүн жүргүзүү боюнча стандарттар жөнүндө» токтому жөнгө салат.

Коомчулукту мыйзам жаратуу процессине төмөнкүдөй жолдор менен тартылышы мүмкүн:

- ченемдик актылардын долбоорлоруна түздөн түз адистик экспертиза жүргүзүү;
- аткаруу бийлигинин ведомстволору даярдаган ченемдик актылардын долбоорлорун талкууга катышуу;
- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан уюштурулуучу парламенттик угууга катышуу.

Төмөндө бул пункттардын ар бири боюнча кырдаалдар сыпатталат.

#### *Кыргызстандагы абалга сереп*

Экспертиза жүргүзүү Кыргыз Респубикасынын 2009-жылы 20-июлда кабыл алынган «Кыргыз Республикасынын ченемдик актылары жөнүндө» № 241 мыйзамында каралган.

Аталган мыйзамдын 20-беренесинде төмөнкүлөр бекитилген:

«Жарандардын конституциялык укуктарын, эркиндиктерин жана милдеттерин камсыз кылуу; коомдук бирикмелердин, жалпыга маалымдоо каражаттарынын укуктук статусу; мамлекеттик бюджет, салык тутуму; экологиялык коопсуздук, укук бузуулар менен күрөшүү; ишкердик аракеттерди мамлекет тарабынан жөнгө салуу маселелери боюнча ченемдик укуктук акылардын долбоорлору укуктук, укук коргоочулук, гендерлик, экологиялык, коррупцияга каршы жана башка (ченемдик укуктук актынын долбоору кайсы укуктук мамилени жөнгө салууга багытталгандыгына жараша) илимий экспертизадан өтүүсү керек».

Эксперттөө стандарттарын Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан иштеп чыгып, 2008-жыл, 18-январдагы «Жогорку Кеңеште мыйзам долбоорлоруна адистештирилген экспертизалардын айрым түрлөрүн жүргүзүү боюнча стандарттар жөнүндөгү» № 75-IV токтому менен ишке киргизилген. Аталган токтомдун 3-пунктуна ылайык, мыйзам жаратуу демилгесин көтөрүүчү субъектилер «мыйзам долбоорлорун Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине жиберүүдө Стандарттын талаптарын толук аткарууга» милдеттендирилген.

Экспертизанын ар кандай түрлөрү бар, бирок негизинен укуктук гана экспертиза жүргүзүлөт. Мыйзам долбоорлорун иштеп чыгуучулар жана демилгечилер экспертиза жүргүзүү үчүн сырткы эксперттерди, мунун ичинен коммерциялык эмес уюмдардан эксперттерди көбүнчө чакырбайт. Экспертизаны «сырттан чакырылган жеке адам же кишилердин тобу да жүргүзө алаарын» белгилей кетүү керек (Жогорку Кеңеште мыйзам долбоорлоруна адистештирилген экспертизалардын айрым түрлөрүн жүргүзүү боюнча 2008-жылдын 18-январында бекитилген стандарттары). Ошондой эле «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» мыйзамында (20-берене) «эксперт катары тийиштүү долбоорду даярдоого түздөн түз катышпаган уюмдар жана жеке адамдар чакырылат» деп бекитилген.

Ошентип, Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө мыйзам», «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» 2009-жылы 20-июлда кабыл алынган мыйзамында жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2008-жыл, 18-январдагы

«Жогорку Кеңеште мыйзам долбоорлоруна адистештирилген экспертизалардын айрым түрлөрүн жүргүзүү боюнча стандарттар жөнүндөгү» № 75-IV токтомунда жарандык коомдун өкүлдөрүнө ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун талкуулоого жана экспертизадан өткөрүүгө катышуу мүмкүнчүлүгүн берүүчү ченемдер камтылган.

Ошол эле учурда адистештирилген жана башка экспертизаларды жүргүзүү үчүн туруктуу шарттарды түзүүнүн каржылык жана түзүмдүк-функциялык механизмдери жок. Андан тышкары, ченемдик укуктук актыларды экспертизалоого, иштеп чыгууга жана талкуулоого сырткы эксперттерди жана уюмдарды тартуу жол-жобосун жакшыртуу зарылдыгы бар.

***Нускамалар***

1. Ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун экспертизадан өткөрүү үчүн эксперттерди тандоо жол-жобосун жана критерийлерин иштеп чыгып, пайдаланууга киргизүү керек.
2. Эксперттер жөнүндө маалымат топтомун түзүп, КРнын Жогорку Кеңешинин сайтына жайгаштыруу керек.
3. Мыйзам долбооруна жүргүзүлгөн адистештирилген экспертиза жөнүндө маалыматты КР ЖКнын веб-сайтынын мыйзам долбоорлору жөнүндө бөлүмүндө жайгаштыруу керек.
4. КРнын өкмөтүнүн алдындагы Мыйзам жаратуу борборунун негизинде Адилет министрлигинин алдында Экспертиза институтун түзүү керек.
5. Адилет министрлигинин алдында мыйзам долбоорлорун КРнын Жогорку Кеңешинде кароого коюу алдында илимий, укуктук жана башка адистештирилген экспертизалардан өткөрүү керек.
6. Жогорку Кеңеште иштелип чыгып жаткан мыйзам долбоорлоруна карата коррупцияга каршы, гендердик, укук коргоочу, экологиялык жана башка экспертизаларды жүргүзүү керек.
7. ЖКнын аппарат кызматкерлерине, министрликтер менен ведомстволордун, ошондой эле жарандык коом уюмдарынын кызматкерлерине адистештирилген экспертизиларды жүргүзүүнүн ыкмаларын үйрөтүү керек.

8. Мамлекеттик түзүмдөрдүн бюджетин калыптандырууда экспертизаларды өткөрүү үчүн сырткы эксперттерди (конкурс негизинде) тартууга жумшалуучу чыгымдарды кароо керек.

### *5.7. Аткаруучу бийликтин мыйзам жаратуу ишмердигинин жүрүшүндөгү коомдук талкуулар*

#### *Словакиянын ийгиликтүү тажрыйбасы жана укуктук негиздери*

Ар бир мыйзам долбооруна карата коомчулуктун өз пикирин билдирүү укугу Словакия Республикасында мыйзам чыгаруу ишмердигин жүргүзүү эрежелеринен келип чыгат. Ар бир субъектинин (мамлекеттик органдардын, өз алдынча башкаруу органдарынын жана коомчулуктун) ой-пикири жалпы (мыйзам долбоорунун мазмунуна карата) же конкреттүү (мыйзам долбоорунун конкреттүү бөлүгүн өзгөртүүгө карата) айтылышы мүмкүн. Ар бир пикир жазуу жүзүндө берилип, айкын негиздерди камтышы керек. Ар бир жаран же ЖКУ мыйзам долбооруна карата өз пикирлерин Интернет порталы аркылуу билдире алат.

Парламенттик деңгээлде коомчулукту чечим кабыл алуу процессине тартуунун эрежелери Словакия парламентинин Жол-жоболорунун 5-параграфында жазылган: эгер коомдук талкуулар мыйзам долбоорун тааныштыруудан мурда жүргүзүлсө, демилгечи ал талкууларга өзүнүн баасын бериши керек. Коомдук талкуулар жүрүп жатканда ЖКУлардын өкүлдөрү же жарандар комитеттин макулдугу менен өз көз караштарын ачык билдире алат. Эреже катары, жарандарга дайыма сөз берилет.

Ведомстволор аралык мыйзам чыгаруу жол-жоболорунун жүрүшүндө Словакияда бардык министрликтер, башка тийиштүү мамлекеттик органдар же мекемелер (өз алдынча башкаруу органдары жана кызыкдар топтор) жана, албетте, коомчулук мыйзам долбоорлору боюнча өз пикирлерин айта алышат. Демилгечи (мыйзам долбоорун даярдаган тийиштүү министрлик):

- пикирлерди алуу үчүн өзүнүн веб-сайтында (ченемдик укуктук актылар порталында) мыйзам долбоорун жарыялайт;

- ♦ бул факт жөнүндө бийликтин бардык органдарына билдирет;
- ♦ бардык тийиштүү бийлик органдары үчүн өз пикирлерин демилгечиге билдирүү мөөнөтүн маалымдайт. Адатта бул мөөнөт мыйзам долбоору Интернет порталында жарыялангандан тартып 15 иш күнүн түзөт. Мындан кыска мөөнөт бөтөнчө себептер менен белгилениши мүмкүн, бирок 7 иш күнүнөн кем болбоого тийиш.

Өз пикирин жиберген ар бир субъект анын пикири чечүүчү маанига ээ деп ырастоого укуктуу.

Демилгечи ар бир пикирге өзүнүн берген баасын ченемдик укуктук актылардын порталы аркылуу билдирүүсү керек. Демилгечи кайсы бир пикирге такыр макул болбосо, анда ал пикир талкуунун өзөгүнө айланат. Андай пикир коомчулуктан келип түшкөн болсо, демилгечи коомчулуктун өкүлдөрү менен талкуу жүргүзө алат. Эгер пикир жок дегенде 500 жеке адамдын же юридикалык жактын колу менен бекемделген болсо (жамааттык пикир), демилгечи аны талкуулоого милдеттүү. Демилгечи пикир ээси менен министрликтин кызматкеринин, статс-катчынын же министрдин ортосундагы карама-каршылыктар жөнүндө угууну уюштурат. Кескин пикир боюнча маселени демилгечи менен пикир ээсинин ортосунда чечүү мүмкүн болбосо, анда мыйзам долбоору тийиштүү пикир менен бирге өкмөткө жиберилип, ал жерде акыркы чечим кабыл алынышы керек.

### ***Кыргызстандагы абалга сереп***

«Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» жана «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин регламенти жөнүндө» мыйзамдарында парламенттик угууну жана коомдук талкууларды өткөрүү каралган.

«Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» мыйзамынын 22-беренесинде төмөнкүлөр бекитилген:

«Ченемдик укуктук актынын долбоорун коомдук талкуудан өткөрүү ченем жаратуучу орган тарабынан төмөнкү жолдор менен камсыз кылынат:

- ♦ ченемдик укуктук актынын долбоорунун текстин алып окуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу;
- ♦ коомдук талкууда келип түшүүчү сунуштарды кабыл алуу, ка-

роо жана жалпылоо;

- ♦ коомдук талкууда келип түшкөн сунуштар боюнча алардын ченемдик укуктук акты долбооруна киргизилген-киргизилбегедигинин себептерин негиздөө менен жыйынтык маалыматын даярдоо. Жыйынтык маалыматы ченемдик укуктук актыга карата негиздөөчү маалымкатта чагылдырылат».

ЧУА жөнүндө мыйзамдын жаңы редакциясында коомдук угууну өткөрүү тартиби мурункусуна салыштырмалуу кыйла толук такталган, бирок талкуунун жүрүшүндө угууну өткөрүү мүкүнчүлүктөрү каралган эмес. Бул мыйзам жаратуу процессиндеги кайра байланыш түзүү мүмкүнчүлүгүн чектейт. Жарандардан жана коомдук уюмдардан келип түшүүчү сунуштар менен андан ары иштөөдө расмий бекитилген баалоо критерийлеринин жоктугу иштеп чыгуучулар берген баалардын субъективдүү болушуна алып келиши мүмкүн.

***Нускамалар***

1. Коомдук талкуулардын жүрүшүндө угууну өткөрүү мүмкүнчүлүгүн кароо керек.
2. Жарандардан 500 кол коюлган арыз келип түшкөн учурда милдеттүү түрдө коомдук угууну уюштуруу мүмкүнчүлүгүн кароо керек.
3. Сунуштарды жазуу жүзүндө берүүнүн өкмөт тарабынан бекитилүүчү форматын иштеп чыгуу керек.
4. Угууларда талкуулоо пландалып жаткан маселелер боюнча материалдарды жарыялоо үчүн, ошондой эле сунуштарды киргизүү жана угууга чакыруу жөнүндө билдирүү үчүн мөөнөттөрдү белгилөө керек.
5. Ченемдик укуктук актынын долбоорун жакшыртууда жарандык коом уюмдарынан келген сунуштарды пайдалануунун критерийлерин иштеп чыгып, пайдаланууга киргизүү керек.

### *5.8. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешиндеги парламенттик угуу жана мыйзам жаратуу процессине коомчулуктун катышуу мүмкүнчүлүгү*

Ар бир демократиялык коомдо парламенттин сессиялары (отурумдары) мүмкүн болушунча ачык өткөрүлүшү зарыл. Жалпы эреже

иретинде парламенттин жана анын органдарынын отурумдарында коомчулуктун катышуусун жактаган принцип колдонулушу керек. Парламенттин жана анын органдарынын (комитеттеринин, комиссияларынын жана фракцияларынын) отурумдары мамлекеттик, расмий же коммерциялык жашыруун сырларга, ошондой эле мамлекеттик коопсуздукту камсыздоо зарылдыгына байланыштуу гана жабык өткөрүлүшү керек. Парламенттин жана анын органдарынын бардык калган отурумдары коомчулук үчүн ачык болушу керек.

### *Словакиянын ийгиликтүү тажрыйбасы жана укуктук негиздери*

Парламенттик ачык отурумдарды өткөрүү принциптери Словакия Республикасынын Улуттук кеңешинин (парламентинин) регламенти жөнүндө мыйзамында белгиленген (мыйзам № 350/1996 жыйнак).

Словакия парламентинин комитеттеринин отурумдары ар түрдүү кызыкчылыкка ээ топторго парламенттик мыйзам жаратуу жол-жобосуна катышууга формалдуу жана укуктук мүмкүнчүлүк берет. Сессиялардын жүрүшүндө ЖКУлардын өкүлдөрү өз пикирлерин түздөн түз билдирүүгө же парламент мүчөлөрү аркылуу мыйзам долбооруна конкреттүү өзгөртүүлөрдү сунуштоого мүмкүндүк алышат. ЖКУлардын өкүлдөрү сессияларда парламент мүчөлөрүнүн уруксаты менен гана чыгып сүйлөйт. Словакиянын шартында мындай макулдукка жетишүү толук мүмкүн.

### *Кыргызстандагы абалга сереп*

Жогорку Кеңештин ишмердигин жөнгө салуучу жана ал ишмердикке коомчулукту тартууну караган негизги мыйзам – бул «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин регламенти жөнүндө» мыйзам. Бул мыйзам өлкөнүн парламентинде мыйзам жаратуу процессине жана парламенттик угууларга коомчулуктун катышуусуна жалпысынан мүмкүндүк берет. Бирок мыйзамдын жоболоруна ылайык, жарандарды жана коомчулукту чечимдерди кабыл алуу процессине тартуунун зарылдыгын, форматын жана деңгээлин аныктоо укугу парламенттин өзүнө таандык болуп калган.

Аталган мыйзамга ылайык, парламенттик угууну өткөрүү демилгесин көтөрүү укугу комитеттерге, комиссияларга жана депутаттык

фракцияларга таандык. Ошондой эле мыйзамда угуу зарылдыгына жараша өткөрүлөт деп атайын белгиленген.

Бирок мыйзамда кандай учурларда угууну өткөрүү зарыл экендиги көрсөтүлгөн эмес. Парламенттик угууну демилгелөөгө укуктуу субъектилердин тизмеси парламенттик түзүмдөр менен чектелген. Ошол эле учурда парламенттик угууларда коомчулуктун активдүү катышуусуна жол ачкан Кыргыз Республикасынын Конституциясында кепилденген элдин мыйзам жаратуу демилгеси тууралуу ченемдерде (64-берене) бекитилген жана «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин регламенти жөнүндө» мыйзамда каралган (94-берене). Парламенттик угууну демилгелөөгө укуктуу субъектилердин санын бул катарга жарандарды жана алардын бирикмелерин (эгер алар белгиленген санда кол чогулта алса) киргизүү аркылуу көбөйтүү зарыл.

Мындай иш-чаралар кайсы учурларда өткөрүлөрүн айкын белгилеп, парламенттик угууга тийиштүү мыйзам ченемдерин тактоо зарыл. Бул учурларды аныктоо критерийине негиз катары «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» мыйзамды алса болот. Анда мыйзам долбоорлоруна милдеттүү түрдө адистештирилген экспертиза жүргүзүлүшү керек болгон учурлар белгиленген. Ошол эле принципке таянып, парламенттик угуунун сөзсүз өткөрүлүшүн шарттай турган маселелердин тизмегин аныктоого болот. Мисалы, бул жарандардын конституциялык укуктарына, эркиндиктерине; коомдук бирикмелердин, жалпыга маалымдоо каражаттарынын укуктук статустарына; мамлекеттик бюджетке, салык тутумуна; экологиялык коопсуздукка; укук бузууларга каршы күрөшкө; ишкердик аракеттерин мамлекеттик жөнгө салуунун жаңы түрлөрүн киргизүүгө байланышкан маселелер болушу мүмкүн.

***Нускамалар***

1. «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин регламенти жөнүндө» мыйзамдын 80-беренесинде «Жогорку Кеңештин өзү карай турган маселелер боюнча комитеттери жана убактылуу комиссиялары, ошондой эле депутаттык фракциялары» деген сөздөрдөн кийин «жана жарандар менен алардын бирикмелери (эгер демилгеге 500дөн кем эмес жаран кол койгон болсо)» деген сөздөрдү кошуп, андан ары текст боюнча улантуу керек.

2. Ушул эле беренеде «Парламенттик угуу зарылдыган жараша өткөрүлөт» деген сөздөрдөн кийин төмөнкү сөздөрдү кошумчалоо керек: «Жарандардын конституциялык укуктарына, эркиндиктерине; коомдук бирикмелердин, жалпыга маалымдоо каражаттарынын укуктук статустарына; мамлекеттик бюджетке, салык тутумуна; экологиялык коопсуздукка; укук бузууларга каршы күрөшкө; ишкердик аракеттерин мамлекеттик жөнгө салуунун жаңы түрлөрүн киргизүүгө байланышкан маселелер боюнча угуу дайыма өткөрүлөт.

Коомчулуктун чечим кабыл алуу процессине катышуу мүмкүнчүлүгүн арттыруу камсыздоо максатында Жогорку Кеңеш жер жерлерге барып угууну уюштура алат».

### *5.9. Парламенттик угууну өткөрүү мөөнөттөрү жана ага чакыруунун принциптери*

#### *Кыргызстандагы абалга сереп*

Өлкөнүн мыйзамдарында парламенттик угууну уюштуруучулар өткөрүлүп жаткан иш-чарага катышуу үчүн коомчулукту өздөрү чакырат деп каралган. Ошондой эле угууну өткөрүүнүн күнү жана жери жөнүндө коомчулукка билдирүүнүн мөөнөтү 10 күн деп белгиленген. Ошол эле учурда чакырылуучу адамдардын курамы кандай болуш керектиги мыйзамда так белгиленген эмес. Бул курамды аныктоо укугу уюштуруучуларга берилип калган. Демек, чакырылуучу адамдарды тандоодо субъективдүүлүккө жол берилиши мүмкүн. Андан тышкары, ушундай жол менен чакырылган адамдардын талкуу учурунда пайдалуу сунуштарды айтып чыгышы күмөн.

Иш-чарага катышууга чакырбаган соң, анын өткөрүлө тургандыгы жөнүндө жарыялап коюунун эч пайдасы болбойт.

Борборлоштуруп чакыруу принцибинен каалоосун билдирүү принцибине өткөндө, жигердүү кызматташтыкка өбөлгө түзүлөт. Мындайда коомчулуктун катышуусу талкууланып жаткан маселе боюнча конкреттүү сунуштарга жараша аныкталат. Парламенттик угууну өткөрүү мөөнөттөрүн жана баскычтарын, ошондой эле ар бир баскычта зарыл болгон иш-чаралардын тизмегин тагыраак белгилегенде, угуунун пайдалуу коэффициенти жогорулайт. Угуунун

натыйжалуулугун арттыруу үчүн аларды өткөрүү баскычтарын жана өткөрүү мөөнөттөрүн так аныктап алуу керек. Угууга катышуучулар кызыккандыгын билдиргендигине жана талкууланып жаткан маселе боюнча талаптагыдай жол-жобо менен берген сунушуна (сунуштарына) карай тандап алынууга тийиш. Катышуучулардын саны талкуу залындагы бош орундардын бар-жогуна жараша гана чектелиши керек. Эгер каалоочулардын саны бош орундардан көп болсо, анда талкууга катышуу үчүн тийиштүү маселе боюнча жарандарды жана алардын бирикмелерин өз ара макулдашылган сунуштарынын болушуна карай иргеп алып чакыруу зарыл (артыкчылык жеке адамдар эмес, уюмдардын топтору тарабынан даярдалган сунуштарга ыйгарылышы керек). Ошондой эле талкууланып жаткан маселелер боюнча жарандардын жана алардын бирикмелеринин сунуш киргизүү форматын иштеп чыгып, колдонууга киргизүү зарыл.

***Нускамалар***

«Кыргыз Республикасынын Жогору Кеңешинин регламенти жөнүндө» мыйзамынын 82-статьясын төмөнкү редакцияда берүү керек:

«Парламенттик угууну Жогорку Кеңештин комитеттери, убактылуу комиссиялары жана депутаттык фракциялары өткөрөт.

Угууга катышуучулар кызыккандыгын билдиргендигине жана талкууланып жаткан маселе боюнча талаптагыдай жол-жобо менен берген сунушуна (сунуштарына) карай тандап алынууга тийиш. Катышуучулардын саны талкуу залындагы бош орундардын бар-жогуна жараша гана чектелиши керек. Эгер каалоочулардын саны бош орундардан көп болсо, анда талкууга катышуу үчүн тийиштүү маселе боюнча жарандарды жана алардын бирикмелерин өз ара макулдашылган сунуштарынын болушуна карай иргеп алып чакыруу зарыл (артыкчылык жеке адамдар эмес, уюмдардын топтору тарабынан даярдалган сунуштарга ыйгарылышы керек).

Угууга катышууну каалоочулар талкууланып жаткан маселе боюнча өз сунуштарын Жогорку Кеңештин токтому менен бекитилүүчү форматтарга ылайык билдириши керек. Бул форматка сыйбаган сунуштар каралбайт. Андан тышкары, угууну уюштуруучулар кызыкдар мамлекеттик ведомстволордун, ЖМКнын өкүлдөрүн жана башка адамдарды чакырат.

Угуу жөнүндө белгиленген убакыттан 20 күндөн кеч эмес мөөнөттө жалпыга маалымдоо каражаттарында же Жогорку Кеңештин расмий сайтында жарыяланат. Талкуулануучу маселеге тиешелүү материалдар парламенттин расмий сайтында талкуу датасынан 20 күн өткөрбөстөн жайгаштырылышы керек.

Жарандар жана алардын бирикмелери угуу өтө турган убакыттан 10 күн өтүп кете электе өздөрүнүн буга катышууга кызыккандыгын жазуу жүзүндө билдирип, талкуулануучу маселе боюнча сунуштарын талаптагыдай жол-жобо менен бериши керек.

Жогорку Кеңештин угуу демилгесин көтөрүп жаткан комитети, убактылуу комиссиясы же депутаттык фракциясы угуу болгондон 5 күндөн кеч эмес мурун угууга катышууга кызыккан тарапка анын билдирүүсүнүн статусу жөнүндө кабарлашы керек».

### *5.10. Коомчулуктун сунуштарын эске алуу*

#### *Словакиянын ийгиликтүү тажрыйбасы жана укуктук негиздери*

Словакиянын мыйзамдарына ылайык, эгер мыйзам долбоору коомдук угуулардан мурда тааныштырылса, демилгечи аларга карата өзүнүн баасын бериши керек. Парламенттик сессиялардын жүрүшүндө ЖКУлардын өкүлдөрү же жарандар комитеттин уруксаты менен өз пикирлерин түздөн түз билдирүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болот да, адатта көбүнчө жарандарга сөз берилет. Саясатчылар коомчулуктун пикирин сыйлагандыктан, Словакиянын мыйзам жаратуу процессине коомчулуктун катышуусу үчүн сунуштардын берилгендиги эле жетишерлик негиз болуп саналат.

#### *Кыргызстандагы абалга сереп*

Өлкөнүн мыйзамдарында угуулар депутаттардын көпчүлүгү жактырган жыйынтык резолюция кабыл алуу менен аяктай тургандыгы белгиленген. Угууну өткөрүүнүн негизги максаты келип түшкөн сунуштарды талкуулоо жана кабыл алуу (же кабыл албоо) экендигин эске алсак, анда күчүндө турган ченемдер боюнча бул процесс эч кандай жөнгө салынбагандыгын айта кетүү керек.

Формалдуу түрдө угууну өткөрүүдөн жарандык коомдун мүмкүнчүлүктөрүн жигердүү пайдаланууга өтүү депутаттарга өз убактыларын үмөндүү пайдалануу мүмкүнчүлүгүн берет да, парламент тарабынан кабыл алынып жаткан чечимдердин сапатын жогорулатат. Бул үчүн келип түшүп жаткан бардык сунуштарды эсепке алуу жана кароо процессин жөнгө салуу зарыл, ошондой эле келип түшкөн сунуш кабыл алынбаган (же толук эмес кабыл алынган) учурда, анын четке кагылышын (же толук эмес кабыл алынгандыгын) негиздөө менен жазуу жүзүндө жооп берүүнү угуунун уюштуруучуларына милдеттендирүүчү тартипти киргизүү керек.

***Нускамалар***

«Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин регламенти жөнүндө» мыйзамынын 88-беренесин төмөнкү редакцияда берүү керек: «Парламенттик угууга келип түшкөн жана билдирилген сунуштар эске алынат.

Сунуштарды кабыл алуу жөнүндө биротоло чечимди Жогорку кеңештин ыйгарымдуу органдары (комитеттери, комиссиялары, депутаттык фракциялары) чыгарат. Тиги же бул сунуш четке кагылган (же толук эмес кабыл алынган) учурда, аны иштеп чыккандарга четке кагылуусунун (толук эмес кабыл алынуусунун) негиздери түшүндүрүлгөн жазуу иретиндеги жооп жиберилет».

### ***5.11. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин отурумундагы угуунун жыйынтыктарын талкуулоо***

***Словакиянын ийгиликтүү тажрыйбасы жана укуктук негиздери***

Словакия парламентинин веб-баракчасында угууну өткөрүү жана анын натыйжалары жөнүндө маалыматтар камтылган. Словакия Республикасынын Улуттук Кеңешинин (парламентинин) регламентинин 55-бөлүмүнө ылайык (1996-ж. № 350 мыйзам), комитеттин отуруму протоколдо чагылдырылышы керек. Протокол жана чечимдер коми-

теттин операциялык кызматкеринин колу менен ырасталышы керек. Андан соң протоколго комитеттин төрагасынын же анын ордунда болгон мүчөсүнүн колу коюлат (48-бөлүм, 1-пункт).

78-бөлүмдө комитет мыйзам долбоорун талкуулоонун натыйжаларын Улуттук кеңешке жазуу жүзүндөгү отчет түрүндө экинчи угуунун учурунда бериши керек деп көрсөтүлгөн. Бул отчетко комитеттин пикирин жана мыйзам долбоорун кабыл алуу же четке кагуу боюнча парламентке берилген нускама камтылууга тийиш. Эгер комитет өзгөртүүлөрдү киргизүүнү чечсе, анда отчетто ал оңдоолор конкреттүү түрдө жазылышы керек. Өзгөртүүлөр так-айкын жазылып, негиздүү болушу зарыл. Улуттук комитет үчүн отчет, мунун ичинен комитеттин пикири аталган комитеттин резолюциясы аркылуу кабыл алынат.

### *Кыргызстандагы абалга сереп*

Угууну өз алдынча комитеттер, комиссиялар же депутаттык фракциялар өткөргөндүктөн, анын натыйжалары жөнүндө Жогорку Кеңештин бардык депутаттары толук кабардар болушпайт.

Өлкөнүн мыйзамдарында мыйзам долбоорун Жогорку Кеңеште талкууга алып чыгуу үчүн зарыл болгон документтердин тизмеси аныкталган. Коштоочу документтердин тизмесинде өткөрүлгөн угуу жөнүндө, анын алкагында жүргүзүлгөн мындай иш-чаралар жөнүндө маалыматтын сөзсүз болушу тууралуу талап жок.

Мыйзам долбоорун Жогорку Кеңештеги талкууга алып чыгуу үчүн зарыл болгон документтердин тизмегине өткөрүлгөн парламенттик угуу жөнүндө маалыматтын болушу тууралуу талапты киргизүү парламенттик угууну өткөрүүнүн сапатын жогорулатмак. Мындай маалыматты берүүдө парламенттик угууга келип түшкөн бардык сунуштар, ошондой эле алардын кайсынысы кабыл алынып, кайсынысы четке кагылгандыгы көрсөтүлүшү керек.

### *Нускамалар*

«Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин регламенти жөнүндө» мыйзамынын 92-беренесинде: «6) каржылык-экономикалык негиздөөлөр (ишке ашырылышы кошумча материалдык жана башка чыгымдарды талап кылган мыйзам долбоору киргизилген учурда)»

деген сөздөрдөн кийин «;» белгисин коюп, андан ары: «7) талкууланып жаткан мыйзам долбоору боюнча өткөрүлгөн (эгер өткөрүлгөн болсо) парламенттик угуу жөнүндө кандай сунуштар киргизилгендиги жана алардын кайсылары эске алынганы же эске алынбаганы көрсөтүлгөн маалымкат» деген сөздөрдү кошумчалоо керек.

### *5.12. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин ишиндеги парламентик жол-жоболордун сакталышына карата коомдук көзөмөл*

Мыйзамдарды жана башка ченемдик укуктук актыларды аткаруу укуктук мамлекеттин негизи болуп саналат – бул биринчи кезекте ченемдерди түзүүчү органдардын өзлөрүнө тиешелүү. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши өз ишмердигинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын, ошондой эле «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин регламенти жөнүндө», «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» мыйзамдарын ж. б. парламенттин өзү чыгарган анын мыйзам жаратуу жана көзөмөлдөө милдеттерин аткарышын жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларды жетекчиликке алат.

Бирок мыйзамда белгиленген жол-жоболор эле талаптагыдай аткарыла бербейт. Мисалы, адистештирилген экспертизалардын айрым түрлөрүн өткөрүү боюнча КРнын Жогорку Кеңешинин 2008-жыл, 18-январдагы токтому менен бекитилген Стандарттар бар. Иш жүзүндө болсо укуктук экспертизадан сырткары экспертизанын башка түрлөрү жүргүзүлбөй келет.

Ошол эле учурда Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин көзөмөл милдеттерин жүзөгө ашыруу тартиби жөнүндө» мыйзамында (2007-жыл, 31-июлдагы редакциясында) «Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын турмушка ашырууга карата көзөмөл тийиштүү мыйзам күчүнө киргенден кийин бир жылдан кем эмес убакытта жүргүзүлөт, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши өзүнүн кароосундагы маселелер боюнча токтом түрүндө кабыл алынган чечимдердин аткарылышына көзөмөлдү ал чечимде көрсөтүлгөн мөөнөттөн эрте эмес убакытта жүргүзөт», ошондой эле «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин токтомдорунун аткарылышын көзөмөлдөө милдети

жүктөлгөн тараптар квартал сайын же аталган токтомдордо белгиленген мөөнөттө Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине анын аткарылыш абалы тууралуу маалымдап турууга милдеттүү» деп бекитилген (2-берене).

«Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин регламенти жөнүндө» мыйзамда төрага (төрайым) өзүнүн орун басарларынын жана Жогорку Кеңештин комитеттеринин төрагаларынын өз кызмат милдеттерин аткаруусун көзөмөлдөйт, ошондой эле «Жогорку Кеңештин кабыл алынган токтомдорунун аткарылышына көзөмөл жүргүзөт» деп бекитилген (6-берене).

Ички жол-жоболордун аткарылышын көзөмөлдөө тутуму иштебеген учурда, коомчулук тарабынан сырткы көзөмөл жүргүзүү мүмкүнчүлүгү болушу керек. Мисалы, ченем түзүү жол-жоболорунун сакталышына парламенттик констебль көз салат. Андай адам парламентчилерден көз карандысыз болот.

Андан тышкары ар кандай мыйзам бузуулар боюнча жарандардын арыздарын жана кайрылууларын кароо жол-жобосу бар (мисалы, КРнын «Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө» 2008-жыл, 28-февралда кабыл алынган мыйзамы). Бирок иш жүзүндө парламенттин ишмердигин жөнгө салуучу мыйзам ченемдерин сактоого келгенде бул ченем иштебейт.

***Нускамалар***

1. Жогорку Кеңештин депутаттарынын жана жоопту кызматчыларынын (төраганын/төрайымдын, алардын орун басарларынын, комитеттердин төрагаларынын жана алардын орун басарларынын) ченемдик укуктук актыларда каралган жол-жоболорду сактоо үчүн жоопкерчилигин айкын белгилөө керек.
2. Депутаттардын жана жооптуу кызматчылар (төрага/төрайым, алардын орун басарлары, комитеттердин төрагалары жана алардын орун басарлары) парламенттик жол-жоболорду сактаган/сактабаган учурдагы иштешүү тартибин тактоо керек.
3. Парламенттик жол-жоболор сакталбай жаткандыгы тууралуу 100дөн кем эмес жарандын колу коюлган жана тийиштүү жүйөлөр менен бекемделген арыз боюнча ыйгарым укуктуу жак ченем түзүү процессин токтотуп, документти жакшыртууга кайтарып бере тургандан ченемди киргизүү керек.

4. «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин көзөмөлдөө милдеттерин аткаруу тартиби жөнүндө» мыйзамдын 2-беренесинде «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши анын карамагындагы маселелер боюнча токтом түрүндө кабыл алынган чечимдердин аткарылышына көзөмөл аталган чечимде көрсөтүлгөн мөөнөттөн эрте эмес убакытта ишке ашырылат» деген сүйлөмдө «эрте эмес» деген сөздөрдү «кеч эмес» деген сөздөр менен алмаштыруу керек.

## 6. КЭУнун ТУРУКТУУЛУГУН КАМСЫЗ КЫЛУУ ЖАНА ЖАРАНДАРДЫН УКУКТУК МААЛЫМАТ АЛУУ МҮМКҮНЧҮЛҮГҮН ЖОГОРУЛАТУУ БОЮНЧА КОШУМЧА НУСКАМАЛАР

Долбоорду ишке ашыруунун жүрүшүндө жана, атап айтканда, Жогорку Кеңештин депутаттары, ЖКУлардын жана Кыргызстандын Өкмөтүнүн аппаратынын өкүлдөрүнүн катышуусу менен Словакияга болгон окуу сапарынын жүрүшүндө ЖКУлардын туруктуулугун камсыздоо, жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары аркылуу укуктук маалымат алуу мүмкүнчүлүгүн жогорулатуу, ошондой эле жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын маалыматтуулугун арттыруу максатында ЖКУлардын иштөө шарттарын жакшыртуу маселелери изилденген.

Төмөндө ушул тармакта Словакиянын тажрыйбасына карата баяндама, ошондой эле тийиштүү нускамалар берилген:

1. Киреше салыгынын 1%ын жарандык коом уюмдарынын пайдасына бөлүп берүү керек.
2. Бардык жергиликтүү бийлик органдарын (муниципалитеттерди) КРнын ченемдик укуктук актылардын жыйнактары менен акысыз камсыз кылуу керек.
3. Кыргызстанда басылып чыгуучу бардык эксперттик материалдардын парламенттик китепканага келип түшүүсүн камсыз кылуу керек.

### *6.1. Киреше салыгынын 1%ын жарандык коом уюмдарынын пайдасына чегерүү.*

Үчүнчү, саясый эмес жана коммерциялык эмес сектор демократиялык коомдун айрып алгыс бөлүктөрүнүн бири болуп саналат. Мамлекет коммерциялык эмес уюмдардын иштөөсү үчүн жагымдуу шарт түзүп берүүгө аракет кылышы керек. Мамлекеттик колдоо тутумуна каржылык колдоо да камтылышы керек. ЖКУлардын ишмердиги киреше табууга эмес, негизинен коомдук кызмат көрсөтүүгө жана ыктыярдуулукка байланышкандыктан, алардын акча иштеп табуу мүмкүнчүлүгү укуктук жактан чектелген. Андыктан мамлекетте үчүнчү секторду (түздөн түз же кыйыр) каржылоо тутуму болушу керек. Экинчи жагынан алганда, ЖКУ калктын кеңири катмарларына кызмат көрсөтөт, ошондуктан калктын кайсы бир жолдор менен үчүнчү секторду колдоо тутумуна тартылышы жана кайсы ЖКУ канчалык өлчөмдө каржылык колдоо алышы керектигин чечиши өзүнөн өзү түшүнүктүү. Муну киреше салыгын бөлүштүрүү тутуму аркылуу камсыз кылууга болорун көптөгөн мамлекеттердин тажрыйбасы көрсөтүп турат. Мисалы, Словакияда, Венгрияда, Литвада, Польшада жана Румынияда (ошондой эле Борбордук жана Чыгыш Европа өлкөлөрүндө) киреше салыгынан түшкөн каражаттардын кандайдыр бир бөлүгүн ЖКУлардын пайдасына чегерүү бир нече жылдан бери бул уюмдарды колдоонун натыйжалуу ыкмасы болуп келет. Ар жылы жеке адамдар өздөрүнүн киреше салыгынын кайсы бир үлүшүн белгилүү юридикалык шарттарга ылайык тандап алынган ЖКУга жиберүү мүмкүнчүлүгүнө ээ.

#### *Словакиянын ийгиликтүү тажрыйбасы жана укуктук негизи*

Словакия Республикасында ЖКУларды мындай колдоо тутуму 2003-жылы «Киреше салыгы жөнүндө» № 595/2003 мыйзамга киргизилген оңдоолор Словакиянын жарандарына киреше салыгынын 1%ын өздөрү тандап алган ЖКУга жиберүүгө мүмкүнчүлүк бергенден тартып кадимкидей салтка айланды. Андан тышкары, 2004-жылы юридикалык жактарга да өздөрүнүн корпоративдик киреше салыгынын кайсы бир бөлүгүн тандап алынган ЖКУга жиберүү

мүмкүнчүлүгү берилген. Азыркы кезде Словакия парламенти салыктын үлүшүн 1%дан 2%га көбөйтүүгө макул болду.

Словакиялык салык төлөөчүлөр (жеке адамдар жана юридикалык жактар) киреше салыгынын 2%ын өздөрү тандап алган ЖКУга жибере алышат. Мындай колдоо алуу үчүн кайрылууну каалаган ЖКУ айрым мыйзам талаптарын («Киреше салыгы жөнүндө» № 595/2003 мыйзамдын §50 ылайык) аткарууга тийиш:

- ЖКУ айкын белгиленген багыттар (гуманитардык жардам, кайрымдуулук, балдарга кам көрүү, жаштарга жана спортко колдоо көрсөтүү, билим берүү, адам укуктарын коргоо, маданият, айлана-чөйрөнү коргоо) боюнча кызмат көрсөтүшү керек;
- ЖКУ конкреттүү юридикалык формага ээ болушу керек (фонд, жарандык ассоциация, коомдук пайдалуу кызмат көрсөтүүчү кирешесиз уюм, инвестициялык эмес фонд, Словакиянын Кызыл Кресты);
- ЖКУ алуучулардын атайы нотариалдык тизмесинде катталышы керек;
- ЖКУ милдеттүү түрдө камсыздандыруудан төлөмдөрдү албайт.

Ошондой эле эле салык төлөөчүлөр административдик жана техникалык мүнөздөгү айрым бөтөнчө юридикалык шарттарды аткарууга тийиш. Акырында, салыктан бөлүп берүү жол-жобосу өтө жөнөкөй – Словакиянын аймактык салык кеңселери бөлүнгөн каржыларды жарандар тандап алган ар бир ЖКУлардын банк эсебине которуп турат.

Словакиянын ЖКУларды каржылоо тутумунда салык төлөөчүнүн киреше салыгынын 2%ын бөлүп берүү укугу абдан маанилүү жана пайдалуу. Анткени бул словакиялык ЖКУ каражаттын бирден-бир ишенимдүү булагы болуп саналат. Бул каражаттар ЖКУлардын ишмердигин улантышына жана кеңейтишине мыйзамдуу анык мүмкүнчүлүк берет. 2008-жылы словакиялык салык төлөөчүлөр өздөрү тандап алган ЖКУларга 44 851 390 евро бөлүп беришкен, мурунку жылы (2007) бул сумма 42 125 074 еврону түзгөн. Ошентип 2008-жылы өсүш 2 726 316 еврону түзгөн.

Экинчи жагынан алганда, каражат бөлүүнүн бул тутуму коомдун маанилүү демократиялык элементи – түздөн түз демократиянын мыйзамдуу куралы болуп саналат. Бул тутумдун жардамы ме-

нен салык төлөөчүлөр бул каражаттарды кайсы коммерциялык эмес субъектилер кандайча колдонууга тийиш экендигин түздөн түз чече алышат.

Мындай практика айрым Азия өлкөлөрүндө (мисалы, Япония менен Монголияда) да бар, бирок Борбордук Азия өлкөлөрүндө азырынча такыр таанылa элек. КР ЖКнын өкүлдөрү Словакияга болгон окуу сапарынын жүрүшүндө Кыргыз Республикасы Борбордук Азия аймагында бул каржылык-укуктук ыкманы биринчи болуп колдоно баштаса болорун белгилешти.

***Нускамалар***

Кыргызстанда азырынча жарандык коомду каржылык колдоонун мындай тутуму жок. Мындай тутумду түзүү үчүн төмөнкү кадамдарды жасоо зарыл:

1. Мындай ыкманын өлкөдөгү экономикалык жана бюджеттик кырдаалга тийгизүүчү каржылык таасирин терең талдоо керек.
2. Мындай тутумду киргизүүнүн негизги принциптерин (киреше салыгынын бөлүнүп бериле турган үлүшүнүн ченемин, аталган салыкты чегерүүгө укуктуу салык төлөөчүлөрдүн тобун, каржылык алуусу мүмкүн болгондордун тизмесине кирүүчү ЖКУлардын тобун ж. у. с.) аныктоо керек.
3. Бул ыкманы колдонууга киргизүүнүн тутумду башкарууга байланышкан техникалык мүмкүнчүлүктөрүн (салык кеңселериндеги кызматчылардын санын ж.б.) изилдөө керек.
4. Жаңы укуктук ыкманы жайылтууга негиз боло турган түзөтүүлөрдү иштеп чыгып, тийиштүү мыйзам ченемдерине (КРнын Салык кодексине жана башка мыйзамдарга) киргизүү. Оңдоолор юридикалык жактарга жана жеке адамдарга киреше салыгынын 1%ын ыктыярдуу түрдө тандап алган ЖКУга чегерүү укугун камсыз кылышы керек. Ошондой эле Салык кодексинде жарандардын киреше салыгынын 1%ын алууга талапкер болууну каалаган ЖКУлардын укугун аныктоочу атайын пункттар болушу керек.
5. Акча каражаттарын тийиштүү ЖКУларга которууну жөнгө салуучу башкаруу тутумун түзүү керек.

6. Акча каражаттарын которуу процессинин ачык-айкын жана так болушун камсыз кылуу керек (салык кызматкерлерин даярдоо ж. у.с.).
7. Маалымат жана билим берүү иш-чараларын өткөрүү керек. Мында калк үчүнчү сектордун эксперттери менен биргеликте жаңы тутумдун максаты жөнүндө маалымат алып, ошондой эле сунушталган мыйзам долбоорун талкуулоого жана өз сунуштарын киргизүүгө мүмкүнчүлүк алышат.

### *6.2. Бардык жергиликтүү бийлик органдарын (муниципалитеттерди) КРнын ченемдик укуктук актыларынын жыйнактары менен акысыз камсыз кылуу*

#### *Словакиянын ийгиликтүү тажрыйбасы жана укуктук негиздери*

Словакия Республикасынын ченемдик укуктук актылар жыйнагы ченемдик милдеттүү түрдө аткарылышы керек болгон укуктук актылардын расмий булагы болуп саналат. Анда кабыл алынган конституциялык мыйзамдар, өкмөттүн токтомдору, мамлекеттик органдардын буйруктары жана токтомдору, Конституциялык соттун айрым чечимдери, референдум аркылуу кабыл алынган сунуштар, ошондой эле эл аралык келишимдердин тексттери камтылган.

Басылып чыккан бардык ченемдик укуктук актылар ар бири жаранга белгилүү болушу керек. Ар бир жаран ченемдик укуктук актылардын жыйнагын коомдук веб-сайт аркылуу таба алат. Мындан тышкары, мыйзамга ылайык (№ 1.2003 «Словакия Республикасынын ченемдик укуктук актылар жыйнагы жөнүндө» мыйзамы), бул жыйнактын ар бир бөлүгүнүн көчүрмөсү бардык жергиликтүү бийлик органдарына (муниципалитеттерине) акысыз берилет. Муниципалитет ар бир жарандын аталган көчүрмөнү пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыздоого тийиш.

#### *Нускамалар*

Ченемдик укуктук актылардын жыйнактарынын нускаларын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына таратуу аркылуу жарандарга мыйзамдардын мазмундары менен эркин таанышуу үчүн мүмкүнчүлүгүн берүү керек.

### *6.3. Кыргызстанда басылып чыгуучу бардык эксперттик материалдардын парламент китепканасына милдеттүү түрдө келип түшүшү*

#### *Словакиянын ийгиликтүү тажрыйбасы жана укуктук негизи*

Словакия парламентинин 1991-жылдан бери иштеп келе жаткан китепканасы парламенттик институттун бөтөнчө бөлүмү (департаменти) болуп эсептелет. Бул коомдук китепкана эмес. Ал парламент мүчөлөрүнө, парламенттин кеңсе кызматкерлерине, ошондой эле тандалган кардарларга (мисалы, мамлекеттик органдарга) гана кызмат көрсөтөт. Китепкана Словакиянын алдыңкы китепканалары жана маалымат берүүчү мекемелери менен, ошондой эле ЕСтин мекемелери жана башка чет элдик парламент китепканалары менен кызматташат. Бул китепкана 1992-жылдан бери Китепкана ассоциацияларынын эл аралык федерациясынын мүчөсү болуп саналат. Анын фондунда укук, саясат, парламентаризм, статистика, экономика, маалымат технологиялары, социалдык илимдер ж.б. тармактар боюнча 55 000 нуска басылма бар. Китепкананын ээлигинде парламенттик материалдар менен мыйзам жыйнактарынын адистештирилген фонду бар, ал Словакияда басылып чыгуучу бардык материалдардын көчүрмөсүн алууга укуктуу (№. 212Ө1997 «Мезгилдик эмес басылмалар менен чыгарылыштардын милдеттүү көчүрмөлөрү жөнүндө» мыйзамына ылайык). Парламенттик китепканынын журналдык фонду 1 000ден ашуун аталыштагы ички мезгилдик жана 50 аталыштагы чет элдик басылмаларды камтыйт. CD-rom-дордогу маалымат базасы да китепкана фондунун бир бөлүгүн түзөт.

Словакия парламентинин китепканасынын практикалык тажрыйбасы анын депутаттар менен мыйзам чыгаруу чөйрөсүнүн адис кызматкерлери үчүн маанилүүлүгүн ырастайт. Дүйнөнүн бардык парламенттеринде чечим кабыл алуу процесси жетиштүү сандагы маалыматка негизделиши керек. Ар бир мамлекетте басылып чыгуучу китептер анын ички турмушун, олуттуу маселелерин жана жетишкендиктерин, анда жүргүзүлүп жаткан илимий изилдөөлөрдү же башка мамлекеттердин тажрыйбаларын чагылдырат. Парламенттик сапаттуу китепкананын болушу – парламентчилерди зарыл маалыматтар менен камсыз кылуу шарттарынын бири.

***Нускамалар***

Кыргызстанда басылуучу эксперттик китептин, отчеттун же башка басылманын бир көчүрмөсүн Жогорку Кеңештин китепканасына милдеттүү түрдө берүү керек.

## 7. КОРУТУНДУ

Кыргыз Республикасынын Конституциясында өлкөнү өнүктүрүүнүн негизги багыттары жана максаттары бекитилген. Аларга жетишүү жана конституциялык мүдөөлөрдү жүзөгө ашыруу үчүн ар түрдүү ченемдик укуктук актылар иштелип чыгып, кабыл алынууда. Ошондой эле өлкөнүн Негизги мыйзамында жарандарга мамлекетти башкарууга түздөн түз жана кыйыр катышуу укугу кепилденген. Бирок мамлекет менен жарандардын иштешүүсүнүн азыркы форматтары натыйжалуу кызматташтыкты камсыз кылбайт да, мунун айынан кабыл алынуучу чечимдердин сапатын жогорулатууга өбөлгө түзүлбөйт.

Эгер өлкөнүн Конституциясын мамлекеттик түзүлүштүн жана өнүгүүнүн стратегиясы болсо, бийлик тарабынан кабыл алынып жаткан ченемдик укуктук актылар стратегияны жана коюлган милдеттемелерди ишке ашыруунун тактикасы болуп саналат.

Кабыл алынуучу ченемдик укуктук актылардын негизи болуучу иштелип чыгып жаткан чечимдердин рационалдуулугу жана ырааттуулугу чечимдерди иштеп чыгуучулар менен демилгечилердин гана эмес, кызыкчылыктарына бул чечимдер таасир тийгизе турган жактардын да кесипкөйлүгүнө болот. Ар түрдүү чөйрөлөрдө иштесе да, ченемдик укуктук актыны бирдей колдоно турган иш билги адистерди бириктирүү өлкөнүн чыныгы шарттарына жана анын жарандарынын мүдөөлөрүнө шайкеш келүүчү чечимдерди иштеп чыгуунун өзүнчө бир жолу болуп саналат.

Көптөгөн өлкөлөр ушул жолду тандап, бүтүндөй мамлекеттин да, жеке жарандардын да турмушу менен ишмердигинин ар түрдүү чөйрөлөрүндө алгылыктуу натыйжаларга жетишти. Мамлекет менен жарандардын кызматташуусу боюнча топтолгон тажрыйбаларды окуп-үйрөнүү, ошондой эле аларды Кыргыз Республикасынын шарттарына ылайыкташтыруу мамлекеттин өз жарандарына конституциялык кепилдиктерди камсыз кылуу жолдорунун бири болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жарандарды ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун кароого катыштыруу мүмкүнчүлүгү каралган. Ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун баштапкы экспертизадан парламенттик жана коомдук угуу форматында өткөрүлөт. Жарандардын ченемдик укуктук актыларды түзүүгө андан аркы түздөн түз катышуусу КРнын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» мыйзамында бекитилген.

Алсак, мыйзамда «жарандардын конституциялык укуктарын, эркиндиктерин жана милдеттерин камсыз кылуу; коомдук бирикмелердин, жалпыга маалымдоо каражаттарынын укуктук статусу; мамлекеттик бюджет, салык тутуму; экологиялык коопсуздук; укук бузууларга каршы күрөш; ишкердик аракеттерди мамлекеттик жөнгө салуунун жаңы түрлөрүн киргизүү маселелери боюнча мыйзам долбоорлору илимий, укуктук жана башка адистештирилген (долбоордун профилине жараша) экспертизадан өткөрүлүшү керек» деп жазылган. Ошондой эле мыйзам «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна киргизилген жана көз крандысыз илимий экспертизага берилген мыйзам долбоорлору мыйзам чыгаруу органынын отурумунда эксперттин бүтүмү болгон учурда каралат» деген ченемди бекиткен.

Экспертизанын стандарттары иштелип чыгып, КРнын Жогорку Кеңешинин 2008-жыл, 18-январдагы «Кыргыз Республикасынын Жогорку кеңешинде мыйзам долбоорлоруна экспертизалардын айрым адистештирилген түрлөрүн жүргүзүү боюнча Стандарттарды бекитүү жөнүндө» №75-IV токтому менен бекитилген. Атап айтканда, токтомдо: «Мыйзам чыгаруу демилгесин көтөрүүчү субъектилер мыйзам долбоорлорун Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине жиберүүдө Стандарттын талаптарын катуу сакташы керек» деген көрсөтмө берилген.

Ошентип, өлкөдө конституциялык кепилдиктерди ишке ашыруу максатында мамлекеттик органдар менен жарандык коомдун ийгиликтүү жана натыйжалуу кызматташуусу үчүн укуктук база бар. Бекитилген мыйзам ченемдерин мамлекет менен жарандардын кызматташуу практикасына киргизүү, бул чөйрөдө ийгиликтерге жетишүү үчүн өз ара пикир алмашуунун жана сунуш айтуунун кыйла ийкемдүү ыкмалары менен жол-жоболору болушу керек.

# 8. НУСКАМАЛАРДЫН ЖЫЙЫНДЫ ТАБЛИЦАСЫ

Төмөндөгү таблицада ушул отчетто берилген бардык нускамалар, аларды карап чыгып эске алышы үчүн мамлекеттик бийлик жана башкаруунун кайсы органдарына сунушталаарын көрсөтүү менен берилген.

### Нускамалардын биринчи тобу: «Мыйзам жаратуу процессинде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин, өкмөтүнүн, министрликтеринин жана ведомстволорунун жарандык коом уюмдары менен кызматташуусун жакшыртуу»

| *№№* | *Нускама* | *Кимге сунушталган* |
|---|---|---|
| **Мыйзам жаратуу процессинде коомчулуктун маалымат алуу мүмкүнчүлгүн Интернет-порталдары аркылуу камсыз кылуу** | | |
| 1. | КРнын «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө» мыйзамын жаңы берене менен толуктап, аны төмөнкүдөй редакцияда берүү керек: «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин аппараты кабыл алынган мыйзамдардын тексттерин, пленардык отурумдардын жана комитеттердин отурумдарынын күн тартибин, ошондой эле бир айлык календарлык пландардын элге жеткиликтүүлүгүн бул документтердин электрондук варианттарын парламенттин расмий сайтында жайгаштыруу аркылуу камсыз кылат». | КРнын Жогорку Кеңеши |

| | | |
|---|---|---|
| 2. | Материалдарды Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин расмий сайтында жайгаштыруунун конкреттүү мөөнөттөрүн бекитүү керек. Төмөнкү мөөнөттөрдү бекитүү сунуш кылынат:<br>♦ Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине келип түшүүчү бардык мыйзам долбоорлорун аларды коштоочу материалдар менен бирге жайгаштырууга 3 (үч) иш күнү;<br>♦ Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде кабыл алынган жана Кыргыз Республикасынын Президентине жиберилген мыйзамдардын тексттерин жайгаштырууга 5 (беш) иш күнү;<br>♦ четке кагылган мыйзам долбоорлору жөнүндө маалыматты жайгаштырууга 3 (үч) иш күнү;<br>♦ комитеттердин отурумдарынын жана пленардык отурумдун күн тартибине киргизилген маселелер тизмесин жайгаштырууга календарлык жума башталганга чейин 3 (үч) иш күнү. | Жогорку Кенеш |
| 3. | КРнын «Ченемдик укуктук ченемдик актылары жөнүндө» мыйзамында коомдук талкуунун предметине тиешелүү документтерди (негиздеме-маалымкат, экспертизалардын бүтүмдөрү, коомдук талкуулардын натыйжалары ж.б.) мыйзам чыгаруучу органдын расмий сайтында (сайты бар болсо) милдеттүү түрдө жайгаштыруу жолу менен жалпыга маалымдоо мөөнөттөрүн бекитүү керек. | Жогорку Кеңеш |

| Ченемдик укуктук актылардын биргелештирилген мамлекеттик порталын түзүү | | |
|---|---|---|
| 4. | Кабыл алынган бардык мыйзамдардын тексттерин, ошондой эле бардык мыйзам долбоорлорунун тексттерин өзүнө камтыган расмий маалыматтык укуктук Интернет порталын түзүү керек. Бул мыйзам долбоорлору иштелип чыга баштагандан тартып аларды талкууга коомчулуктун катышуу мүмкүнчүлүгүн берет. | КРнын Өкмөтүнүн аппараты<br><br>КРнын Транспорт жана катнаш министрлиги<br><br>КРнын Адилет министрлиги |
| 5. | Коомчулукту ар бир мыйзам долбоору боюнча ой-пикирлерин портал аркылуу жиберүү мүмкүнчүлүгү менен камсыздоо керек. Бул жарандарга маалымат алуу жана мамлекетти башкарууга катышуу укуктарын ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүн берет. | Өкмөттүк аппараты<br><br>Транспорт жана катнаш министрлиги<br><br>Адилет министрлиги |
| 6. | Долбоордун авторуна келип түшкөн ой-пикирлерге веб-сайт аркылуу жооп берүү мүмкүнчүлүгүн камсыздоо. | Өкмөттүн аппараты<br><br>Транспорт жана катнаш министрлиги<br><br>Адилет министрлиги |

| | | |
|---|---|---|
| 7. | Мыйзамдар менен мыйзам долбоорлорунун болгон электрондук базаларын мамлекеттик электрондук бир тутумга бириктирүү. | Өкмөттүн аппараты<br><br>Адилет министрлиги<br><br>Жогорку Кеңештин аппараты |
| 8. | Мыйзамдарга тийешелүү актылардын тексттерин министрликтер менен мамлекеттик органдардын веб-сайттарында жайгаштыруу. | Өкмөттүн аппараты<br><br>Адилет министрлиги |
| **Борбордук мамлекеттик кеңеш берүүчү органды түзүү** | | |
| 9. | Мыйзам чыгаруу процессинде жарандардын кызыкчылыктарын жактоочу жана мыйзам жаратуу процессинде болгон түрдүү кеңештер менен түздөн түз кызматташа турган кеңеш берүүчү органды түзүү. | Президенттик институт<br><br>Өкмөттүн аппараты |
| **ЖКУ менен мамлекеттик башкаруунун борбордук органдары менен үзгүлтүксүз байланыш жүргүзүү** | | |
| 10. | Өкмөттүн же башка мамлекеттик органдын алкагында ЖКУ менен иштөө боюнча атайын координациялык кеңсе түзүү. | Өкмөттүн аппараты |
| 11. | Катнаш жолунун тандап алынган түрүнө (уюштуруучулук түзүмүнө, мүчөлүгүнө, катнаш ыкмалары ж. у. с.) жараша кызматташуунун жол-жоболорун иштеп чыгуу | Өкмөттүн аппараты |

| | | |
|---|---|---|
| 12. | Катнаш жолдорун тандоо критерийлерин иштеп чыгуу. | Өкмөттүн аппараты<br><br>Жогорку Кеңештин аппараты |
| 13. | Катышуучу тараптардын өкүлдөрүн катнаш жолунун тандап алынган түрүнө жараша аныктоо. | Өкмөттүн аппараты<br><br>Жогорку Кеңештин аппараты<br><br>ЖКУ |
| 14. | Баарлашуучу тараптар ортосундагы карама-каршылыктарды жана келишпестиктерди жоюу үчүн күндөлүк катнаш жол-жоболорун иштеп чыгуу. | Өкмөттүн аппараты<br><br>Жогорку Кеңештин аппа-раты<br><br>ЖКУ |
| **Жарандарга мыйзам долбоорун даярдоону же кароону токтотуу сунушу менен мыйзам чыгаруучу субъектилерге кайры-луу укугун берүү.** | | |
| 15. | «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин регламенти жөнүндө» мыйзамга жарандардын мыйзам долбоорун даярдоону же кароону токтотуу жөнүндө жамааттык арыз берүү мүмкүнчүлүгү тууралуу ченемди киргизүү. | Жогорку Кеңеш |

| | | |
|---|---|---|
| 16. | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине 10 000 жарандын колу коюлган кайрылуусу келип түшкөндө, аны профилдик комитет карай тургандыгын бекитүү. | Жогорку Кеңеш |
| 17. | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине кайрылууга 30 000 кол коюлган учурда, жамаатык кайрылууга кол койгон жарандардан келип түшкөн сунуштарды кошумча иликтөө үчүн мыйзам долбоорун кароону кийинкиге жылдыра тургандыгын белгилөө керек. Маселени кошумча карап чыккандан кийин профилдик комитет 30 000 жаран билдирген сунуштарды эске алуу менен мыйзам долбоорун кайра кароо же мыйзам долбоорун өзгөртүүсүз калтыруу жөнүндө өз бүтүмүн чыгарат. | Жогорку Кеңеш |
| **Коомчулуктун ченемдик актылардын долбоорлоруна экспертиза жүргүзүүгө катышуусу.** | | |
| 18. | Ченемдик укуктук актылардын долбоорлоруна экспертиза жүргүзүү үчүн эксперттерди тандоо жол-жоболорун жана критерийлерин иштеп чыгып, колдонууга киргизүү. | Жогорку Кеңештин аппараты<br><br>Өкмөттүн аппараты |
| 19. | Эксперттердин маалымат базасын түзүп, КРнын Жогорку Кеңешинин сайтында жайгаштыруу. | Жогорку Кеңештин аппараты |

| | | |
|---|---|---|
| 20. | КРнын Жогорку Кеңешинин веб-сайтынын мыйзам долбоорлору жөнүндө бөлүмүндө мыйзам долбооруна жүргүзүлгөн адистештирилген экспертиза жөнүндө маалыматты жайгаштыруу. | Жогорку Кеңештин аппараты |
| 21. | Адилет министрлигинин алдында КРнын өкмөтүнүн алдындагы Мыйзам жаратуу иштеринин борборунун негизинде Экспертиза институтун түзүү. | Адилет министрлиги |
| 22. | Мыйзам долбоорлорун КР ЖКнын кароосуна киргизер алдында Адилет министрлигинде илимий, укуктук жана башка адистештирилген экспертизалардан өткөрүү. | Адилет министрлиги<br><br>Өкмөт |
| 23. | Иштелип чыгып жаткан мыйзам долбоорлоруна карата КР ЖКда коррупцияга каршы, гендерлик, укук коргоочу, экологиялык жана башка экспертизаларды жүргүзүү. | Жогорку Кеңештин аппараты |
| 24. | ЖКнын аппаратынын, министрликтер менен ведомстволордун, ошондой эле жарандык коом уюмдарынын кызматкерлерин адистештирилген экспертизаларды өткөрүү ыкмаларына окутуу. | Өкмөттүн аппараты<br><br>Жогорку Кеңештин аппараты |
| 25. | Мамлекеттик түзүмдөрдүн бюджетин калыптандырууда экспертизаларды жүргүзүү үчүн сырткы эксперттерди (конкурс негизинде) тартуу үчүн чыгымдарды кароо. | КРнын Каржы Министрлиги |

| Аткаруучу бийликтин мыйзам чыгаруу ишмердигинин жүрүшүндө коомдук талкууларды өткөрүү. | | |
|---|---|---|
| 26. | Коомдук талкуулар учурунда угууну өткөрүү мүмкүнчүлүгүн кароо | Адилет министрлиги |
| 27. | Жарандардан 500 адамдын колу коюлган билдирүү келип түшкөн учурда милдеттүү түрдө коомдук талкууларды өткөрүү демилгесин көтөрүү мүмкүнчүлүгүн кароо. | Жогорку Кеңеш<br>Өкмөт |
| 28. | Сунуштарды жазуу жүзүндө берүүнүн өкмөт тарабынан бекитиле турган форматын иштеп чыгуу. | Жогорку Кеңеш |
| 29. | Угууларда талкууланышы пландалып жаткан маселелер боюнча материалдарды жарыялоо мөөнөттөрүн, ошондой эле сунуштарды киргизүүнүн жана угууга катышууга чакыруу жөнүндө билдирүүнүн мөөнөттөрүн бекитүү. | Жогорку Кеңеш |
| 30. | Ченемдик укуктук актынын долбоорун толуктап иштеп чыгууда жарандык коом уюмдарынан келген сунуштарды пайдалануу критерийлерин иштеп чыгуу жана пайдаланууга киргизүү. | Жогорку Кеңеш |

| Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде парламенттик угууну өткөрүү жана мыйзам чыгаруу процессине коомчулуктун катышуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу. | | |
|---|---|---|
| 31. | «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин регламенти жөнүндө» мыйзамынын 80-беренесинде «Жогорку Кеңештин кароосундагы маселелер боюнча комитеттери жана убактылуу комиссиялары, ошондой эле депутаттык фракциялары» деген сөздөрдөн кийин «жана жарандык коомдор менен алардын бирикмелери (эгер демилгеге 500дөн кем эмес адам кол койгон болсо)» деп кошуп, андан ары текст боюнча улантуу керек. | Жогорку Кеңеш |
| 32. | 80-беренесинде «Парламенттик угуу зарылдыгына жараша өткөрүлөт» деген сөздөрдөн кийин «Жарандардын конституциялык укуктарына, эркиндиктерине; коомдук бирикмелердин, жалпыга маалымдоо каражаттарынын укуктук статустарына; мамлекеттик бюджетке, салык тутумуна; экологиялык коопсуздукка; укук бузууларга каршы күрөшкө; ишкердик аракеттерин мамлекеттик жөнгө салуунун жаңы түрлөрүн киргизүүгө байланышкан суроолор боюнча угуу дайыма өткөрүлөт.<br>Коомчулуктун чечимдерди кабыл алуу процессине катышуу мүмкүнчүлүгүн жогорулатуу максатында Жогорку Кеңеш жер-жерлерге барып угууну да уюштура алат» деген сөздөрдү кошуу керек. | Жогорку Кеңеш |

| Парламенттик угууну өткөрүү мөөнөттөрү жана ага чакыруунун принциптери | | |
|---|---|---|
| 33. | «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин регламенти жөнүндө» мыйзамынын 82-статьясын төмөнкү редакцияда берүү:<br>«Парламенттик угуу Жогорку Кеңештин комитеттери, убактылуу комиссиялары жана депутаттык фракциялары тарабынан өткөрүлөт.<br>Угуунун катышуучулары кызыккандыгын билдиргенине жана талкууланып жаткан маселе боюнча талаптагыдай жол-жобо менен берилген сунушу (сунуштары) бар экендигине карай тандалат. Катышуучулардын саны талкуу залындагы бош орундардын бар-жогуна жараша гана чектелиши керек. Эгер каалоочулардын саны бош орундардан көп болсо, анда талкууга катышуу үчүн тийиштүү маселе боюнча жарандарды жана алардын бирикмелерин өз ара макулдашылган сунуштарынын болушуна карай иргеп алып чакыруу зарыл (артыкчылык жеке адамдар эмес, уюмдардын топтору тарабынан даярдалган сунуштарга ыйгарылышы керек).<br>Угууга катышууну каалоочулар талкууланып жаткан маселе боюнча өз сунуштарын Жогорку Кеңештин токтому менен бекитилүүчү форматтарга ылайык билдирүүгө тийиш. Белгиленген форматка сыйбаган сунуштар каралбайт. Андан тышкары, угууну уюштуруучулар кызыкдар мамлекеттик ведомстволордун, ЖМКнын өкүлдөрүн жана башка адамдарды чакырат.<br>Угуу жөнүндө белгиленген убакыттан 20 күндөн кеч эмес мөөнөттө жалпыга маалым- | Жогорку Кеңеш Өкмөт |

| | | |
|---|---|---|
| | доо каражаттарында же Жогорку Кеңештин расмий сайтында жарыяланат. Талкуулануучу маселенин материалдары парламенттин расмий сайтында талкуу датасынан 20 күн өтө электе жайгаштырылышы керек.<br>Жарандар жана алардын бирикмелери угуу өтө турган датадан 10 күн калгандан кечиктир бестен өздөрүнүн катышууга кызыккандыгын жазуу жүзүндө билдирип, талкуулануучу маселе боюнча өз сунуштарын талаптагыдай жол-жобо менен бериши керек. Жогорку Кеңештин угуу демилгесин көтөрүп жаткан комитети, убактылуу комиссиясы же депутаттык фракциясы угуу болгонго 5 күн калган мөөнөттөн кечиктирбестен угууга катышууга кызыккан тарапка анын билдирүүсүнүн статусу жөнүндө кабарлашы керек». | |
| **Коомчулуктун сунуштарын эске алуу** | | |
| 34. | «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин регламенти жөнүндө» мыйзамынын 88-беренесин төмөнкү редакцияда берүү керек: «Парламенттик угууга келип түшкөн жана билдирилген сунуштар эске алынат.<br>Биротоло чечимди Жогорку кеңештин ыйгарымдуу органдары (комитеттери, комиссиялары, депутаттык фракциялары) чыгарат. Тигил же бул сунуш четке кагылган (же толук эмес кабыл алынган) учурда, сунушту иштеп чыккандарга мунун жүйөсүн түшүндүргөн жазуу жүзүндөгү жооп жиберилет». | Жогорку Кеңеш<br><br>Өкмөт |

| | | |
|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин отурумундагы угуунун жыйынтыктарын талкуулоо** | | |
| 35. | «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин регламенти жөнүндө» мыйзамынын 92-беренесинде: «6) каржылык-экономикалык негиздөөлөр (ишке ашырылышы үчүн кошумча материалдык жана башка чыгымдар талап кылынуучу мыйзам долбоору киргизилген учурда)» деген сөздөрдөн кийин «;» белгилерин коюп, андан ары: «7) талкууланып жаткан мыйзам долбоору боюнча өткөрүлгөн (эгер өткөрүлгөн болсо) парламенттик угуу жөнүндө кандай сунуштар киргизилгендиги жана алардын кайсылары эске алынганын же эске алынбаганы көрсөтүлгөн маалым кат» деген сөздөрдү кошумчалоо керек. | Жогорку Кеңеш |
| **Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин ишиндеги парламентик жол-жоболордун сакталышына карата коомдук көзөмөл** | | |
| 36. | Жогорку Кеңештин депутаттарынын жана кызмат адамдарынын (төраганын, анын орун басарларынын, комитеттердин төрагаларынын жана алардын орун басарларынын) ченемдик укуктук актыларда каралган жол-жоболорду сактоо боюнча жоопкерчилигин айкын белгилөө керек. | Жогорку Кеңеш |
| 37. | Депутаттардын жана жооптуу кызмат адамдары (төрага, анын орун басарлары, комитеттердин төрагалары жана алардын орун басарлары) парламенттик жол-жоболорду сактаган/сактабаган учурдагы иштешүү тартибин тактоо керек. | Жогорку Кеңеш |

| | | |
|---|---|---|
| 38. | Парламенттик жол-жоболор сакталбай жаткандыгы тууралуу 100дөн кем эмес жарандын колу коюлган жана тийиштүү жүйөлөр менен бекемделген арыз боюнча ыйгарымдуу тарап ченем түзүү процессин токтотуп, документти толуктап иштөө үчүн кайтарып берүүгө милдеттүү экендиги жөнүндөгү ченемди киргизүү керек. | Жогорку Кеңеш |
| 39. | «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин көзөмөлдөө милдеттерин аткаруу тартиби жөнүндө» мыйзамынын 2-беренесинде «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан анын карамагындагы маселелери боюнча токтом түрүндө кабыл алынган чечимдердин аткарылышына көзөмөл аталган чечимде көрсөтүлгөн мөөнөттөн эрте эмес убакытта жүргүзүлөт» деген сүйлөмдө «эрте эмес» деген сөздөрдү «кеч эмес»деген сөздөр менен алмаштыруу керек. | Жогорку Кеңеш |
| **Нускамалардын экинчи тобу:<br>«Коомдук уюмдардын иштөө шарттарын жакшыртуу жана укуктук маалымат алуу мүмкүнчүлүгүн жогорулатуу»** | | |
| ***№№*** | ***Нускамалар*** | ***Кимге берилген*** |
| **Киреше салыгынын 1%ын жарандык коом уюмдарынын пайдасына чегерүү.** | | |
| 40. | Киреше салыгынын 1%ын жарандык коом уюмдарынын пайдасына чегерүүнүн өлкөдөгү экономикалык жана бюджеттик кырдаалга тийгизүүчү каржылык таасирин талдоо керек. | Жогорку Кеңеш |

| | | |
|---|---|---|
| 41. | Киреше салыгынын 1%ын жарандык коом уюмдарынын пайдасына чегерүүнүн негизги принциптерин (киреше салыгынын бөлүнүп бериле турган үлүшүнүн ченемин, аталган салыкты чегерүүгө укуктуу салык төлөөчүлөрдүн тобун, каржыланышы мүмкүн болгондордун тизмесине кирүүчү ЖКУлар тобун ж.б.) аныктоо керек. | Жогорку Кеңеш |
| 42. | Аталган практиканы ишке ашыруунун ал тутумду башкарууга байланышкан техникалык мүмкүнчүлүктөрүн (салык кеңселериндеги кызматкерлердин санын ж.у.с.) изилдөө керек. | Жогорку Кеңеш |
| 43. | Тийиштүү түзөтүүлөрдү иштеп чыгып, КРнын Салык кодексине жана башка мыйзамдарга киргизүү керек. Оңдоолор юридикалык жактарга жана жеке адамдарга киреше салыгынын 1%ын өз ыктыярлары менен тандап алган ЖКУга чегерүү укугун камсыз кылышы керек. Ошондой эле Салык кодексинде жарандардын киреше салыгынын 1%ын алууга талапкер болууну каалаган ЖКУлардын укугун аныктоочу атайын пункттар болушу керек. | Жогорку Кеңеш |
| 44. | Акча каражаттарын тийиштүү ЖКУга которууну жөнгө салуу мүмкүнчүлүгүн берүүчү башкаруу тутумун түзүү керек. | Мамлекеттик салык кызматы<br><br>Өкмөттүн аппараты |

| | | |
|---|---|---|
| 45. | Акча каражаттарын которуу процессинин ачык-айкын жана так болуусун камсыздоо (салык кызматынын адистерин даярдоо ж. у. с.). | Мамлекеттик салык кызматы<br><br>Өкмөттүн аппараты |
| 46. | Киреше салыгынын 1%ын чегерүү тутумун маалымат жана билим берүү иш-чараларын жүргүзүүү аркылуу киргизүү. Бул иш чаралардын жүрүшүндө калк үчүнчү сектордун эксперттери менен биргеликте жаңы тутумдун максаты жөнүндө маалымат алат да, ошондой эле сунуш кылынган мыйзам долбоорун талкуулоо жана өз сунуштарын киргизүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. | Мамлекеттик салык кызматы<br><br>Өкмөттүн аппараты |
| **Жергиликтүү бийликтин бардык органдарын (муниципалитеттерди) КРнын ченемдик укуктук актыларынын жыйнактары менен акысыз камсыз кылуу** | | |
| 47. | Ченемдик укуктук актылар топтомдорунун нускаларын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына таратуу аркылуу жарандарга мыйзамдардын мазмундары менен эркин таанышуу мүмкүнчүлүгүн берүү керек. | КРнын Китеп палатасы<br><br>Жогорку Кеңеш |
| **Кыргызстанда басылып чыгуучу бардык эксперттик материалдардын КРнын Жогорку Кеңешинин китепканасына милдеттүү түрдө келип түшүүсү** | | |
| 48. | КРда басылып чыккан эксперттик китептин, башка басылманын бир нускасын милдеттүү түрдө КРнын парламентинин китепканасына берүү керек. | Китеп палатасы<br><br>Жогорку Кеңеш |

# ТИРКЕМЕЛЕР

*1-тиркеме*

**Словакиянын парламенттик аппаратын уюштуруу тажрыйбасы жана түзүмү жөнүндө маалымат**

Словакия парламенти Словакия Республикасынын Улуттук кеңешинин (парламентинин) процедуралык эрежелери жөнүндө мыйзамынын (№ 350/1996 жыйн.) негизинде мамлекеттик каражаттардын эсебинен каржылануучу бюджеттик бирдик катары Канцелярияны түзөт. Канцелярия парламенттин жана анын комитеттеринин ишмердиги үчүн зарыл болгон кесиптик, уюштуруучулук жана техникалык кызматтарды көрсөтөт. Канцелярия башка, атап айтканда, кызмат мамилелери, мамлекеттик менчикти жана мамлекеттик каражаттарды өзүнчө бюджеттик бирдиктин администратору катары коргоо жана башкаруу боюнча ченемдерде бекитилген милдеттерди да аткарат.

Канцелярины Улуттук кеңештин президенти тарабынан дайындалып же четтетилүүчү жана анын карамагында туруучу башчы жетектейт. Канцелариянын ар бир кызматкери менен иш келишими түзүлөт.

Канцелярия мамлекеттик, коомдук жана башка органдар менен корпорациялардан улуттук кеңештин жана анын комитеттеринин ишмердиги үчүн зарыл материалдардын, маалыматтардын жана түшүндүрмөлөрдүн баарын сурап алууга укуктуу. Бул органдар мындай сурамдарды канааттандырууга милдеттүү. Концелариянын ыйгарымдуу кызматкерлери Улуттук кеңештин же анын комитеттеринин отурумдарына катышып, мыйзам долбоорлоруна же башка каралып жаткан маселелерге тийиштүү өздөрүнүн бүтүмдөрүн билдире алышат.

Канцелярия Улуттук кеңешке жана анын комитеттерине берилген бардык материалдарды, басылмаларды жана досьелерди, файлдар-

ды, канцелярияга өз милдеттерин аткаруу үчүн берилген материалдар менен бирге сакталышына жана алар боюнча канцеляриялык иштердин жүргүзүлүшүнө жооп берет.

Канцелярияга бир нече департамент кирет да, алардын ар бирине белгилүү милдеттер жүктөлгөн.

Парламенттик институт Канцеляриянын өзгөчө бөлүгү болуп саналат. Анын милдетине Улуттук кеңештин ишмердигине жана анын депутаттарына байланышкан маалыматтарды берүү жана окутуу боюнча кызмат көрсөтүү кирет. Парламенттик институт экономика, айлана-чөйрө, социалдык камсыздоо, коопсуздук ж.б. коомдук маанидеги маселелер боюнча иштөөчү адистерден турат.

Парламентте мыйзам жаратуу жол-жобосун мыйзам жагынан колдоо үчүн Мыйзамдар жана укук департаменти түзүлгөн. Анын негизги милдети – мыйзам чыгаруу процессинин башынан аягына чейин, б. а. мыйзам долбоору Улуттук комитетке келип түшкөндөн тартып анын мыйзамдар жыйнагында басылып чыкканына чейин депутаттарга кесиптик колдоо көрсөтүү. Ошондой эле бул департамент Словакиянын укуктук түзүлүшү жана Европалык союздун мыйзамдары жөнүндө ар түрдүү маалыматтарды берип турат. Департамент ар бир мыйзам долбоору жана Улуттук кеңешке же Концелярияга багытталган бардык укуктук актылар үчүн милдеттүү болгон түшүндүрмөлөр боюнча юридикалык бүтүм чыгарып берет. Ошондой эле ал Конституциялык сотто каралуучу иштерге Улуттук кеңештин көз карашы боюнча бүтүмдөрдүн долбоорлорун даярдайт. Мындан тышкары, ал Конституцияга, Улуттук кеңештин жана анын комитеттеринин отурумдарына же Словакиянын ЕШке мүчөлүгүнө тиешелүү учурдагы маселелердин үстүндө иштейт. Ошондой эле департамент Концеляриянын ички нормативдерине карата өз түшүндүрмөлөрүн берет. Департаменттин штатында 22 кызматкер бар. Алар: департамент башчысы, Словакиянын укуктук түзүлүшү боюнча 13 юридикалык кеңешчи, ЕШтин мыйзамдары боюнча 6 юридикалык кеңешчи жана эки катчы. Кеңешчилердин ар бири мыйзамдын белгилүү бир багыты боюнча жооп берет да, бул адистешүүгө ылайык мыйзам долбоорлору бөлүштүрүлөт.

Коомдун өкүлдөрү саналган парламентарийлердин колунда ишке керектүү  эксперттик маалыматтардын баары эле боло бербейт. Андыктан парламент мүчөлөрүнө бардык актуалдуу маселелерди

билүүдө жана ыйгарымдуу тийиштүү милдеттерин толук аткарууда жардам берүүчү жетиштүү сандагы эксперт жардамчылар керек.

Парламенттин милдети – өкмөттү көзөмөлдөө жана сапаттуу мыйзамдарды чыгаруу. Андыктан парламенттин аппараты конкреттүү тармактардагы маселелерди мыйзам жаратуу жолу менен чечүү үчүн ошол тармактар боюнча адистерден турушу керек. Кесипкөй аппараттын бар экендиги парламенттин сапаттуу жана иш билги чечимдерди кабыл ала тургандыгына кепилдиктердин бири болуп саналат.

*2-тиркеме*

## Мамлекет менен ЖКУлардын үзгүлтүксүз байланышын камсыз кылуу боюнча Словакия менен Хорватиянын тажрыйбасы жөнүндө маалымат

***Словакиянын тажрыйбасы***

### Словакия Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жыл, 20-июндагы токтому менен бекитилген Өкмөткө караштуу Кеңеш жөнүндө жобо

**1-берене**

Словакия өкмөтүнө караштуу Бейөкмөт жана коммерциялык эмес уюмдар боюнча кеңештин (мындар ары – Кеңеш) жобосу Кеңештин милдеттерин, анын курамын, ошондой эле Кеңештин отурумдарын өткөрүү принциптерин аныктайт.

**2-берене**

Кеңеш жалпыга пайдалуу иштер менен, биринчи кезекте гуманитардык жана кайрымдуулук чөйрөсүндөгү, ошондой эле балдарды жана жаштарды коргоо, спортту өнүктүрүү, билим берүү, саламаттык сактоо, маданият, адам укуктарын коргоо, айлана-чөйрөнү коргоо, аймактык өнүгүү жаатында алектенген бейөкмөт (коммерциялык эмес) бирикмелердин, фонддордун, кайрымдуулук жана гуманитардык ишмердикти өнүктүрүү боюнча мекемелердин ишин колдоо максатында түзүлгөн Словакия Республикасынын өкмөтүнүн координациялоочу жана кеңеш берүүчү органы болуп саналат.

**3-берене**

**Кеңештин милдеттери**

1. Кеңеш өз милдеттерин аткарууда өкмөттүн ишмердик планына туура келүүчү өзүнүн жеке планын, ошондой эле Словакия Республикасынын Өкмөтүнүн мыйзам чыгаруу милдеттеринин планын жетекчиликке алат жана аларга таянат.
2. Кеңештин ыйгарым милдеттерине негизинен төмөнкүлөр кирет:
   a) бейөкмөт (коммерциялык эмес) уюмдардын ишмердигине колдоо көрсөтүү маселелери боюнча өкмөт чечим кабыл алышы үчүн, аталган маселелерге тиешелүү концептуалдуу материалдар менен чараларды иштеп чыгуу жана талкуулоо;
   b) бейөкмөт (коммерциялык эмес) уюмдардын ишмердигинин шарттарына тиешелүү мыйзам долбоорлоруна карата мамилелерди аныктоо жана мындай мыйзам долбоорлорун иштеп чыгуу;
   c) коомдук иштерди башкаруунун бардык деңгээлдеринде, бейөкмөт (коммерциялык эмес) уюмдардын коомдук ресурстардан пайдалануу мүмкүнчүлүгүнүн критерийлерин аныктоо, бейөкмөт (коммерциялык эмес) уюмдарга мамлекеттик бюджеттен субсидия берүү жана бейөкмөт (коммерциялык эмес) уюмдардын чечим кабыл алуучу жана мониторинг/баалоо жүргүзүүчү органдарга катышуусу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу жагынан мамлекет менен бейөкмөт (коммерциялык эмес) уюмдардын ортосундагы кызматташуу программасын иштеп чыгууда Словакия Республикасынын борбордук мамлекет башкаруу органдары менен шериктешүү;
   d) жалпыга жеткиликтүү маалымат тутумун кеңейтүүгө көмөктөшүү. Бул тутумда бейөкмөт коммерциялык эмес уюмдар жөнүндөгү, ошондой эле Словакия Республикасынын өкмөтүнүн долбоорлору жана программалары, анын чечимдери жана кабыл алынган милдеттенмелери жөнүндөгү маалыматтар топтому бейөкмөт (коммерциялык эмес) уюмдардын жана Словакия Республикасынын (СР) өкмөтүнүн суроо талаптарына жараша болот;
   e) өзгөчө татаал маселелерди чечүү боюнча атайын жумушчу топторду түзүү.

**4-берене**

**Кеңештин курамы**

1. Кеңеш төрагадан, төраганын орун басарынан, катчыдан жана Кеңештин мүчөлөрүнөн турат.
2. Кеңештин төрагасы болуп СРнын өкмөтүнүн төрагасынын билим, европалык маселелер, адам укуктары жана азчылыктардын укуктары боюнча орун басары эсептелет.
3. Кеңештин төрага орун басары болуп СРнын Каржы министрлигинин мамлекеттик катчысы саналат.
4. Кеңештин төрагасы менен төрага орун басарын СРнын Өкмөтү дайындайт жана кызматтан бошотот. Кеңештин катчысын жана мүчөлөрүн Кеңештин төрагасы дайындайт жана кызматтан бошотот.
5. Кеңештин катчысы болуп СРнын Өкмөтүнүн Канцеляриясынын адам укуктары жана азчылыктардын укуктары боюнча секторунун башчысы саналат.
6. Кеңештин мүчөлөрү болуп Словакия Республикасынын бейөкмөт (коммерциялык эмес) уюмдарынын, министрликтеринин жана башка мамлекеттик башкаруу боюнча борбордук органдарынын мүчөлөрү саналат.
7. Словакия Республикасынын үлгүлүү жараны гана Кеңештин мүчөсү боло алат.
8. Кеңешке мүчө болуу ардактуу милдет болуп саналат.
9. Отурумда катышпай тургандыгы жөнүндө мүчө Кеңештин катчысына алдын ала билдирет. Кеңешитн мүчөсүнүн ордунан отурумда катышуу укугу ишеним каттын негизинде берилиши мүмкүн.
10. Төмөнкү учурларда Кеңешке мүчөлүк токтотулат:
    a) мүчөнүн каза болуусу,
    b) мүчөлүктөн алуу,
    c) жазуу жүзүндөгү баш тартуу.

**5-берене**

1. Кеңештин төрагасы:
    a) Кеңештин ишмердигин башкарат жана Словакия Республикасынын Өкмөтүнүн алдында Кеңештин ишмердиги үчүн жооп берет;
    b) ишмердик планын Кеңештин бекитүүсүнө коёт;

c) Кеңештин отрумдарын чакырат;
d) Словакия Республикасынын Өкмөтүнө Кеңеш тарабынан жактырылган демилгелүү сунуштарды жана нускамаларды билдирет;
e) Словакия Республикасынын Өкмөтү менен тизмеде ар бир ысым боюнча макулдашылгандан кийин Кеңештин төрагасынын орун басарын жана мүчөлөрүн дайындайт жана кызматынан алат;
f) Кеңештин катчысын дайындайт жана кызматтан бошотот;
g) түзүү жөнүндө Кеңеш чечим кабыл алган атайын топтордун мүчөлөрүн дайындайт;
h) Кеңештин отурумдарына башка мекемелердин өкүлдөрүн чакырат;
i) ага Кеңеш тапшырган милдеттерди аткарат.

2. Төраганын орун басары:
a) Кеңештин төрагасы жок учурларда төрага ыйгарган укуктар менен милдеттердин чегинде анын атынан иш алып барат;
b) Кеңештин отурумунда добуш берүү укугу менен катышат.

3. Кеңештин катчысы:
a) Кеңештин ишмердик планынын долбоорун иштеп чыгат;
b) Кеңештин отурумдарынын уюштуруучулук жана административдик даярдыгын камсыз кылат;
c) Кеңештин отурумуна берилүүчү материалдар боюнча сунуштар менен нускамалардын долбоорун даярдоо үчүн административдик жактан жооп берет;
d) Кеңешке анын токтомдорунун аткарылышы жөнүндө маалымат берип турат;
e) Кеңештин отурумдарында добуш берүү укугусуз катышат;
f) Кеңештин отурумунун протоколунун түзүлүшүнө жооп берет.

4. Кеңештин мүчөлөрү:
a) Кеңештин отурумдарында добуш берүү укугу менен катышат;
b) Кеңештин ишмердик планын жана отурумдарынын күн тартибин бекитишет;
c) Кеңештин отурумдарында талкууланууч материалдар боюнча көз караштарды, сунуштарды жана нускамаларды иштеп чыгышат;
d) бейөкмөт (коммерциялык эмес) уюмдардын маселелерин чечүү боюнча сунуштарды жана нускамаларды көрсөтүшөт.

**6-берене**
**Кеңештин отурумдарын өткөрүү принциптери**

1. Кеңештин отурумдарын төрага чакырат жана өткөрөт.
2. Кеңеш эреже катары, бир жылда эки жолу өз отурумун өткөрөт.
3. Кеңештин төрагасы анын мүчөлөрүнүн жөнөкөй көпчүлүгү, ошондой эле бейөкмөт (коммерциялык эмес) уюмдардын өкүлдөрүнүн жөнөкөй көпчүлүгү талап кылган учурда, Кеңештин отурумун өткөрүү жөнүндө арыз келип түшкөндөн 15 күндөн кечиктирбестен Кеңештин отурумун чакырууга милдетүү.
4. Кеңеш анын мүчөлөрүнүн жөнөкөй көпчүлүгү катышкан учурда, өз отурумун өткөрө алат жана укук күчүнө ээ болот.
5. Эгер Кеңештин токтом долбоору үчүн катышуучу мүчөлөрүнүн жөнөкөй көпчүлүгү добуш берсе, Кеңештин чечимдери укук күчүнө ээ болот. Добуштар тең болуп калган учурда Кеңештин төрагасы жактаган чечим кабыл алынат.

**7-берене**
**Күчүнө кириши**

Бул жобо Словакия Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилген күндөн тартып күчүнө кирет.

---

## Өкмөттүн Кеңеши тарабынан 2008-жылы 27-февралда бекитилген Өкмөттүн Кеңешинин регламенти

**Жалпы жоболор**

**1-берене**

1. Кеңештин төрагасы анын ишмердиги үчүн жоопкерчиликтүү, бул жагынан ал Словакия Республикасынын Өкмөтүнүн (мындан ары – Өкмөт) алдында жооп берет.
2. Кеңештин төрагасы жок учурда анын ишин орунбасары төрага ыйгарган укуктар менен милдеттердин чегинде жүргүзөт.

**2-берене**

1. Кеңеш өз милдеттерин Өкмөттүн ишмердик планына шайкеш келген өзүнүн ишмердик планына, ошондой эле Өкмөттүн мый-

зам чыгаруу ишмердигинин планына ылайык аткарат жана аларга таянат.

2. Кеңеш эреже катары, бир жылда эки жолу өз отурумун өткөрөт.
3. Кеңештин төрагасы анын мүчөлөрүнүн жөнөкөй көпчүлүгү, ошондой эле бейөкмөт (коммерциялык эмес) уюмдардын өкүлдөрүнүн жөнөкөй көпчүлүгү талап кылган учурда, Кеңештин отурумун өткөрүү жөнүндө арыз келип түшкөндөн 15 күндөн кечиктирбестен Кеңештин отурумун чакырууга милдетүү.
4. Өзгөчө татаал маселелерди чечүү үчүн Кеңеш атайын жумушчу топторду түзөт.

**Кеңештин отурумун даярдоо**

**3-берене**

1. Кеңештин отурумдарын төрага чакырат жана өткөрөт, ошондой эле ал Кеңештин күн тартибинин долбоорун сунуштайт.
2. Отурумга материалды ыйгарым укуктуу адам Кеңештин катчысына Кеңештин отуруму башталардан 7 күн калгандан кечиктирбестен билдирет.
3. Кеңештин отурума анын күн тартиби, ошондой эле жазуу жүзүндөгү материалдары менен кошо жазуу жүзүндөгү чакыруулар, Кеңештин ар бир мүчөсүнө Кеңештин отуруму башталарга 7 күн калгандан кечиктирбестен берилет.
4. Кеңештин мүчөсү Кеңештин отурумуна өзү катышпай тургандыгы жөнүндө Кеңештин катчысына алдын ала жазуу жүзүндө билдирүүгө милдеттүү.
5. Кеңештин отурумунда бейөкмөт (коммерциялык эмес) уюмдардын өкүлдөрүнүн жөнөкөй көпчүлүгү жок болгон учурда Кеңештин төрагасы отурумдун кийинки мөөнөтүн белгилейт жана аны Кеңештин мүчөлөрүнө билдирет (жазуу жүзүндө, телефон аркылуу, факс аркылуу).
6. Кеңештин отурумунун күн тартибин Кеңештин ишмердик планынын негизинде жана Кеңештин мүчөлөрүнүн бейөкмөт (коммерциялык эмес) уюмдардын маселелерин чечүү боюнча сунуштары менен нускамаларынын негизинде төрага сунуш кылат.

7. Кеңештин отурумунда сунушталуучу материалга негизинен төмөнкүлөр камтылат:
   a) материалдын аталышы;
   b) материал менен тааныштыруучу адамдын кызмат орду;
   c) материал менен тааныштыруу күнү;
   d) материал менен тааныштыруу үчүн себептер/жүйөлөр
   e) каралып жаткан материал жөнүндө маалымкат;
   f) бүтүмдөрдүн жана токтомдун долбоору.

**Кеңештин отуруму**

**4-берене**

1. Кеңеш жазуу жүзүндөгү материалдардын (отчёттун долбоорлорунун, талдоо макалаларынын) негизинде, ошондой эле Кеңештин мүчөлөрү билдирген оозеки маалыматтардын негизинде өз отурумун өткөрүп, чечим чыгарат.
2. Негиздүү жана кечиктирилгис жагдайларда Кеңештин мүчөсү түздөн түз отурум учурунда койгон маселени Кеңеш катышып жаткан мүчөлөрдүн көпчүлүгүнүн макулдугуна карай талкуулай алат.

**5-берене**

1. Кеңеш өз мүчөлөрүнүн жөнөкөй көпчүлүгү катышкан учурда өз отурумун өткөрө алат.
2. Кеңештин мүчөсүнүн ордуна катышуу ишеним каттын негизинде болот.
3. Эгер Кеңештин отурумунда анын мүчөлөрүнүн жөнөкөй көпчүлүгү жок болсо, Кеңештин төрагасы отурумду өткөрбөйт жана кийинки отурумдун болчу күнүн белгилейт же аны кийинчерээк белгилеп, ал жөнүндө Кеңештин мүчөлөрүнө (жазуу жүзүндө, телефон аркылуу, факс аркылуу) кабарлайт.
4. Кеңештин отурумдары эреже катары жабык түрдө болот. Кеңеш өз отурумунун натыйжалары тууралуу коомчулукка билдирет.
5. Кеңештин төрагасы отурумга талкууланып жаткан маселелерди калыс баалоого көмөк көрсөтө ала турган башка мекемелердин өкүлдөрүн чакыра алат.
6. Кеңештин отурумунун катышуучулары өздөрүнүн катышып жаткандыгын келгендердин тизмесине кол коюу аркылуу ырастайт.

**Кеңештин катчысы**

**6-берене**

1. Кеңештин катчысы болуп Словакия Республикасынын Өкмөттүк Канцеляриясынын адам укуктары жана азчылыктардын укуктары боюнча секторунун башчысы эсептелет.
2. Кеңештин катчысы Кеңештин отурумдарында добуш берүү укугусуз катышат.
3. Кеңештин катчысы Кеңештин отурумунун протокол жана анын тиркемелерин түзөт, ошондой эле Кеңештин ишмердигине байланыштуу башка уюштуруучулук жана административдик милдеттемелердин аткарылышын камсыз кылат.

**Кеңештин отурумунун жүрүшү**

**7-берене**

1. Кеңештин отурумун Кеңештин төрагасы алып барат.
2. Ар бир отурумдун башталышында Кеңеш өз отурумунун күн тартибин талкуулайт жана Кеңештин төрагасы аны добушка коёт.
3. Отурумдун күн тартибинин долбоорун талкуулоодо Кеңеш өз мүчөсүнүн сунушу боюнча аны толуктап же өзгөртө алат.
4. Кеңештин отурумунун күн тартибине киргизилген материалды ыйгарым укук алган адам көрсөтөт. Өз сөзүндө ыйкарымдуу адам көрсөтүлүп жаткан материалды негиздеп берет. Ыйгарымдуу адам чыгып сөз сүйлөөдөн баш тарта алат.

**8-берене**

1. Кеңештин мүчөлөрү отурумдун күн тартибинин айрым пункттары боюнча Кеңештин отурумунун жүрүшүндөгү каалаган убакытта өз пикирлерин айтып жана сунуш киргизе алышат. Кеңештин отурумуна чакырылган башка мекемелердин өкүлдөрү Кеңештин төрагасынын макулдугу менен өз пикирлерин айтып жана өз түшүндүрмөлөрүн бере алышат.
2. Материалды көрсөткөн адам жыйынтык сөзүндө Кеңештин отурумунда айтылган көз караштарга өз жообун айтат.
3. Кеңештин отурумунун бүтүмдөрүн кабыл алуу боюнча көз караштар менен сунуштар талаптагыдай негизделиши керек.

**Токтомдорду кабыл алуу**

**9-берене**

1. Отурумдун бүтүмдөрүн төрага анын жүрүшүндө айтылган көз караштарды эске алуу менен тыянактап айтат.

**10-берене**

1. Кеңештин отурумунун бүтүмдөрү ачык добуш берүү аркылуу кабыл алынат.
2. Кеңештин мүчөлөрү Кеңештин отурумунда добуш берүү укугу менен катышат. Ар бир мүчө бир добушка ээ.
3. Эгер отурумда токтомдун долбоорун Кеңештин мүчөлөрүнүн жөнөкөй көпчүлүгү колдосо, Кеңештин чечими мыйзамдуу күчкө ээ болот. Добуштар тең болуп калган учурда Кеңештин төрагасынын добушу чечүүчү болот.

**11-берене**

1. Кеңеш талкууланып жаткан маселелер боюнча Кеңештин токтому түрүндө чечим кабыл алып, анын анын акыркы редакциясын Кеңештин төрагасы тыянактап айтат.
2. Кеңештин токтомуна төмөнкүлөр камтылат:
   a) Кеңештин токтомунун кабыл алынган күнү жана номуру;
   b) Кеңештин чечиминин так тексти;
   c) Милдеттемелер, милдеттенмелердин аткарылышы үчүн жеке жоопкерчилик жана алардын аткарылыш мөөнөттөрү;
   d) башка субъектилер үчүн нускамалар.
3. Токтом Кеңештин протоколунун курамдуу бөлүгү болуп эсептелет.

**Кеңештин отурумунун протоколу**

**12-берене**

1. Кеңештин отуруму боюнча протокол түзүлөт.
2. Кеңештин отурумунун протоколунда Кеңештин отурумунун күнү жана орду, катышуучулардын аты-жөндөрү, Кеңештин мүчөлөрүнүн ордуна катышып жактан адамдардын аты-жөнү, отурумундун күн тартиби, отурумдун жүрүшү тууралуу маалымат, ошондой эле кабыл алынган бүтүмдөр (токтомдор) камтылган. Протоколдун тиркемеси болуп Кеңештин отурумунда көрсөтүлгөн материалдар эсептелет.

3. Кеңештин мүчөсү анын талкууланып жаткан маселе жана Кеңештин токтому боюнча наразылыктары жана өзгөчөлөнгөн көз карашы Кеңештин отурумунун протоколунда чагылдырылышын талап кылууга укуктуу.
4. Кеңештин отурумунун протоколу Кеңештин бардык мүчөлөрүнө тапшырылат.
5. Чакырылган адамдарга же талкууланууучу маселелерге тиешеси бар субъектилерге протоколдун көчүрмөсү же Кеңештин бүтүмдөрү тууралуу жазуу жүзүндөгү маалымат жиберилет.
6. Кеңештин отурумунун протоколу отурум аяктагандан кийинки күндөн тартып 15 үч күндөн кеч эмес убакытта жиберилет.
7. Протокол жана Кеңештин отурумуна байланышкан бардык материалдарды кеңештин катчысы архивдештирет.

**Өзгөртүүлөр жана толуктоолор**

**13-берене**

Аталган регламентке өзгөртүүлөр менен толуктоолор Кеңеш тарабынан бекитилет.

**Күчүнө кириши**

**14-берене**

Бул Регламент ал Кеңеш тарабынан бекитилген мөөнөттөн тартып күчүнө кирет.

***Хорватиянын тажрыйбасы***

## Хорватия Республикасынын Өкмөтү, Бейөкмөт уюмдар менен кызматташуу маселелери боюнча кеңсе

**Кеңсе жөнүндө**

Бейөкмөт уюмдар менен кызматташуу маселелери боюнча мамлекеттик Кеңсе (мындан ары – Кеңсе) бейөкмөт, коммерциялык эмес сектор менен, өзгөчө Хорватия Республикасынын ассоциациялары менен кызматташтыкты жана өнөктөштүктү камсыз кылуу үчүн Хорватия өкмөтүнүн деңгээлинде экспреттик ишмердикти жүзөгө ашыруу максатында 1998-жылы Бейөкмөт уюмдар менен кызматташуу маселелери боюнча мамлекеттик Кеңсе жөнүндө жобонун негизинде түзүлгөн.

Кеңсе Хорватия Республикасында бейөкмөт жана коммерциялык эмес сектордун ишмердиги үчүн жаңы мыйзам негиздерин түзүү жана сунуш кылуу тармагында кызматташуудан, жарандык сектордун өнүгүүсү үчүн жагымдуу шарт түзүү боюнча Улуттук стратегиясынын ишке ашырылышына жана аткарылышынын операциялык планына мониторинг жүргүзүүдөн тартып жарандык коомдун секторун мамлекеттик бюджеттен жана башка коомдук булактардан, ошондой эле Европа Шериктештигинин кирүү алдындагы жана түзүмдүк фондуларынан каржылоо боюнча программаларды, стандарттарды жана нускамаларды иштеп чыгууга чейинки түркүн иштерди жүргүзөт.

Бейөкмөт уюмдар менен кызматташуу маселелери боюнча мамлекеттик кеңсе жөнүндөгү азыр күчүндө турган жобого ылайык, Кеңсенин милдети – министрликтердин, борбордук мамлекеттик кеңселердин, Хорватия Өкмөтүнүн бөлүмдөрүнүн жана мамлекеттик администрациялардын, ошондой эле жергиликтүү деңгээлдеги башкаруу органдарынын иштерин Хорватия Республикасынын бейөкмөт, коммерциялык эмес уюмдарына мониторинг жүргүзүүгө жана алар менен кызматташтыкты өнүктүрүүгө байланыштуу координациялоо.

Кеңсе Европа Шериктештигинин программалары тарабынан каржылануучу жана Каржы министрлигинин борбордук каржылоо жана келишимдер бөлүмүндө катталган жарандык коомдун өнүгүүсүн колдоо боюнча долбоорлорду ишке ашырат. CARDS программасынын демилгеленген долбоорунан жана PHARE менен IPA-нын алкагында пландалып жаткан долбоорлордон сырткары, Кеңсе «Европа жарандар үчүн» коомдук программасынын жүзөгө ашырылышына жоопкерчиликтүү. Аталган долбоор 2008-жылдан тартып Хорватияда жарандык коом уюмдары ишке ашырып келе жаткан долбоорлорду каржылоо үчүн кошумча мүмкүнчүлүктөрдү ачат.

Хорватия Республикасынын парламенти тарабынан 2007-жылы февралда кабыл алынган БӨУлардын программалары менен долбоорлорун каржылоодогу алдыңкы тажрыйбанын, стандарттарынын жана жайгаштыруу деңгээли кодексинин алкагында Кеңсе БӨУлардын программаларын мамлекеттик бюджеттен каржылоо стандарттарын жакшыртуу боюнча иш жүргүзөт.

Бул милдеттерди аткарууда Кеңсе Жарандык коомду өнүктүрүү боюнча кеңеш менен кызматташып, өз кезегинде ага техникалык, административдик, кесиптик жана каржылык колдоо көрсөтөт.

## Жарандык коомду өнүктүрүү боюнча кеңеш

**Кеңеш жөнүндө**

Жарандык коомду өнүктүрүү боюнча кеңеш (мындан ары – Кеңеш) – Хорватия Республикасынын кеңеш берүүчү-эксперттик органы. Ал жарандык коомдун, кайрымдуулуктун, социалдык капиталдын, ар түрдүү секторлордун арасында өнөктөштүк мамилелердин жана кызматташтыктын өнүгүүсү үчүн жагымдуу чөйрө түзүү боюнча Улуттук стратегияны жүзөгө ашырууда Хорватия өкмөтү менен бейөкмөт, коммерциялык эмес сектордун ортосунда Кызматташтык программасын жүргүзөт жана анын натыйжалуулугун камсыздайт.

Кеңештин милдеттерине Хорватиянын мамлекеттик саясатына жана өкмөтүнүн жарандык секторго байланыштуу иштеп чыккан жоболору жөнүндө отчетторуна дайыма мониторинг жүргүзүү жана аларды талдап туруу; жарандык коомдун уюмдардын долбоорлору менен программаларына мамлекеттик бюджеттен гранттарды бөлүп берүү боюнча талкууларга жана улуттук программалардын артыкчылыктуу багыттарын аныктоо ишине катыштыруу; мамлекеттик башкаруу органдарынын бөлүнүп берилген гранттарды, Европа Шериктештигине кирүү программаларын жана тийиштүү каражаттарды пайдалануу үчүн пландоо, мунун артыкчылыктуу багыттарын аныктоо жаатындагы кызматташуу тууралуу ар жылдык отчетторун топтоо жана талдоо кирет.

Кеңеш 23 мүчөдөн турат, алардын ичинде тийиштүү мамлекеттик башкаруу органдарынын 10 өкүлү, бейөкмөт, коммерциялык эмес уюмдардын 10 өкүлү жана жарандык коомдун эл аралык кызматташуу, тармактар аралык кызматташуу жана европалык биргелешүү маселелери боюнча 3 эксперти бар. Кеңеш өз мүчөлөрүнүн – БӨУлардын жана башка мамлекетти кэмес уюмдардын өкүлдөрүнөн, коммерциялык эмес юридикалык жактардын жана жарандык коомдун эксперттеринин арасынан шайлануучу президент тарабынан жетектелет. Кеңештин президенти жана мүчөлөрү өз орундарын 3 жыл ээлешет. Алар кайра шайлануу мүмкүнчүлүгүнө ээ.

Кеңештин иши 2002-жылы кабыл алынган Жарандык коомду өнүктүрүү жана Кеңештин төрагасы менен мүчөлөрүн дайындоо үчүн Кеңеш түзүү жөнүндө чечимге негизделет да, Регламент боюнча жөнгө салынат. БӨУлар менен кызматташуу маселелери боюнча мамлекеттик кеңсе Кеңештин эксперттик жана башкаруучулук тапшырмаларын аткарат.

(Жарандык коомду өнүктүрүү жана Кеңештин төрагасы менен мүчөлөрүн дайындоо үчүн Кеңеш түзүү жөнүндө чечим: Расмий Газета/Official Gazette № 26/2002; Жарандык коомду өнүктүрүү жана Кеңештин төрагасы менен мүчөлөрүн дайындоо үчүн Кеңеш түзүү жөнүндө Чечимге оңдоолорду киргизүү жөнүндө чечим: Расмий Газета/Official Gazette № 111/2003; Жарандык коомду өнүктүрүү боюнча кеңеш түзүү жөнүндө чечимге оңдоолорду киргизүү жөнүндө чечим: Расмий Газета/Official Gazette № 34/2004; Жарандык коомду өнүктүрүү боюнча кеңеш түзүү жөнүндө чечимге оңдоолорду киргизүү жөнүндө чечим: Расмий Газета/Official Gazette № 11/2007; Жарандык коомду өнүктүрүү боюнча кеңештин регламенти – http://www.uzuvrh.hr/page.aspx?pageIDү75)

*3-тиркеме*

**«Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» мыйзам долбоору боюнча сунуштар**

*(мыйзам долбоорун 2009-жылы март айында коомдук талкуудан өткөрүү мезгилинде ушул долбоордун эксперттери даярдаган)*

**Жалпы түшүндүрмөлөр**

Мыйзам долбоору төрт принципке таянуу менен ченем түзүү ишин жакшыртууга багытталат:

- ♦ жарандардын жана юридикалык жактардын укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын сактоо;
- ♦ мыйзамдуулук;
- ♦ негиздүүлүк;
- ♦ ачык-айкындык.

Негиздеме маалымкат ченем түзүү процессинин формаларын жакшыртууга багытталгандыгын билдирет, ошол эле учурда мыйзам долбоорунун өзү мыйзам түзүүнүн сапатына байланыштуу маселелерди, ошондой эле аталган процесске жарандык коомду активдүү катыштыруу маселелерине тийиштүү. Жарандык коомду ченем түзүү процессине тартуунун натыйжалуулугу жагынан айрым эске алынбай калган нерселер бар экендигин белгилей кетүү керек. Мисалы, мыйзам долбоорунда альтернативдүү долбоорлорду даярдоо

мүмкүнчүлүгү каралган эмес (мурунку «КРнын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» мыйзамда IV-б., 26-бер. 3-пунктунда «укук түзүүчү орган альтернативдүү долбоорлорду даярдоону тапшырууга укуктуу…» деп мындай мүмкүнчүлүк каралган»).

Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык, ченем түзүү акты 30 000 (отуз миң) кол чогулткан жарандар тарабынан демилгеленип жана сунушталышы мүмкүн. Бирок аталган мыйзам долбоорунда 30 000 жаран сунуш кылган ченем түзүүчү актыларды экспертизадан өткөрүү тартиби аныкталган эмес.

**Конкреттүү сунуштар**

***11-беренеге түшүндүрмөлөр***

Мыйзам долбоорунда нормативдик укуктук акт деп «белгисиз сандагы адамдарга жана көп ирет колдонууга ылайыкталган, жалпыга милдеттүү жүрүм-турум эрежелерин камтыган, белгиленген формадагы расмий документ» аталары көрсөтүлгөн. Анда ошондой эле ченемдик укуктук актылардын түрлөрү жана алардын иерархиялык катнашы (конституция, конституциялык мыйзам, кодекс, мыйзам, президенттин буйругу, парламенттин токтому, өкмөттүн токтому, БШКнын токтому, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүк органдарынын – жергиликтүү кеңештердин токтомдору) бекитилет.

***Тыянак***

«Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» азыркы кезде күчүндө турган мыйзамда бекитилген, президент тарабынан, КР ЖКнын төрагасы, премьер-министр, министрликтер менен ведомстволордун жетекчилери, ошондой эле жергиликтүү мамлекеттик администрациялар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу бийликтери тарабынан чыгарылуучу ички ведомстволук актылардын (буйрук, тапшырым) статусу түшүнүксүз бойдон калган. Аталган актылар мамлекеттик бийлик органдарынын, мамлекеттик башкаруу органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ичиндеги укуктук мамилелерди жана кызмат ордуна жараша иерархияны (кызматка дайындоо, кызмат ордунда жогорулатуу, мамлекеттик же муниципалдык кызматтын класс боюнча наамын ыйгаруу ж.б.) бекитет.

***Сунуштар***

1. Мыйзам долбооруна ченемдик укуктук актыларын (буйруктарды жана тапшырымдарды) ишке ашырууга карата кабыл алынуучу актылар жөнүндө жана алардын статусун мамлекеттик бийлик органдары менен мамлекеттик башкаруу органынын же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын тиркемесинде бекитүү жөнүндө шилтеме ченемдерди киргизүү зарыл.
2. Ченем түзүү ишмердиги үчүн мыйзам долбоорунда сунушталган төрт принцип, атап айтканда, жарандар менен юридикалык жактардын укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын сактоо, мыйзамдуулук, негиздүүлүк жана ачык-айкындык принциптери ченемдик укуктук актыларды ишке ашырууда мамлекеттик аткаруу бийлик органдарына жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына карата да колдонулушу керек.

***«Ченем түзүү боюнча ыйгарым укуктарын бере туруу» жөнүндө 8-беренеге карата түшүндүрмөлөр***

Мыйзам долбооруна ылайык, 8-беренеде ыйгарым укуктарды бере туруу укугу ишкердик аракеттер чөйрөсү менен чектелип калган. Жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин сактоо сыяктуу маанилүү чөйрөдө жоопкерчилик бекитилген эмес.

***Тыянак***

Ыйгарым укуктарынын ишкердик аракеттер чөйрөсү менен гана чектелип калгандыгы КРнын Конституциясында бекитилген адам укуктары менен эркиндиктеринин артыкчылыгын төмөндөтөт.

***Сунуштар***

1. 8-беренеде «чөйрөсүндө» деген сөздү «жарандардын укуктары менен эркиндиктеринин чөйрөсүндө жана» деген сөздөр менен алмаштырып, андар ары текст боюнча улантуу керек.
2. 8-беренеде 5-пунктту кошуп, аны мындай мазмунда берүү керек: «Ченем түзүүчү орган альтернативдүү долбоорлорду даярдоону бир нече органга, мекемелерге, уюмдарга, адамдарга тапшырууга, ошондой эле эң мыкты долбоорлор үчүн конкурс жарыялоого укуктуу».

***«Ченем түзүү ишмердиги жана анын баскычтары» жөнүндө 19-беренеге карата түшүндүрмөлөр***

1. Мыйзам долбооруна ылайык, ЧУАнын даярдалган долбоору коомдук талкууга коюлат. Сунуштар кабыл алынып, каралат жана жалпыланат. Бирок 26-берененин 1-пунктуна ылайык жүргүзүлгөн экспертизалардын негизинде даярдалган бүтүмдөр зарылдыгына жараша тиркелет.
2. Ошондой эле 19-берененин 2-пункту ченем түзүү ишмердигинин баскычтарын аныктайт. Бирок мыйзам жаратуу түрмөгүндөгү үч маанилүү баскыч – экспертизаларды өткөрүү, альтернативдүү мыйзам долбоорлорун (сунуштарды) кароо жана келип түшкөн мыйзам долбоорлорун (сунуштарды) баалоо – жазылган эмес.
3. 19-берененин 2-пунктунда баскычтардын бири катары «ченемдик укуктук актыны басылмаларда жарыялоо» белгиленген. Бул жобо 24-беренеде «ченемдик укуктук актынын долбоору менен таанышуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу» талабы аркылуу кайталанган. Жалпыланып жазылышы ченем түзүүчү органдар үчүн алардын минималдуу милдеттери бул иштин алкагында кандай болорун өздөрү билгендей түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берет.

***Тыянак***

1. Келип түшкөн сунуштарды кароо жана жалпылоо жол-жоболору аныкталган эмес. Экспертизалардын натыйжаларын тиркөө зарылдыгы жөнүндө чечим кабыл алуунун критерийлери жок. Коомдук угуунун натыйжалары жөнүндө маалыматтын чек-чени аныкталбаган.
2. Коомдук талкууларды укуктук же башка зарыл болгон экспертизаларды жүргүзүү менен катар өткөрүү зарыл.
3. ЧУАны басылмаларда жарыялоонун милдеттүү формалары такталган эмес.

***Сунуштар***

1. 19-беренеде «басылмаларда жарыялоо» деген сөзгө чейин «ченемдик укуктук актынын долбоорун ченем түзүүчү органдын расмий сайтында же жалпыга маалымдоо каражаттарында, ал эми жергиликтүү өз алдынча башкаруучу өкүлчүлүк органдары үчүн – коомдук жайларда жайгаштыруу аркылуу» деген сөздөрдү кошуу керек.

«Ченемдик укуктук актынын долбooруна коомдук талкууларды жүргүзүү» деген сөздөрдөн кийин жаңы саптан «коомдук талкуулардын катышуучуларынан келип түшкөн сунуштарды кароо жана жалпылоо» деген сөздөрдү кошуу керек. Андан ары жаңы саптан «келип түшкөн сунуштарды ченемдик укукту актынын долбоорунда эске алуу» деген сөздөрдү кошуу керек.

2. 27-беренеде «коомдук угуунун натыйжалары жөнүндө маалымат» деген сөздөрдөн кийин «;» белгисин «,» белгисине алмаштыруу керек. «,» белгисинен кийин «эске алынган сунуштардын санын көрсөтүү;» деген сөздөрдү кошуу керек.

***«Ченемдик укуктук актынын долбоорун негиздөөнү даярдоодо жөнгө салуучу таасирди талдоо» деген 21-беренеге жана 22-беренеге карата түшүндүрмөлөр***

Жөнгө салуучу таасирди талдоо (ЖТТ) чыгымды көп талап кылуучу ыкма болуп саналат.

1. ЧУА иштеп чыгуучу адистерди даярдоо, ЖТТны колдонуу боюнча адистерди даярдоо үчүн же ЖТТ жүргүзүү боюнча адистештирилген институтту түзүү үчүн каражат табуу керек болот. Бул ыкма Дүйнөлүк банктын колдоосу менен иштелип чыккан. Бул ыкманы билчү адистер өлкөдө 8–10 кишиден ашпайт.
2. ЧУАнын долбооруна карата экспертизанын баасы мыйзам долбоорун иштеп чыгуучулар тарабынан көрсөтүлгөн эмес. Алыскы чет өлкөлөрдө ЖТТны колдонуу регламенттелген, мисалы ЧУАнын долбоору өлкөнүн ИДПга аз дегенде 0,01% таасир тийгизет деп болжонгон учурда ЖТТ колдонулушу мүмкүн.
3. Бардык ЧУАларга ЖТТ колдонуу керектиги негизделбеген. Адатта ЖТТ жеке сектордун мамлекет менен кызматташуусун, ишкердик чөйрөгө таасир берүүчү ЧУАны кабыл алуу боюнча жолжоболор менен тажрыйбаны жөнгө салуучу ЧУАны талдоодо пайдаланылат. ЖТТ жүргүзүү үчүн жеке сектор ишке тартылат. Андай болсо, «коомдук талкууларды уюштуруу» жөнүндө 24-беренени киргизүүнүн зарылдыгы/өзгөчөлүгү эмнеде? ЖТТнын методологиясы боюнча түшүндүрмөлөрдү берүүнүн 2–3 ай чегиндеги (аз дегенде 60 күн) конкреттүү мөөнөттөрү бекитилет.
4. ЕС өлкөлөрүндө ЖТТ мыйзам долбоорунда берилгендей, чечимдерди кабыл алуу үчүн билим берүү куралы эмес, саясатты иштеп чыгуу куралы катары түшүнүлөт.

5. ЕС өлкөлөрүндө «Таасирди талдоонун жардамы менен саясатты иштеп чыгуу» деген темада изилдөө жүргүзүлгөн (Энн-Катрин Бэклунд, «Doing policy by help of Impact Assessment». Берлин шаарынын Гумбольд университетинде билдирүү жасалган, 6–9-апрель, 2008-ж.). Анда төмөнкү кемчиликтер аныкталган:
   - ♦ ЖТТ (ЕШте да «таасирди талдоо» – ТТ деген термин колдонулат) боюнча колдонмо туруктуулукту камсыз кылуунун аспектилери менен иштөө боюнча колдонмонун ордуна кабыл алынган административдик жана байланыш жол-жоболору болуп саналат.
   - ♦ Социалдык жана экологиялык таасирлер эске алынбайт. ЧУАнын чыгымдары (түз жана кыйыр чыгымдар) эсептелбейт жана сарпталуу багыттары боюнча тактaлбайт (квалификацияланбайт). Артыкчылыктары жана кирешелери аныкталбайт. Чыгымдар менен кирешелер салыштырылбайт.
6. Европарламенттин депутаттары менен ЕШ кызматкерлеринин пикири боюнча, ЖТТнын натыйжалары объективдүү эмес жана көп учурда ЕШтин комиссияларынын сунуштарын негиздөө үчүн жазылат.
7. Европарламент ЕШтин комиссиясы берген «Талдоону (ЖТТ) талдоого» аргасыз.

***Тыянак***

1. ЖТТ төрт критерийге: чечим кабыл алуучу адамдарга (президентке, депутаттарга, премьер-министрге, министрлерге) *пайдалуу,* учурдагы саясый процесске *туура келүүчү* жана саясый процесстин бардык катышуучулары тарабынан мыйзамдуу деп таанылган *анык* маалыматка шайкеш келген учурда кызыкчылыктардын теңдештигин сактоонун натыйжалуу куралы болуп эсептелет.
2. ЖТТнын методологиясында анын мамлекет менен жеке сектордун ортосундагы кызматташууну жөнгө салуучу ЧУАнын долбоорлорун иштеп чыгууда колдонулаары каралган. Ушуга байланыштуу ЖТТ жөнүндө 21-берене 22-берененин 1-пунктуна сиңип кетет.
3. 21-беренин 3-пунктунда ЧУАнын долбооруна карата негиздөөлөр ЖТТнын негизинде даярдалат деп белгиленген. Буга байланыштуу ЖТТ маселени аныктоонун жана аны ЧУАнын долбоо-

рун иштеп чыгуу аркылуу чечүү зарылдыгынын куралы катары сунушталган деп болжосо болот. Бирок аталган жобо мыйзам долбоорунда жазылган эмес.

***Сунуштар***

1. 21-беренеде ЖТТны колдонуу ишкердик чөйрөсүн жөнгө салуучу ЧУАнын долбоорлоруна гана жайылтылат деп көрсөтүү керек.
2. ЖТТ жүргүзүү талабын экспертизалардын бири катары КР ЖКнын экспертизаларды (беш экспертизаны) жүргүзүү жөнүндө токтомуна киргизүү керек.
3. «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын экспертизалоо жөнүндө» КРнын мыйзам долбоорун иштеп чыгуу жана кабыл алуу керек. Ага азыркы беш экспертизаны жана ЖТТны киргизип, ЧУАнын долбоорун коомдук талкуу менен экспертизанын мөөнөттөрүн бир мезгилге белгилөө керек.
4. 22-беренеге: «КРнын Жогорку Кеңеши ченемдик укуктук актынын долбооруна экспертизанын зарыл түрлөрүн аныктайт. ЧУАга экспертиза ЖКда бекитилген усул боюнча жүргүзүлөт» деген 3-пунктту кошуу керек.

***«Коомдук талкууларды уюштуруу» жөнүндө 24-беренеге карата түшүндүрмөлөр***

Бул беренеде коомдук талкууларды өткөрүүнүн так чек-чендери аныкталган. Мындай талкууларды уюштуруу боюнча айкын талаптардын жоктугу кызыккан тараптардын талкуулануучу маселе боюнча пикирлерин толук эмес жана чектелген түрдө эске алууга себеп болушу мүмкүн. Бул келечекте мыйзамдардын натыйжалуу жүзөгө ашырылышына терс таасир тийгизиши ыктымал.

***Тыянак***

1. Бул жол-жоболордун баарын жөнгө сала турган мыйзамдык актыларга шилтеме жасоо ченемдер болушу зарыл.
2. Ар түрдүү тараптардын ар тараптуу пикирлерин эске алууну камсыздоо үчүн коомдук угууну уюштуруу боюнча айкын критерийлерди иштеп чыгуу керек. Андан тышкары, талкууларга катышуу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү үчүн жарандар менен уюмдардын пикирлерин Интернет же электрондук дарек аркылуу электрондук эсепке алууну уюштуруу зарыл. Акыркы су-

нуштун мааниси коомдук талкуулар өткөрүлүүчү ири шаарларда жашабаган адамдар үчүн айрыкча зор.

***Сунуштар***

1. 24-берененин 2-пунктунда уюштурулуучу талкуулардын эң аз санын, тагыраак айтканда, сунуш кылынган мыйзам долбоору боюнча үчтөн кем эмес ирет коомдук талкуу уюштуруу талабын белгилөө керек.
2. 24-берененин 1-пунктун: «500 кол коюлган сунуш-талап келген учурда милдеттүү түрдө коомдук талкууларды уюштуруу» жана «Интернет аркылуу алынган сунуштар боюнча кайра байланышты камсыз кылуу» деген пунктчалар менен толуктоо керек. Ошентип, 24-берененин 1-пунктун төмөнкүдөй түрдө берүү зарыл:

   «1. Коомдук талкууларды, коомдук талкуулардын катышуучуларынан келип түшкөн сунуштарды кароону жана жалпылоону уюштуруу нормативдик укуктук актынын долбоорун иштеп чыккан субъект тарабынан төмөнкү жолдор менен камсыз кылынат:

   - коомдук талкууларды өткөрүүдө аталган мыйзамдын талаптарын сактоо;
   - 500 адамдын колу коюлган сунуш-талап келип түшкөн учурда милдеттүү түрдө коомдук угууларды уюштуруу;
   - ченемдик укуктук актылардын долбоорунун текстин аны иштеп чыккан субъектинин веб-сайтында милдеттүү түрдө жарыялоо аркылуу аны менен таанышуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу;
   - коомдук талкуунун катышуучуларынан келип түшүүчү сунуштарды кабыл алуу, карап чыгуу жана жалпылоо, ошондой эле келип түшкөн сунуштар боюнча, анын ичинде веб-сайт (Интернет) аркылуу алынгандар боюнча кайра байланышты камсыз кылуу;
   - коомдук талкуулардын натыйжалары боюнча негиздеме маалымкатка киргизүү үчүн жыйынтык маалыматты даярдоо».
3. 24-беренеге: «Сунуштар жазуу жүзүндө, оозеки түрүндө (тегерек столдордун, парламенттик угуунун, конференциялардын ж.б. жүрүшүндө) жана электрондук түрдө берилиши мүмкүн. Сунуштарды жазуу жана электрондук түрдө берүүнүн форматын КРнын Өкмөтү бекитет» деген 4-пункту кошуу керек.

4. 24-беренеге жаңы 5-пункту кошуп, аны төмөнкүдөй жазуу керек: «Ченемдик укуктук актынын долбоорун иштеп чыгуу аяктагандан кийин 3 (үч) иш күнүнүн аралыгында ошол актыны даярдаган субъекттин веб-сайтында жайгаштырылат».

***«Коомдук угуунун мөөнөттөрү» жөнүндө 25-беренеге карата түшүндүрмөлөр***

Аталган беренеде мыйзам долбоору эки айдан кем эмес, ал эми башка ЧУАнын долбоорлору бир айдан кем эмес убакыт бою талкууланат деп бекитилген.

***Тыянак***

ЧУАнын долбоорунун жеке сектор тарабынан 60 күндөн кем эмес убакыт бою талкууланышын караган ЖТТнын методологиясын эске алганда, мыйзам долбоорлорун талкуулоо төрт айдан кем эмес, ал эми башка ЧУАнын долбоорлорун талкуулоо үч айдан кем эмес убакытты алат.

***Сунуштар***

1. 25-беренени «бардык кызыккан тараптардын катышуусу» деген сөздөр менен толуктоо керек.
2. Коомдук талкууларды ЧУАнын долбоорун эксперттөө/талдоо форматында өткөрүү керек.

Жалпысынан, аталган мыйзам долбоорун ишке ашыруу үчүн келип түшкөн сунуштарды эсепке алуунун жана баалоонун форматтары менен критерийлерин, Интернет аркылуу сунуштарды жайылтуу жана топтоо жол-жоболорун иштеп чыгуу зарыл.

*4-тиркеме*

**Парламенттин жана министрликтердин деңгээлинде чечим кабыл алуу процессинин баскычтарын аныктоо, ошондой эле бул процесске жарандык коом уюмдарынын катышуусун иликтеп билүү үчүн КРнын ЖКнын депутаттары, өкмөтүнүн, министрликтеринин, агенттиктеринин жана БӨУлардын өкүлдөрү менен өткөрүлгөн интервьюнун суроолор тизмеги (январь, 2009-ж.)**

***Экспресс-интервью***

**Интервьюнун максаты** – парламент менен министрликтердин деңгээлинде чечимдерди кабыл алуу процессинин утурумдук баскычтарын аныктоо, ошондой эле бул процесске ЖКУлардын катышуу тажрыйбасын иликтеп билүү. Интервьюнун дагы бир максаты – мамлекеттик чечимдерди кабыл алуу процессиндеги өзүнчө башка долбоордо иликтениши мүмкүн болгон орчундуу маселелерди аныктоо.

**Интервью берүүчүлөр:** ЖКУлардын өкүлдөрү (1-топ), министрликтердин өкүлдөрү (2-топ) жана депутаттар (3-топ).

**Суроолор:**

1. ЖКУлардын/департаменттин/башкармачылыктын/фракциянын аталышы жана иш чөйрөсү.
2. Мамлекеттик чечимдин сапаттуулугунун критерийи эмне болуп эсептелет?
3. Чечим кабыл алуунун жакшы/сапаттуу процессинин критерийи эмне болуп эсептелет?
4. Парламентте/Сиздин министрликте чечим кабыл алуунун кайсы негизги баскычтары бар?
5. Бул процесс толук жана мыкты болуп эсептелеби жана сапаттуу чечимдердин кабыл алынышына алып келеби?
6. Эгер андай болбосо, эмнени өзгөртүп же жакшыртуу зарыл?
7. Чечим кабыл алуу процессин кайсы формалдуу эрежелер (мыйзам, мыйзамдык актылар) жөнгө салып турат?
8. Чечим кабыл алуу процессине ЖКУлардын катышуусун кеңейтүү үчүн кайсы чөйрөлөрдө мыйзам актылары жетишсиз же аларды жакшыртуу зарыл?

9. Чечим кабыл алууда ЖКУлар кандай роль аткарат жана алардын бул процесске катышуусу кайсы формада ишке ашырылууда?
10. Чечим кабыл алуу процессинин кайсы баскычында ЖКУлардын катышуусу зарыл?
11. Чечим кабыл алуу процессинин кайсы баскычында ЖКУлардын катышуусу максатка ылайык эмес?
12. ЖКУлардын чечим кабыл алуу процессине катышуусу үчүн мыйзамдардан сырткары дагы эмне бөгөт болууда?
13. Жаңы долбоор (SlovakAid) ЖКУлардын чечим кабыл алуу процессине катышуу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү максатында кайсы конкреттүү жана аткарылышы мүмкүн болгон ишти аткара алат?

*5-тиркеме*

## Парламенттин, жарандык коомдун жана мамлекеттик аткаруу бийлигинин өкүлдөрү менен «ЖКУлардын чечим кабыл алуу процессине катышуу мүмкүнчүлүгү» деген темадагы интервьюлардын жыйынтыкталары жөнүндө кыскача отчет (Борбордук Азиядагы Америка университетинин Социалдык изилдөөлөр борбору)

### I. Интервьюнун максаты

Интервьюнун максаты парламенттин жана аткаруу бийлик органдарынын деңгээлинде чечим кабыл алуу процессинин азыр колдонулуп жаткан баскычтарын аныктоо жана бул процессте жарандык коом уюмдарынын (ЖКУ) катышуу деңгээлин аныктоо болчу. Ошондой эле интервью мамлекеттик чечим кабыл алууга ЖКУлардын катышуусуна бөгөт болуучу тоскоолдуктарды аныктоого багытталган.

### II. Аткаруу бийлигинин өкүлдөрү менен болгон интервьюлардын кыскача жыйынтыктары

**Интервью бергендер:** министрлик деңгээлиндеги жетекчилер (министрлердин кеңешчилери жана бөлүм башчылары).

**Жалпы корутундулар**

- Суралгандардын баары ЖКУларды мамлекеттик чечимдерди кабыл алуу процессине тартуу зарылдыгын баса белгилешти. Алар мында бул негизинен демократиянын жана Кыргызстандын өкмөтүнүн ишинин ачык-айкындыгынын белгиси деген жүйөгө таянышты.
- Суралгандардын айрымдары ЖКУлардын чечим кабыл алуу процессине катышуусу, айрыкча эгер ЖКУЛАР чечимдердин маанилүү жана жакшы иштелип чыккан варианттарын сунушташа, бул процесстин натыйжалуулугун арттырууга өбөлгө түзөрүн айтышты.
- Интервьюнун бир катар катышуучулары ЖКУлардын чечим кабыл алууга эле эмес, биринчи кезекте, кабыл алынган чечимдердин аткарылышына көзөмөл жүргүзүүгө катышуусу керек деп белгилешти. Алар баары бир кийин талаптагыдай аткарылбай турган жаңы, идеалдуу чечимдерди иштеп чыгууга күч-кубатты жана убакытты коротуунун ордуна, анча жакшы болбосо да кабыл алынган чечимдердин аткарылышына көз салган артык деген жүйөлөрдү айтышты.

**Азыркы кездеги практика жөнүндө негизги ойлор**

- Интервью бергендер мамлекеттик мекемелерде кадрлардын туруктуу иштебей, тез-тез орун алмашып жаткандыгын белгилешти. Бир интервьюда эгер мурда кадрлардын тез-тез алмашуусу жогорку (министрлер, алардын орун басарлары жана андан бир аз төмөн баскычтагы айрым кызматчылар) кызмат орундарында байкалып келсе, эми бул ортоңку баскычтагы кызматкерлердин деңгээлинде да байкалууда деп белгиленген.
- Суралгандардын пикирлери боюнча, кабыл алуу процессине ЖКУларды тартууда негизинен ыктымал чечимдердин альтернативдүү варианттарынын сунушталышына көңүл буруу керек.
- ЖКУларды бул процесске тартууда кабыл алынган чечимдердин аткарылышын көзөмөлдөөгө да маани берүү зарыл. Ушул жагынан алганда, ЖКУлар бир топ олутуу роль ойной алат, бул уюмдар көз карандысыз баа берүү мүмкүнчүлүгүнө ээ. Чечим

кабыл алуу процессине катышууга караганда көзөмөл жүргүзүү бир топ маанилүү деп белгиленди.

- Интервьюлардын биринде жарандык коом уюмдары өз пикирлерин бириктирип, мамлекеттик органдарга макулдашылган түрдө кайрылышы зарыл деп белгиленди.
- Мамлекеттик кызматкерлердин катарында жакшы чечимдерди көрсөтүп, жактай ала турган кесипкөй кадрлардын жетишсиз экендиги белгиленди.
- Айрым учурларда бейөкмөт уюмдар секторундагы ар түрдүү топтордун ортосунда күрөш жүрүп турат, бул жагдайды өкмөт ЖКУларды чечим кабыл алуу процессине катыштырбоо үчүн пайдаланат.

**Азыркы кездеги ченемдик чөйрө**

- *Ченемдик жана укуктук актылар жөнүндө мыйзам*. Өкмөттүн мыйзамдарды иштеп чыгып кабыл алуу эрежелерин аныктаган бул мыйзам тийиштүү чечимдер үчүн жетишерлик деңгээлде толук негиз болуп саналат. Ал мамлекеттик мекемелердин чечим кабыл алууга ЖКУларды катыштыруу мүмкүнчүлүгүн караса да, бирок муну талап кылбайт. Акыйкат министрлигинин сурамжылоого катышкан өкүлү мамлекеттик агенттик мамлекеттик эмес субъектилерди чечим кабыл алуу процессине расмий катыштыруу үчүн бул ченемдик мүмкүнчүлүктү пайдаланган бир да учур боло электигин билдирди.
- *Президенттин өлкөдө мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу зарылдыгы жөнүндө жарлыгы* (май, 2006-ж.). Бул ченемдик документ болгону саясый жетекчилик катары гана кызмат кылат. Жарлыктын аткарылбай калгандыгы анын практикалык маанисин кетирип турат. Интервьюга катышуучуларынын бири «мунун баары – куру сөз» деп белгиледи.
- *Ченемдик натыйжаларды талдоо жөнүндө мыйзам.* Ал мыйзам долбоорлорун оң/терс натыйжа бериши жагынан талдоону талап кылат.
- *Мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү бийлик органдарынын кароосундагы маалыматтарды алуу мүмкүнчүлүгү жөнүндө мыйзам.* Аталган мыйзам ЖКУларды өкмөттүк чечим кабыл алууга катыштыруу үчүн жакшы курал болуп эсептелет.

- ♦ Суралгандардын айрымдары чечим кабыл алуу процессине катышуу жөнүндө ЖКУ менен келишим түзүлө турган болсо, алардын мамлекет тарабынан каржыланышын карай турган ченемдик актыларды иштеп чыгуу зарыл болорун белгилешти. Ошону менен бирге бюджетте каражаттарды камсыз кылып, мамлекеттик мекемелерга ал акчаларды сарптоого мүмкүнчүлүк берүүчү ченемдик актыларды да кайра карап чыгуу керек. Ошондой эле келишим түзүлө турган ЖКУларды аккредитациялоо боюнча ченемдик актыларды жана мындай келишимдин форматын иштеп чыгуу зарылдыгы бар.
- ♦ Чечим кабыл алууга катыштырыла турган ЖКУларды аккредитациялоо, ошондой эле мониторинг жүргүзүү маселелери эки интервьюда коюлду.
- ♦ Интервьюлардын биринде азыркы кездеги мыйзам негиздери ЖКУлардын чечим кабыл алуу процессине катышуусуна тыюу салбайт, бирок аларды ведомстволордун ченемдик актылары деңгээлинде (же мамлекеттик деңгээлде) жөнөкөйлүштүрүү керек деп белгиленген.
- ♦ Макулдаштыруу тизмесин жана пикир келишпестиктердин матрицасын түзүүгө тийиштүү жол-жобону өзгөртүү мүмкүнчүлүгү болушу жана ЖКУлар бул тутумга киргизилиши зарыл. Интервьюга катышуучуларынын бири өкмөттүк чечим кабыл алуу процессине ЖКУлардын пикирин макулдаштыруу тизмесине жана пикир келишпестиктердин матрицасына киргизүү жол-жоболоруна байланышкан жаңылыктарды мыйзамдарды өзгөртпөй эле (себеби аларда айрым жалпы жоболор орун алган) өкмөттүк буйруктун жардамы менен жүзөгө ашырса болот деп белгилеген.
- ♦ Жарандык коом уюмдары адатта өкмөткө өз ара макулдашуусуз кайрылып жүргөндүгү өкүнүчтүү, ошондуктан алар кайсы бир маселе боюнча иш жүргүзүүчү жана ар түрдүү сунуш-пикирлерди кароого киргизе алгыдай бирикмелерди/коалицияларды түзүү зарыл деген ой айтылды.
- ♦ Мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу жөнүндө Президенттин мурунку жарлыгын жокко чыгарып, бул чөйрөдө жаңы мөөнөттөрдү жана, балким, жаңы милдеттерди белгилей турган жаңы Жарлык керек деген пикир айтылды.

- ♦ Мыйзамдарга ЖКУлардын чечим кабыл алуу процессине катышуусуна байланыштуу өзгөртүүлөр киргизиле турган болсо, кабыл алынган ченемдердин аткарылышын көзөмөлдөй турган мамлекеттик мекемени/түзүмдү же механизмди уюштуруу зарыл.

**Натыйжалуу тажрыйба мисалдары**

- ♦ 2004–2007-жылдары үзгүлтүксүз өткөрүлүп келген Маалымат технологиялары боюнча ар жылдык конференциялар (уюштуруучулар – Байланыш министрлиги жана ушул тармакта иш жүргүзгөн ишканалар менен жарандык коом уюмдары).
- ♦ Адилет министрлигини алдындагы Коомдук кеңеш. Ал ушул кеңештин мүчөсү болгон ЖКУлардын ой-пикирлеринин көз карандысыздыгын камсыздаганына жараша гана ийгиликтүү иштей алат. Бирок жалпысынан бул жагынан жетиштүү көз карандысыздык камсыздала элек, себеби кеңештин мүчөлөрүн министрлик тандап алат.
- ♦ Майыптардын кызыкчылыктарын коргоочу ЖКУлардын майыптар үчүн социалдык кепилдиктер жөнүндө мыйзамга айрым өзгөртүүлөрдү киргизүүдө жетишкен жакын арадагы ийгиликтери сөзгө алынды.
- ♦ Саламаттык сактоо министрлиги менен биргеликте баштапкы медициналык-санитардык жардам көрсөтүү тармагында реформаларды жүргүзүү боюнча ченемдик актыларды даярдап жаткан Үй-бүлөлүк дарыгерлер ассоциациясы. Бул долбоорду ЮСАИД колдогон эле, кийинки баскычтарда, айрыкча өз мүчөлөрүнүн эмгек укуктарын коргоого туура келгенде, бул ассоциация өз алдынча иш жүргүзүп калды.

**III. Парламенттин мүчөлөрү менен болгон интервьюлардын кыскача натыйжалары**

**Интервью берүүчүлөр:** парламенттеги негизги эки партиянын – көпчүлүктүн «Ак-Жол» партиясы менен оппозициялык Кыргызстан социал-демократиялык партиясынын – мүчөлөрү болгон өкүлдөрү.

**Жалпы тыянактар**

- Учурдагы мыйзам жаратуу процессинде жарандык коомдун катышуусу жөнүндө суралган депутаттардын карама-каршы пикирлери айтылды. Парламент мүчөлөрүнүн бир тобу ЖКУлардын утурумдук мыйзам кабыл алуу процессине катышуусу чектелген эмес, ошондуктан азыркы ченемдик практикага өзгөртүүлөрдү киргизүүгө басым жасоонун зарылдыгы жок деп эсептейт. Ошол эле учурда суралгандардын экинчи тобу ЖКУлардын чечим кабыл алууга катышуу мүмкүнчүлүгү чектелүү экендигин белгиледи да, азыркы кезде парламенттеги ченем түзүү жол-жобосун кайра карап чыгууга чакырды.
- Сурамжылангандардын көпчүлүгү ченемдик актыларды кескин өзгөртүү саясатын жана аракетин колдобойт. Алардын пикири боюнча, кошумча өзгөртүүлөр эле жетиштүү болот. Мындай пикир парламенттин башкаруучу партиясынын («Ак Жол» партиясынын) катарында үстөмдүк кылган кыйла консервативдүү көз караштар менен шартталган. Бул партия негизинен өзүнүн лидерлери менен инсайдери жарыялаган концепцияларды колдоп, сыртта тургандардын, мунун ичинен жарандык коом уюмдарынын иштеп чыккан идеяларына дайыма эле көңүл бура бербейт.
- Сурамжылангандардын көпчүлүгү саясый чечимдердин альтернативаларынын ар түрдүү болушуна ЖКУлардын кошкон салымына оң баа берди. Ошол эле учурда ЖКУлардын билиминин жана кызыкчылык чөйрөсүнүн гендердик теңдештик, адам укуктары жана айлана-чөйрөнү коргоо маселелери менен чектелип калгандыгына тынчсызданган пикир да айтылды. Натыйжалуу чечимдерди кабыл алуу үчүн депутаттар зарыл маалыматтарды өз убагында таба албайт, ЖКУ тарабынан берилүүчү нускамалардын жетишсиздиги да сезилип турат.

**Азыркы station практика жөнүндө негизги билдирүүлөр**

- Сурамжылангандар ЖКУ айрым маселелер боюнча алардан жакшы кабардар экендигин жана ал маселелерди чечүү боюнча көбүрөөк тажрыйбага ээ экендигин ырасташты. Ошентсе да, азыркы кездеги мыйзам жаратуу жол-жоболорунда парламент жана анын комитеттери ЖКУларды мыйзам жаратуу процес-

сине тартууга милдеттендирген эмес. Мисалы, парламенттин комитеттери жаңы мыйзам долбоорлорун кароодо же азыркы укуктук актыларга оңдоолорду киргизүүдө коомдук угууну өткөрө да, өткөрбөй да коё алат. Маалымат алуу мүмкүнчүлүгү жөнүндө мыйзам бардык мамлекеттик мекемелерди, мунун ичинен парламентти жана анын түзүмдөрүн коомчулукка эч тоскоолдуксуз маалымат берүүгө милдеттендиргенине карабастан, ЖКУ дагы да болсо мыйзам жаратуу ишмердигине кирүүдө чектөөлөргө туш болууда.

- 2007-жылы декабрь айында кыргыз парламентинин мүчөлөрү биринчи жолу партиялык тутум негизинде шайланды. Идеал жүзүндө, партиялык тутум ЖКУлардын мыйзам жаратуу ишмердигине катышуу мүмкүнчүлүгүн саясый партиялар уюштуруучу кеңешмелерде, талкууларда катышуу сыяктуу жаңы жолдору менен камсыз кылыш керек болчу. Бирок саясый партиялар тарабынан өткөрүлүүчү кеңешмелердин баары эле коомчулук үчүн ачык болбой жатат.
- Азыркы кезде бардык мыйзам долбоорлору милдеттүү түрдө парламенттин юридикалык бөлүмүнүн кароосунан өткөрүлөт.
- Парламенттик комитеттерге мыйзам долбоорлорун коомдук көзөмөл үчүн парламенттин веб-сайтында жайгаштырууга кеңеш берилет. Бирок комитеттердин көпчүлүгү муну жасашпайт.
- ЖКУлар өз кызыкчылыктарын парламентте көрсөтүү үчүн биригишпейт, алардын бирдиктүү көз караштары жок деген сын пикир айтьлды. Натыйжада ЖКУ өз сунуштарын дайыма эле ийгиликтүү алдыга жылдыра алышпайт.
- Дагы бир сын пикир ЖКУнлардын өкүлдөрүнүн талдоо көндүмдөрүнө карата айтылды. Жарандык коомдун көпчүлүк уюмдары жакшы негизделген талдоолорду жүргүзө албайт деп белгиленди. Ошентип, ЖКУлар өздөрүнүн көз караштарын коргоодо ынанымсыз келишет.

**Азыркы кездеги ченемдик чөйрө**

- Парламентте мыйзам түзүү жол-жоболорун жөнгө салуучу негизги укуктук акт болуп 2008-жылы кабыл алынган *КРнын Жогорку Кеңешинин регламенти жөнүндө мыйзамы* саналат.

2007-жылы декабрь айында кыргыз парламентинин мүчөлөрү биринчи жолу партиялык негизде шайланышкан. Буга ылайык партиялык тутумга өтүүнү чагылдырган жаңы эрежелер менен жол-жоболор иштелип чыккан. Жаңы жол-жоболор аталган мыйзамда расмий бекитилген. Ошону менен бирге, суралгандар белгилегендей, бул мыйзам партиялык тутумду иштетүү жагынан тажрыйба жок шартта иштелип чыккандыктан, анын бир катар жоболорун, атап айтканда, ЖКУлардын мыйзам жаратуу процессине катышуусу жөнүндө жобону кайра карап чыгуу зарыл.

- ♦ Интервьюга катышкандардын биринин пикири боюнча, орчундуу маселелердин бири –бул мыйзамдын жоболорун бардык эле ЖКУлар жакшы биле бербегендиги.
- ♦ КР ЖКнын регламенти жөнүндө мыйзамдын дагы бир кемчилиги – ал угууга ЖКУларды чакырууну парламенттик комитеттерге милдеттендирбейт, сунуш гана кылат. Сурамжылангандардын бири угууга ЖКУларды чакырылышы же чакырылбай калышы парламенттик комитеттин төрагасынын чечимине жараша болот деди. Ошону менен бирге азыркы кезде комитеттердин төрагалары угууну ачык өткөрүүгө көбүрөөк ыктап калгандыгы баса белгиленди.
- ♦ Аталган мыйзамдын чектелүү мүнөзүнө байланыштуу ЖКУлар өздөрүнүн парламенттик угууларга катышуусун камсыз кылууну талап кылганда, негизинен, «Маалымат алуу мүмкүнүчлүгү жөнүндө мыйзамга» таянышат. Айрым учурларда парламенттин шашылыш угууларына ЖКУлардын катышуусуна уруксат берилген эмес. Мындай жагдайларда ЖКУлар өздөрүнүн коомдук маалымат алуу укугу бузулгандыгы тууралуу жергиликтүү сотторго кайрылышкан. Соттор ЖКУларды колдогондугуна карабастан, парламент мүчөлөрү комитеттердеги угууга ЖКУларды чакыруу/чакырбоо жөнүндө чечим кабыл алууда КРнын ЖКнын регламенти жөнүндө мыйзамга таянып келишет.
- ♦ Праламентте ар бир саясый партиянын өз отурумдарына ЖКУлардын катышуу мүмкүнчүлүгүн жөнгө салуучу ички эрежелери бар. Көпчүлүктүн партиясы «Ак-Жол» ЖКУлардын ар түрдүү угууга катышуу мүмкүнчүлүгүн баарынан көп чектеп турат.

**Алгылыктуу тажрыйбанын мисалдары**

- Парламенттин ар бир комитети тиги же бул тармакта иш алып баруучу ЖКУлар жөнүндө маалымат топтомуна ээ. Мисалы, Коопсуздук маселелери боюнча комитет түрмөлөрдө жана камоого алынган жайларда адам укуктарын коргоону көзөмөлдөөчү жарандык коом уюмдары менен байланышып турат. Социалдык маселелер боюнча парламенттик комитет өзүнүн коомдук угууларына саламаттык сактоо, билим жана социалдык коргоо тармагында адистешкен ЖКУларды чакырат.
- Жаңы мыйзамдар менен азыркы укуктук актыларга өзгөртүүлөргө башкы демилгечи болгон аткаруу бийлигинин, парламенттин жана ЖКУлардын ортосундагы түздөн түз, ачык сүйлөшүү бардык олуттуу жагдайларды эске алган мыйзамдардын кабыл алынышына өбөлгө болот. Мындай мисалдардын бири – 2008-жылы күзүндө кабыл алынган жаңы Салык кодекси.
- ПРООНдун демократиялык башкаруу программасынын аркасында парламент өкмөт тарабынан өлкөнүн ар жылдык бюджетин түзүү сыяктуу стратегиялык маселелер боюнча ачык угууну уюштура баштады. Бул коомдук угууларда негизги саясый субъектилер, алардын катарында ЖКУлар катышат. Мындай тажрыйба парламенттин ишинде туруктуу мүнөзгө айланат деген божомол бар.

**IV. Жарандык коом уюмдарынын өкүлдөрү менен болгон интервьюлардын кыскача тыянактары**

**Интервью бергендер:** коомдук ишмерлер жана өлкөнүн борбору Бишкектин жарандык коом уюмдарынын жетекчилери. Өкүлдөрү сурамжылоого катышкан ЖКУлардын иш чөйрөлөрү: адам укуктарын коргоо, балалыкты коргоо, шайлоолорго байкоо жүргүзүү, ЖКУлардын мүмкүнчүлүктөрүн арттыруу, гендердик маселелер жана бейөкмөт уюмдар секторундагы кызматташтык.

**Жалпы тыянактар**

- Дээрлик бардык суралгандар Кыргызстандын жарандык күчтөрүнүн кызыкчылыктарын эске албаганда, чечим кабыл

алуу процесси натыйжалуу болушу мүмкүн эмес деп белгилешти.

- Ар түрдүү социалдык маселелерди чечүүдө, бир жагынан, аймактык жана жергиликтүү бийлик органдары өз ара байланышкан, бирок айрым турган милдеттерге басым жасашат. Экинчи жагынан, бул органдардын ар бири мамлекеттик милдеттенмелерди аткарууда ар башкача деңгээлде жигердүүлүк көрсөтөт да, бир форматтан экинчи форматка өтүп турат. Ошондуктан чечим кабыл алуу процесси катуу, ийкемсиз механизм эмес, ийкемдүү болушу, ошол эле учурда мында ар түрдүү уюмдардын ишмердигинин жүйөсү эске алынууга тийиш.
- Азыркы шарттарда кабыл алынган чечимдерди аткарууда кыйынчылыктар бар.
- Чечим эмнеге багытталгандыгын (кайсы өзгөртүүлөргө, кантип жетишилерин) аныктоо дайыма эле мүмкүн боло бербейт.
- Азыркы бар жана ыктымал маселелерге толук, терең жана сапаттуу талдоонун жоктугу белгиленди.
- Азыркы парламенттин деңгээлинде чечим кабыл алуу процессинин негизги баскычтары жөнүндө суроого жооп берүүдө ЖКУлардын айрым өкүлдөрү кыйналышты. Атүгүл парламенттик институтту өз кызыкчылыктарын алдыга жылдыруунун куралы катары колдонуучу алдыңкы ЖКУлар деле, тилекке каршы, парламенттеги мыйзам жаратуу жол-жобосу кандай экендигин дайыма эле биле беришпейт.
- ЖКУлардын чечим кабыл алуу баскычтарын жакшы билбегендиги малыматтын жоктугу менен, экинчиден, парламенттин иши жабык жүргүзүлгөндүгү менен түшүндүрүлүшү мүмкүн. Мисалы, суралгандардын биринин интервьюда айткан сөзүнөн үзүндү: «Мен биздин парламентте чечим кабыл алуу баскычтары жөнүндө бүдөмүк гана билем. Мурда мыйзам долбоорлору боюнча талкуулар телеберүүлөрдөн, түз эфирден көрсөтүлүүчү, эң маанилүү мыйзам долбоорлору ЖМКда жарыяланчу жана кызыккан мекемелер менен жарандык коом уюмдарынын арасында таркатылчу. Эми баары башкача. Мисалы, биздин уюм «Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» мыйзам долбоорун издеп, таба алган жок. Мыйзамдын долбоору ЖКнын сайтында да жарыяланбаптыр». ЖКУлардын бир нече өкүлү «Кайсы формалдуу эрежелер (мыйзамдар, ченемдер)

чечим кабыл алуу процессин жөнгө салып турат?» деген суроого жооп бере албаганы бекеринен эмес. Бир гана уюм бул суроого кеңири жооп бере алды. Анын пикири боюнча, аткаруу бийлигинин органдарында (министрликтерде жана мамлекеттик мекемелерде чечим кабыл алуу процесси министрликтин мыйзамдары жана ченемдик актылары (көрсөтмөлөрү, буйруктары жана токтомдору) аркылуу жөнгө салынат. Ушундай тутум ведомстволор аралык деңгээлде да орун алган, анда бардык министрликтер аралык буйруктар, уставдар ж. у. с. бардык министрликтер менен ведомстволордун ортосунда ведомстволор аралык макулдашуу жол-жобосу аркылуу өтөт.

- ♦ Суралгандар азыркы кездеги мыйзамдар Кыргызстандын жарандык секторуна саясатты иштеп чыгуунун бардык баскычтарында активдүү катышуу мүмкүнчүлүгүн берет, бирок бул мыйзамдар мамлекеттик (буга дайыма эле кызыга бербеген) мекемелер тарабынан да, көпчүлүгү долбоорлорго багытталган жана мамлекеттик органдар менен башаламан, иретсиз кызматташуучу жарандык коом уюмдары тарабынан да начар аткарылат деп белгилешти.
- ♦ Адам укуктары боюнча ЖКУлардын өкүлдөрү азыркы учурда Адам укуктары, саламаттык сактоо, менчиктештирүү, коомдук кызмат көрсөтүү жана мамлекеттик кепилдиктер сыяктуу тармактарда ченемдик актылар жоктугун жана атүгүл азыркы бар актылар деле ЖКУлардын чечим кабыл алуу процессине катышуу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү үчүн жакшыртылышы керектигин белгилешти.
- ♦ Азыркы күндө жарандык коомдун маанилүүлүгү айкын көрүнбөйт деп тыянак чыгарса болот. Жарандык коом уюмдары болгон маселелерди жана кабыл алынып жаткан мыйзам долбоорлорун талкуулап, саясатты жакшыртуу боюнча өз сунуштарын билдире алышат. Алар мындай нускамаларды, эгер өкмөттүн ишмердиги демократиялык ченемдерге жана баалуулуктарга туура келбесе, беришет. Ошентсе да, көп учурларда жарандык коом уюмдары чечим кабыл алуу процессинде арзыбаган роль ойношот. Мисалы, акыркы парламенттик шайлоонун натыйжалары бурмаланган, бул жок дегенде наарazылыкты пайда кылат. «Жарандык коомдун үнү угулбай калып жатат» (суралгандардын биринин сөзү).

- ♦ Бардык суралгандар чечим кабыл алуу процессине таасир этүү жагынан жарандык коом уюмдары анча-мынча ийгиликтерге жетишип жатканына карабастан, ар бир бейөкмөт уюм бул багытта көп күч жумшоосу керек дегенге макул болушту. Жарандык коомдон көп нерсе көз каранды. Немис социологу Й. Хабермас айткандай, «баалуулуктар, мунун ичинен бүткүл дүйнөдө таанылуучу баалуулуктар, абада калкып жүрбөйт. Алар сатып алынуучу, таратылуучу же бүт дүйнөгө экспорттолуучу товар эмес. Аларды ар түрдүү социалдык жана маданий чөйрөдө кабыл алуунун жалгыз жолу узакка созулган сүйлөшүү жана талкуу болуп эсептелет. Башка бардык жол-жоболор тиги же бул көз караштар менен принциптерди бөлөктөрдүн баарына таңуулоо болуп эсептелет».
- ♦ Интервью бергендердин пикири боюнча, жарандык коом уюмдары өлкөнүн өнүгүүсүн аныктай турган концептуалдуу идеяларды, стартегиялар менен саясатты талкуулоого активдүү катышуусу өтө маанилүү. Мындан тышкары, алар чечимдердин аткарылышына мониторинг жана көзөмөл жүргүзүүдө катышууга тийиш. Ошентип, жарандык коом уюмдарын чечим кабыл алуу процессине катыштыруу бул процесстин бардык баскычтары үчүн зарыл.
- ♦ Жарандык коом уюмдарын чечим кабыл алуу процессинде натыйжалуу катышуусуна бөгөт болуп жаткан тоскоолдуктардын ичинен суралгандар көпчүлүк ЖКУлардын ыкшоолугун, компетентсиздигин жана мыйзамдарды билбестигин, ошондой эле парламент жана аткаруу бийлиги менен иштөөдө кесипкөйлүк деңгээлинин төмөндүгүн айтышты. Көпчүлүк учурларда, алар белгилегендей, ЖКУ менен өкмөттүн ишмердигин талкуулоо жана чечимдерин координациялоо формалдуу жүргүзүлөт. Натыйжада жарандык коом уюмдарынын нускамалары соңку расмий документтерде чагылдырылбайт. Андан тышкары, мамлекеттик кызматтагы адамдардын тез-тез алмашып турушу жарандык коом уюмдары менен кызматташууга терс таасир тийгизет, себеби жаңыдан байланыш түзүү үчүн өтө көп убакыт кетет. Дагы бир олуттуу тоскоолдук – азыркы өкмөттө коррупциянын гүлдөп тургандыгы.

- «Жаңы (SlovakAid тарабынан каржыланып жаткан) долбоор жарандык коом уюмдарынын чечим кабыл алуу процессине катышуу мүмкүнчүлүгүн жогорулатуу жагынан кандай конкреттүү жана ишке ашырыла турган натыйжаларга жеткириши мүмкүн?» деген суроого жооп берип жатып, айрым суралгандар бул парламентте мыйзам жаратуу жол-жоболорун талдоо жана кайра карап чыгуу болушу мүмкүн деп айтышты.

**V. Тыянак**

Интервьюлардын натыйжаларын долбоордун эксперттери менен бирге талдап, талкуулагандан кийин, долбоордун күч-аракетин Кыргызстан праламентиндеги мыйзам жаратуу жол-жобосун иликтеп билүүгө жана кайра карап чыгууга жумшоо чечими кабыл алынды. Бул чечим, биринчиден, парламенттин көпчүлүк мүчөлөрү ЖКУлардын мыйзам жаратуу процессине катышуу мүмкүнчүлүгүн жөнгө салуучу парламенттик жол-жоболорго өзгөртүү киргизүү зарылдыгын баса белгилегендиги менен шартталган. Экинчиден, жарандык коомдун айрым уюмдары аталган маселеге биринчи кезекте көңүл бурууну кеңеш кылышты. Үчүнчүдөн, долбоордун ресурстары (убактысы жана каражаттары) чектелүү, бул болсо көп сандагы министрликтерди, мамлекеттик мекемелерди, ошондой эле аймактык жана жергиликтүү бийлик органдарын тартуу менен аткаруу бийлигинин деңгээлинде саясатты иштеп чыгуунун татаал механизмдерине көңүл буруугa мүмкүнчүлүк бербейт.

*6-тиркеме*

**Мыйзам жаратуу процессине БӨУлардын мамлекеттик деңгээлде катышуу тажрыйбасын иликтөө максатында жүргүзүлгөн анкета**

*Урматтуу кесиптештер!*

БААУнун алдындагы Социалдык изилдөөлөр борбору (СИБ) жана «ЖКУлардын саясый чечим кабыл алуу процессине катышуу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү» долбоорунун эксперттик тобу мамлекеттик деңгээлде чечим кабыл алуу процессине бейөкмөт уюмдардын катышуу тажрыйбасын иликтеп билүү максатында Кыргыз Республикасындагы БӨУлардын арасында сурамжылоо жүргүзүүдө.
Сиздин жардамыңыз менен өткөрүлгөн сурамжылоонун жыйынтыгы коомдун талабын канааттандырып, коомчулуктун мамлекеттик башкарууга жана натыйжалуу катышуусуна жана социалдык өнөктөштүктү өнүктүрүүгө көмөк болот деп ишенебиз.
Сиздин иш билги ой-пикириңиз биз үчүн өтө маанилүү!

---

1. **Сиздердин бейөкмөт уюмдун толук аталышы:**
2. **Сиздердин бейөкмөт уюмдун почта дареги:**
3. **Телефон(дор)дун/факстын номери:**
4. **Сиздердин бейөкмөт уюм өз ишмердигин кайсы аймакта жүргүзөт?**

♦ *Кыргыз Республикасынын бардык аймактарында*

♦ *бир облуста*

♦ *бир райондо*

♦ *бир нече облуста*

♦ *бир шаарда*

♦ *башка (атап көрсөтүңүз)*______________________________

5. **Сиздердин бейөкмөт уюмдун ишмердигинин негизги багытын көрсөтүңүз** (Бир башкы багытты тандоо керек):

- ♦ *жарандарга социалдык колдоо көрсөтүү*
- ♦ *жарандардын саламаттыгын сактоо*
- ♦ *дене тарбияны жана спортту өнүктүрүү*
- ♦ *жарандардын укуктарын коргоо*
- ♦ *маданиятты жана искусствону өнүктүрүү*
- ♦ *балдарды жана энелерди колдоо*
- ♦ *илимди жана техниканы өнүктүрүү*
- ♦ *балдар кыймылы жана балдардын чыгармачылыгын өнүктүрүү*
- ♦ *жаштар кыймылын өнүктүрүү*
- ♦ *курчап турган табигый чөйрөнү сактоо жана жаныбарларды коргоо*
- ♦ *калктын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусун активдештирүү*
- ♦ *калкты укуктук жактан агартуу жана укуктук сабаттуулугун көтөрүү*
- ♦ *жарандык коом уюмдарын өнүктүрүү*
- ♦ *талдоо ишмердиги*
- ♦ *башка (атап көрсөтүңүз)*________________________________

6. **Сиздердин бейөкмөт уюм менен бийлик органдарынын кызматташуусуна адатта ким тарабынан демилге көтөрүлөт?**

- ♦ *Сиздкердин бейөкмөт уюм тарабынан*
- ♦ *Бийлик органдары тарабынан*
- ♦ *Эки тараптан тең*
- ♦ *Донорлор тарабынан*
- ♦ *Башка (атап көрсөтүңүз)*______________________________

7. **Сиздердин бейөкмөт уюм менен мамлекеттик бийликтин ортосундагы кызматташтык кайсы деңгээлде байкаларлык жана натыйжалуу өтөт деп эсептейсиз?**

- *Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын деңгээлинде*
- *Министрликтер менен ведомстволордун деңгээлинде*
- *Жогорку Кеңештин деңгээлинде*
- *Өкмөттүн деңгээлинде*
- *Кыргыз Республикасынын Президентинин администрациясынын деңгээлинде*

8. **Сиздердин бейөкмөт уюм менен бийлик органдарынын ортосундагы кызматташтыктын кайсы түрлөрү жарандык коом уюмдарынын чечим кабыл алуу процесстерине активдүү катышуусуна өбөлгө болот деп ойлойсуз?**

9. **Мамлекеттик чечим кабыл алуу деңгээлинде Сиздердин бейөкмөт уюм тарабынан бийлик органдары менен биргеликте 2006–2009-жылдары кайсы иш-чаралар аткарылды эле?**

10. **Мындай биргелешкен иштин жыйынтыгында кандай натыйжаларга жетишилди?**

11. **Мамлекетитк чечим кабыл алуу процессинде Сиздердин бейөкмөт уюм кайсы кыйынчылыктарга баарынан көп туш болот?**

12. **Чечим кабыл алуу процессине бейөкмөт уюмдардын катышуусунун мыйзамдык кайсы жол-жоболору Сизге белгилүү жана Сиздердин бейөкмөт уюмдун ишинде пайдаланылат?**

13. **Сиздердин бейөкмөт уюм парламенттик угууларда катышты беле?**

14. **Бул процессте Сиздердин бейөкмөт уюмга кандай роль ыйгарылган?**

- *катышуучунун ролу*
- *уюштуруучулардын биринин ролу*

- *эксперттин ролу*
- *башка (атап көрсөтүңүз)*________________________________

**15. Сиздердин бейөкмөт уюм катышкан же уюштуруучулардын бири болгон парламенттик угуу кандай натыйжаларды берди?**

**16. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин парламенттик угууларынын сапатына сиз кандай баа берер элеңиз?**

- *канааттандырарлык*
- *канааттандырарлык эмес*
- *жооп берүү кыйын*

**17. Парламенттик угууну өткөрүүнү жакшыртуу боюнча Сиздин кеңештериңиз**

**18. Сиздердин бейөкмөт уюм мамлекеттик чечим кабыл алуу боюнча ишке сырткы эксперттерди тартабы? Бул канчалык тез жана кайсы маселелер боюнча болуп турат?**

**19. Бийлик органдары БӨУлардын жана сырткы эксперттердин нускамаларын эске алууга кызыгабы жана буга жөндөмдүүбү?**

- *кызыгышат*
  *албетте, ооба*
  *ооба десе болот*
  *жок десе болот*
  *албетте, жок*
  *жооп берүү кыйын*
- *жөндөмдүү*
  *албетте, ооба*
  *ооба десе болот*
  *жок десе болот*
  *албетте, жок*
  *жооп берүү кыйын*

**20. Сиздердин бейөкмөт уюмдун пикири боюнча, чечим кабыл алуу процессинде коомчулуктун катышуусун жогорулатуу үчүн эң оболу эмне кылуу зарыл?**

**21. Сиздердин бейөкмөт уюм мамлекеттик деңгээлде чечим кабыл алуу боюнча бийлик органдары менен биргелешип иштөөнү жакшыртуу үчүн эмнелерди сунуш кыла алат?**

**22. Айрым өлкөлөрдө жеке адамдар жана юридикалык жактар киреше салыгынын 1% же 2%ын өздөрү тандап алган бейөкмөт уюмунун ишмердигин колдоого жумшайт. Мындай иш Кыргызстанда мүмкүн деп ойлойсузбу**?

- ♦ *ооба*
- ♦ *жок*

Биздин анкетаны толтурууга бөлгөн убактыңыз үчүн Сизге чоң рахмат!

*7-тиркеме*

**«Кыргызстанда жарандык коом уюмдарынын туруктуулугу жана натыйжалуулугу» долбоорунун алкагында «Мамлекеттик (борбордук) деңгээлде саясый чечим кабыл алуу процессине ЖКУлардын катышуу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү» деген темада Кыргыз Республикасындагы БӨУлардын арасында жүргүзүлгөн сурамжылоонун натыйжалары тууралуу кыскача отчёт**

*Июнь, 2009-ж.*

Коомчулуктун чечим кабыл алуу процессине катышуусу – бул жарандарга өздөрүнүн турмушуна таасир тийгизе турган маселелерди чечүүгө катышуу мүмкүнчүлүгүн берүүчү демократиялык принцип. Коомчулуктун активдүүлүгү аркасында бийликтин аткаруучу жана мыйзам чыгаруучу бутактары ар түрдүү ой-пикирлерди эске алуу, ар тараптуу маалыматтарды билүү жана квалификациялуу, ойлонулган чечим кабыл алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат. Өлкөнүн саясый турмушуна коомчулуктун кеңири катмарлары тартылганда,

ар түрдүү чыр-чатактардын жана түшүнбөстүктөрдүн алдын алууга өбөлгө түзүлүп, чечимдерди даярдоодо коомдун колдоосуна жетишилет, ал эми кийинчерээк ошол чечимдерди жүзөгө ашырууга жол ачылат.

«Коомдук катышуу» («коомдун катышуусу») деген термин, бир жагынан, жаңы эмес, эбактан бери белгилүү. Экинчи жагынан, өткөрүлгөн сурамжылоодон көрүнүп тургандай, бул терминдин жалпы кабыл алынган аныктамасы али да тактала элек. Бул жагдай түшүнүктөрдү чаташтырууга жана жарандардын укуктарынын бузулушуна алып келүүдө, себеби «коомдук катышуу» деп башка процесстер, формалар жана механизмдер да аталып кетүүдө. Кыргыз Республикасынын БӨУлардын арасында өткөрүлгөн сурамжылоо биринчи кезекте коомчулуктун мамлекеттик деңгээлде чечим кабыл алуу процессине БӨУлар аркылуу катышуу маселесин иликтеп билүүгө багытталган (анкетанын суроолору 6-тиркемеде берилген).

## 1. Сурамжылоонун максаты жана милдеттери

Сурамжылоонун максаты – Кыргыз Республикасынын коммерциялык эмес БӨУлардын мамлекеттик деңгээлде чечим кабыл алуу процессине катышуу тажрыйбасына талдоо жүргүзүү.

Бул максатка төмөнкү милдеттерди чечүү аркылуу жетишилет:

- ♦ БӨУлар менен мамлекеттик бийликтин ортосунда кызматташтык байкаларлык жана натыйжалуу боло турган деңгээлди аныктоо; жарандык коом уюмдарынын чечим кабыл алуу процессине активдүү катышуусуна өбөлгө түзүп жаткан БӨУлардын бийлик органдары менен иштешүүсүнүн формаларын иликтеп билүү; БӨУлардын чечим кабыл алуу процессине катышуусунун кыргызстандык уюмдар тарабынан пайдаланылуучу мыйзамдык жол-жоболорун талдоо.
- ♦ Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин парламенттик угууларынын сапатын, ошондой эле БӨУлар менен сырткы эксперттердин нускамаларын эске алууга бийликтин кызыгуу деңгээлин жана буга канчалык жөндөмдүү экендигин БӨУлардын көз карашында баалоо.
- ♦ Парламенттик угуунун өткөрүлүшүн жана мамлекеттик деңгээлде чечим кабыл алуу жагынан бийлик органдары менен биргелешип иштөөнү жакшыртуу боюнча БӨУлардын сунуштары менен нускамаларын ачыкка чыгаруу.

**2. Анкеталоо усулу**

БААУнун СИБнын «Кыргызстанда жарандык коом уюмдарынын туруктуулугу жана натыйжалуулугу» долбоорунун алкагында Кыргыз Республикасынын 62 БӨУлардын арасында анткета жүргүзүлдү. Сурамжылоо электрондук даректи пайдалануу аркылуу орус тилинде өткөрүлдү.

**3. Анкеталоону өткөрүү мөөнөттөрү**

Сурамжылоону өткөрүүгө даярдык 2009-жылдын май айында башталган. Анын максаттары жана милдеттери аныкталып, анкета иштелип чыккан да, ал долбоордун эксперттик тобунун сынагынан өткөрүлүп, Кыргызстандын БӨУлардын арасында таркатууга сунушталган. Июндун биринчи он күндүгүндө анкета БӨУлардын арасында таратылган. Июндун экинчи он күндүгүндө БӨУлардан толтурулуп келген анкеталарды иштетүү башталган.

**4. Анкетанын сыпаттамасы**

«Саясый чечим кабыл алуу процессине ЖКУлардын катышуу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү» долбоорунун аткаруучулары Кыргыз Республикасынын БӨУлардын мамлкеттик деңгээлде чечим кабыл алуу процессине катышуу маселеси боюнча маалымат топтоонун куралы катары анкетаны тандап алды.

Анкетада камтылган негизги маалымат:

- уюм тууралуу жалпы маалымат;
- мамлекеттик чечим кабыл алуу процессинде БӨУлардын бийлик органдары менен кызматташуусу;
- кыргызстандык БӨУлар колдонуучу аталган уюмдардын чечим кабыл алуу процессине катышуусунун мыйзамдык жол-жоболору;
- мамлекеттик чечимдерди кабыл алуу деңгээлинде 2006-2009-жылдары БӨУлар менен бийлик органдары биргелешип жүзөгө ашырган иш-чаралар жана алардын натыйжалары;
- мамлекеттик чечимдерди кабыл алуу процессинде БӨУлар туш болуучу кыйынчылыктар;
- БӨУлардын көз карашынан алганда, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин парламенттик угууларынын сапаты;

- ♦ БӨУлардын жана сырткы эксперттердин нускамаларын эске алууга бийликтин кызыгуусунун жана жөндөмүнүн деңгээли;
- ♦ парламенттик угууну жакшыртуу боюнча БӨУлардын нускамалары;
- ♦ бийлик органдары менен мамлекеттик деңгээлде чечим кабыл алууга байланышкан иштерди биргелешип аткарууну жакшыртуу боюнча сунуштар.

### 5. Сурамжылоонун объекти жана предмети

Сурамжылоонун **объекти** Кыргыз Республикасынын БӨУлар болду. Кыргыз Республикасынын Адилет министрлигинин расмий маалыматтарына ылайык, 2006-жылдын 1-апрелине карата 14 173 КЭУ уюм расмий катталган. Жарандык коомду колдоо борборлорунун ассоциациясынын[1] 2007-жылы өткөрүлгөн изилдөөлөрүнүн натыйжалары боюнча иштеп жаткан 514 бейөкмөт уюму аныкталган, бул болсо алардын расмий катталган санынын 6%ын түзөт.

Бул сурамжылоонун **предмети** – саясый чечим кабыл алуу маселелери боюнча БӨУлардын компетенттүүлүгү, саясый чечим кабыл алуу процессинде БӨУлардын бийлик органдары менен өз ара мамилелеринин тутуму.

«Кыргызстанда жарандык коом уюмдарынын туруктуулугу жана натыйжалуулугу» долбоорунун алкагында 350 бейөкмөт уюмунда сурамжылоо өткөрүү пландалган. Бул үчүн долбоордун аткаруучулары БААУнун Социалдык изилдөөлөр борборунун жана республиканын эң ири тармактык уюмдары болгон Жарандык коомду колдоо борборлорунун ассоциациясынын, «Сорос-Кыргызстан» фондунун жаштар программасынын, адам укуктарын коргоо жана балдардын кызыкчылыктарын көтөрүү боюнча бейөкмөт уюмдардын тобунун бейөкмөт уюмдар боюнча маалымат топтомун, ошондой эле *kelkel*дин жана *birge*нин электрондук барактарын пайдаланды. Андан тышкары, БӨУларга сурамжылоо түздөн түз уюмдарда жана айрым иш-чараларды, мисалы, тренингдерди өткөрүү учурунда жүргүзүлдү.

БӨУлардын анкеталоого катышуусуна түрткү берүү жана алар берген маалыматтардын кандайча пайдаланыларын билдирүү

[1] НПО Кыргызстана: вчера, сегодня, завтра / АЦПГО. – Б., 2006.

үчүн долбоордун аткаруучулары сурамжылоонун натыйжаларын, ошондой эле долбоордун башка материалдарын СИБдин сайтында (www.src.auca.kg) жайгаштырууну убада кылышты.

Өткөрүлгөн иштин натыйжасында Кыргызстандын ар түрдүү аймактарынан 62 бейөкмөт уюмдан анкеталар алынды. Бул сурамжылоого катышууга сунуш жиберилген бейөкмөт уюмдардын 17%ын түзөт. БӨУлардын мынчалык аз катышкандыгынын ар түрдүү себептери бар. Алардын ичинен төмөнкүлөрдү бөлүп белгилөөгө болот. Бул, биринчи кезекте, сурамжылоо жүргүзүү үчүн анча ыңгайсыз мезгилдин тандалгандыгы. Көпчүлүк БӨУлар июлда боло турган президенттик шайлоого карата даярдык иштерине байланыштуу бош убактысы жетишпегендиктен, сурамжылоого катыша албагандыгын белгилешти. Ошондой эле сурамжылоонун мындай түрүнө карата БӨУлардын, айрыкча Бишкек шаарындагы уюмдардын белгилүү деңгээлдеги ыкшоолугун жана кандайдыр бир көңүл калган маанайын, анкетанын суроолоруна жооп берүүнү каалабагандыгын, долбоордун натыйжаларына анча кызыкпагандыгын белгилей кетүү керек.

### 6. Сурамжылоонун натыйжалары


Долбоордун аткаруучулары БӨУларган **62 анкета** алышты: алардын ичинен 46 анкета Бишкектен жана 16 анкета аймактардан келди. Анкеталардын басымдуу бөлүгү коомдук бирикмелерден (31), андан азыраак бөлүгү коомдук фонддордон (20) алынды.

***1-диаграмма***




Сурамжылоого катышуучуларды турган аймактары жагынан алсак, алардын көпчүлүгү Кыргызстандын бардык жерлеринде иштешет. 13 суралуучунун ишмердиги бир нече облуска таркалат, башка 12 бейөкмөт уюму бир облустун чегинде гана иштейт. 7 гана суралуучу өздөрүнүн БӨУсунун ишмердиги бир шаарды кучагына алат деп белгилешкен.

***2-диаграмма***




Азыркы күндө Кыргызстанда БӨУлардын бийлик органдары менен кызматташуусунун ар түрдүү тажрыйбасы бар. Сурамжылоонун жүрүшүндө бул кызматташтык адатта ким тарабынан демилгеленет деген суроого бир нече жооптон бирөөн тандоо сунуш кылынган. Жооптордун көпчүлүгүнө ылайык, бийлик органдары менен кызматташуунун демилгечиси БӨУлар болуп саналат (62 БӨУлардын ичинин 40 суралуучу ушундай жооп берген). Экинчи орунда эки пикир турат: «кызматташтык эки тараптан тең демилгеленет» (20 бейөкмөт уюм) жана «кызматташтык донорлор тарабынан демилгеленет» (12 бейөкмөт уюм). Дагы 3 бейөкмөт уюмдун өкүлдөрү гана кызматташтыктын демилгечиси деп бийлик органдарын, ал эми бир уюм ишкердик секторун атаган.

*3-диаграмма*




Андан тышкары сурамжылоонун жүрүшүндө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын деңгээлинде БӨУлар менен мамлекеттик бийликтин кызматташуусу башка деңгээлдерге караганда алгылыктуу жана натыйжалуу өтөөрү аныкталды. Сурамжылоонун 37 катышуучусу ушундай деп эсептейт. Анкеталоого катышкан БӨУлардын башка бир бөлүгү (20 суралуучу) кызматташтык министрликтер менен ведомстволордун деңгээлинде көбүрөөк байкалат деп эсептейт. 12 гана бейөкмөт уюм КР ЖКнын деңгээлиндеги кызматташтыкты белгилешкен. Андан кийин бир кыйла артта өкмөт (6 суралуучу) жана президенттик администрация (5 суралуучу) турат.

*4-диаграмма*



Ошентип, БӨУлардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (ЖӨО) менен кызматташуусун суралуучулар эң маанилүү, байкаларлык жана натыйжалуу деп эсептешет. Бул кызматташтык, анкеталоого катышкандардын биринин пикири боюнча, бейөкмөт уюму менен парламенттин же президенттик администрациянын ортосундагы ушундай эле кызматташтыкка салыштырганда кандайдыр бир бөтөнчөлүккө ээ. Биринчиден, эки субъектинин тең ишмердик чөйрөсүнө жергиликтүү маанидеги маселелер кирет. Экинчиден, БӨУлар менен ЖӨОнун кызматташуусу муниципалдык түзүмдүн түрлөрү боюнча мүнөздүү бөтөнчөлүктөргө ээ.

Сурамжылоо көрсөткөндөй, бейөкмөт уюмдарынын парламент, өкмөт жана президенттик администрация менен кызматташуусунун жыштыгы ЖӨО жана министрликтер/ведомстволор менен кызматташуу деңгээлине караганда абдан төмөн. Суралгандар мамлекеттик бийликтин аталган субъектилери тарабынан кайра байланыш, жарандык демилгелерге карата ой-пикирлер эң аз болот деп белгилешти. Башка суралгандар аталган институттардын жабыктыгын, айкын эместигин, кызматташуунун чыныгы механизмдеринин жоктугун, бюрократизмди белгилешти. БӨУлар парламент же президенттик администрацияга караганда, ЖӨО менен, айрым министрликтер же ведомстволор менен иштеген бир тоң оңой деп көрсөтүшкөн. Ош облуснун губернаторунун алдындагы ишкердик боюнча кеңеш берүүчү комитет, ИИМдин, ЭжСӨМ (Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлиги) алдындагы коомдук кеңештер, Дене тарбия боюнча мамлекеттик агенттиктин алдындагы балдарды коргоо, жаштар саясаты, гендер жана балдар боюнча департамент сыяктуу облустук жана жергиликтүү деңгээлдеги түзүмдөр өкмөттүн же президенттик аппраттын деңгээлинде түзүлгөн ушундай эле түзүмдөргө караганда ачык, иштиктүү болушат. Ошол себептен жергиликтүү деңгээлде БӨУлар менен ЖӨОнун ортосундагы кызматташуунун формалары көп түрдүү келет. БӨУлар менен ЖӨОнун ортосундагы кызматташуунун формаларынын ичинен сурамжылоого катышкандар БӨУлардын чечим кабыл алуу процессине активдүү катышуусуна өбөлгө түзө турган төмөнкү түрлөрү көп аталган:


- коомдук угуулар;
- маселени биргелешип аныктоо жана талкуулоо (PRA усулу боюнча);
- айыл жыйындары;

- өнөктөш долбоорлор, биргелешкен иш-чаралар (акциялар, тегерек столдор, конференциялар, изилдөөлөр);
- жумушчу топторун, талкуулоочу органдарды, кеңеш берүүчү, эксперттик кеңештерди түзүү;
- мыйзам долбоорлорун, жоболордун, көрсөтмөлөрдүн долбоорлорун иштеп чыгып көтөрүү.

Суралгандардын бири БӨУлардын бийлик органдары менен кызматташуусунун түрү катары жакында болгон (2009-ж. 5-май) бийлик жана жарандык коом уюмдарынын кызматташтыгынын негиздери жөнүндө КРнын Президентинин катчылыгы менен ачык макулдашууну атаган.


Сурамжылоого катышкан БӨУлардын көпчүлүгү (38инин ичинен 24ү) парламенттик угууга катышпагандыгы белгилүү болду.

***5-диаграмма***




Парламент тарабынан уюштурулган угууга катышкандар көп учурда бирге уюштуруучу (9) же эксперт (7) катары эмес, жөн гана катышуучу (24) катары болгон.

***6-диаграмма***



Алынган жооптордун негизинде Кыргызстандын БӨУлар парламенттик угууну өткөрүүнүн технологиялары менен тааныш эмес жана алардын маанисин жетишерлик баалашпайт деп ырастаса болот. Ушунун натыйжасында парламенттик угууну өткөрүүнү жакшыртуу боюнча (№ 17-суроо) суралган БӨУлар эч кандай нускамаларды берген жок. Парламенттик угууга ар кандай ролдорду аткаруу менен катышкан суралгандар төмөнкү нускамаларды беришкен:

- ♦ КР ЖКнын сайтында парламенттик угуунун стенограммаларын жайгаштыруу керек;
- ♦ Парламенттик угууну өткөрүү жөнүндө коомчулукка (атап айтканда БӨУларга) байланыштын ар түрдүү каражаттарын колдонуу менен ачык жана алдын ала маалымдоо керек;
- ♦ Угуунун натыйжаларын республикалык басылмаларда (электрондук жана басма ЖМКда) орус жана кыргыз тилдеринде жарыялоо керек;
- ♦ Парламенттик угууну тез-тез, мисалы, айына 2 жолу өткөрүп туруу керек (угуу үчүн орчундуу темалар жетиштүү);
- ♦ Парламенттик угууну сөзсүз түрдө БӨУлардын, аткаруу бийлигинин өкүлдөрүнүн, ишкер чөйрөнүн, ЖМКнын, Эл аралык уюмдардын (зарылдыгына жараша) өкүлдөрүнүн катышуусу менен өткөрүү керек;
- ♦ Парламенттик угуунун жарандык коомдун катышуусу/тартылышы менен өткөрүлүшүн милдеттүү түрдө кылуу (мыйзамдаштыруу), парламенттик угуу жөнүндө мыйзам долбоорун демилгелөө керек;
- ♦ Угуунун катышуучуларын, эксперттерди, байкоочуларды тандоону ачык-айкын жүргүзүү;
- ♦ Угууларда маселелерди талкуулоо убактысын көбөйтүү, угуунун минималдуу жана максималдуу чек-чемин белгилөө (катышуучулардын, эксперттердин, журналисттердин саны, докладдардын, жарыш сөздөрдүн убактысы, нускамаларды билдирүү үчүн, угуунун болоору жана жыйынтыктары жөнүндө маалымат таркатуу үчүн убакыт, ЖМКда чагылдыруу) бекитүү;
- ♦ Парламенттик угууну уюштуруу жана өткөрүү иштеринде депутаттардын, алардын кеңешчилеринин, жардамчыларынын, ошондой эле жарандык коомдун өкүлдөрүнүн мүмкүнчүлүктөрүн арттыруу.

Мамлекеттик чечимдерди кабыл алуу боюнча БӨУлар менен бийликтин ортосундагы эксперттердин арачылык ролун аныктоо үчүн 18 жана 19-суроолор берилген. Суралгандарга чечим кабыл алуу процессине катышуудагы өз иштерине сырткы эксперттерди тартар-тартпастыгын, бул канчалык тез-тез жана кайсы маселелер боюнча болуп турарын белгилөө, ошондой эле бейөкмөт уюмдар менен эксперттик коомчулуктун сунуш-пикирлерине бийликтин кызыгуусун жана жөндөмдүүлүгүн баалоо сунуш кылынган. № 19-суроого жооптун бир нече варианты каралган. Анкетанын бул бөлүгү боюнча алынган натыйжалар көңүлгө толбойт. 35 суралуучунун пикири боюнча, алардын уюмдары чечим кабыл алуу процессине катышуу боюнча өз иштерине сырткы эксперттерди тартпайт. Бул ишке эксперттерди 19 бейөкмөт уюм үзгүлтүксүз тартып турат. 10 суралуучу алардын бейөкмөт уюмдары «сейрек учурларда гана чакыраарын» айтты.

Суралгандардын жоопторуна ылайык, эксперттер төмөнкү документтерди иштеп чыгууда жана алдыга жылдырууда ишке тартылган:

1) «КРнын КЭУ жөнүндө», «Кен байлыктар жөнүндө» мыйзамдарга өзгөртүүлөр менен кошумчаларды киргизүү жөнүндө мыйзам долбоору;
2) КРнын «Балдар жөнүндө» кодексинин долбоору;
3) «Асырап алуучу үй-бүлө жөнүндө» жобонун долбоору;
4) Салык кодексинин, Шайлоо жана референдумдар жөнүндө кодекстин долбоорлору, «Мамлекеттик социалдык заказ жөнүндө» мыйзам долбоору;
5) Жаштар саясатынын концепциясы;
6) Улуу муун концепциясы.


Андан тышкары, суралгандар БӨУлардын жалпы стратегиясын иштеп чыгууга эксперттердин катышкандыгын (1), уюмдун байкоочу-кеңеш берүүчү органынын курамында сырткы эксперттин бар экендигин (1), эксперттер тренингдик модулду баалоо, иштеп чыгуу үчүн кыска мөөнөткө тартылгандыгын (3), эл аралык эксперттер чакырылгандыгын (1) белгилешкен.

Бейөкмөт уюмдар менен эксперттик коомчулуктун сунуш-пикирлерине бийликтин кызыгуусун жана жөндөмдүүлүгү жөнүндө жооптор төмөнкүчө бөлүндү:

| | Албетте, ооба | Ооба десе болот | Жок десе болот | Албетте, жок | Жооп берүүдөн кыйналып турам |
|---|---|---|---|---|---|
| **кызыгышат** | 2 | 20 | 19 | 19 | 3 |
| **жөндөмдүү** | 5 | 13 | 23 | 20 | 5 |

Таблицада берилген маалымат көрсөткөндөй, ар түрдүү БӨУлардын өкүлдөрү болгон суралгандардын көпчүлүгү бейөкмөт уюмдар менен эксперттик коомчулуктун **сунуш-пикирлерине** бийликтин кызыгуусуна жана аларды эске алуу жөндөмдүүлүгүнө ишенбөөчүлүк менен карайт.

***7-диаграмма***




Берилген баалар туура же туура эмес болсо да, алар БӨУлардын мамлекеттик деңгээлде чечим кабыл алуу процесине катышуусунун анык абалын жана бийлик органдары менен биргелешкен иштерине карата алардын баасын көрсөтөт. Чындыгында, бул таблица БӨУлар менен бийликтин өз ара мамилелериндеги чыныгы абалды чагылдырып турат.

Суралгандардын № 20: «Сиздердин бейөкмөт уюмдун пикири боюнча, чечим кабыл алуу процессине коомдун катышуусун жогорула-

туу үчүн биринчи кезекте эмне кылуу керек?» деген суроого берген жоопторун келтирүү кажет. Суралгандардын басымдуу бөлүгү эң башкысы мамлекеттик деңгээлде чечим кабыл алуу процессинини бардык баскычтарында активдүү болуу деп эсептешет. Экинчи орунда «маалымат алуу мүмкүнчүлүгүн камсыздоо», ал эми үчүнчү орунда «коомчулукка кеңеш берүүчү жана тренингдик кызмат көрсөтүү» керек деген сунуштар турат.

Калган суралгандардын пикири боюнча, чечим кабыл алуу процессине бейөкмөт уюмдардын катышуусун мындан ары күчөтүү БӨУлардын өз караштарын жеткиликтүү, негиздүү жана сабаттуу билдиришине жараша; БӨУлардын өкүлдөрүнүн талдоо көндүмүнө жана аны өнүктүрүүгө жараша; БӨУлардын сунуштары мамлекет тарабынан эске алынышына жараша; мыйзам долбоорлорун, жоболорду, программаларды биргелешип талкуулоого жараша; бийлик түзүмдөрүнүн ачык-айкындыгына жараша; эки тараптуу ишеничке жараша; тоскоолдуктардын, бюрократиялык бөгөт коюулардын четтетилишине жараша; тийиштүү демократиялык мыйзам негизинин түзүлүшүнө (мисалы, «Мамлекеттик чечим кабыл алуу процессине коомчулуктун катышуусу жөнүндө» мыйзамды кабыл алууга жараша; саясый эркке жараша болот.

Мамлекеттик деңгээлде чечим кабыл алуу боюнча БӨУлардын бийлик органдары менен биргелешкен ишин жакшыртуу үчүн суралгандар төмөнкүлөрдү сунуштады:

- БӨУларды чечим кабыл алуунун бардык баскычтарында тартуу;
- ар түрдүү деңгээлдерде көз карандысыз коомдук кеңештерди (комитеттерди, топторду, комиссияларды) түзүп, өнүктүрүү;
- мыйзам жаратуу тармагында ишке тартуу үчүн кесипкөй БӨУлардын реестрин түзүү;
- ЖКУлардын сунуш-пикирлеринин, мыйзамдарынын ж. б. аткарылышына үзгүлтүксүз жарандык мониторинг жүргүзүү;
- БӨУлардын бийликтин бардык бутактары менен өнөктөш мамилени өнүктүрүү;
- БӨУларды мыйзам долбоорлорун ар түрдүү экспертизалардан өткөрүүгө тартуу;
- биргелешкен (БӨУлар – бийлик) окуулардын техникасын иштеп чыгуу.

**7. Сурамжылоо жүргүзүүнүн натыйжалары боюнча кыскача тыянактар**

1. Анкеталоо бийликтин деңгээли канчалык төмөн болсо, ал коомчулукка ошончолук жакын экендигин, ошого жараша БӨУлар жергиликтүү бийлик органдары менен эң натыйжалуу кызматташа тургандыгын, себеби дал ушулар коомчулуктун суроо-талаптарын канааттандырышы керектигин көрсөттү. Чечим кабыл алуу процессинде эң мыкты натыйжаларга БӨУлар дал ошол жергиликтүү бийлик органдары менен кызматташууда жетишип жатышат.
2. БӨУлар менен бийлик органдарынын кызматташуу демилгесин көбүнчө мамлекет эмес, коомдук уюмдар көтөрүп келет.
3. Сурамжылоого катышкан БӨУлардын көпчүлүгү мамлекеттик деңгээлде чечим кабыл алуу процессине катышуу боюнча өз укуктары жана мүмкүнчүлүктөрү тууралуу, БӨУлардын мыйзам жаратуу процессине катышуу жол-жоболору боюнча азыркы кезде бар мыйзамдар тууралуу толук маалыматка ээ эмес.
4. Сурамжылоого катышкандардын көпчүлүгү мамлекеттик деңгээлдеги чечимдерди кабыл алуу процессинин чыныгы баскычтары, иштеп чыгууга жана кабыл алууга пландалып жаткан ЧУА жөнүндө начар биле тургандыктарын белгилешкен.
5. Көпчүлүк жергиликтүү БӨУлар үчүн мыйзам жаратуу процессине эркин катышуу кыйын.
6. Бийлик органдарынан маалымат алуу тутуму жетишерлик ачык эмес, бийлик органдарынын коомчулуктун суроолоруна жооп берүү форуму жок. Көбүнчө коомчулук кабыл алынып бүткөн чечимдер жөнүндө гана маалымат алат, болгондо да дайыма эмес.
7. Сурамжылоого катышкан көпчүлүк БӨУлар мамлекеттик деңгээлдеги чечимдерди кабыл алуу процессине коомчулуктун катышуусу бийлик тарабынан пайдасыз, практикалык мааниге ээ эмес жол-жобо катары кабыл алынат деп ойлойт. Ошол себептен, БӨУлардын пикирлери боюнча, коомдук талкуулардын формалдуу өткөрүлгөн, маалыматтан пайдалануу мүмкүнчүлүгүнүн берилбеген ж. б. учурлар көп кездешет.

8. Көпчүлүк БӨУлар парламенттик угууга катышпайт. Сурамжылоого катышкандар парламенттик угууну өткөрүү жол-жоболору менен тааныш эместигин жана аларда коомчулук кандай роль ойной алаарын билбестигин белгилешкен.
9. БӨУлардан сурамжылоого катышкандар үчүн тийиштүү ЧУ-Ада алардын чечим кабыл алуу процессинин бардык баскычтарында катышуусунун айкын формаларын, жол-жоболорун жана механизмдерин бекитүү принципиалдуу мааниге ээ болуп эсептелет.
10. Парламенттик угуунун демилгечилери жана мыйзам долбоорлорун иштеп чыгуучулар ЧУАны экспертизадан өткөрүү үчүн БӨУларган эксперттерди өтө сейрек чакырышат.
11. Көпчүлүк БӨУлар мамлекеттик деңгээлде чечим кабыл алуу процессине катышуу боюнча өз иштерине сырткы эксперттерди тартышпайт.
12. Суралуучу коомчулуктун борбордук деңгээлде чечим кабыл алуу процессине катышуусуна негизги тоскоолдук деп аткаруу жана мыйзам чыгаруу бийлик институттарынын чечим кабыл алуу процессинде коомчулук менен кызматташууга даярдыгы жана жөндөмдүүлүгү начар өнүккөндүгүн айтышты.
13. Сурамжылоого катышкан БӨУлардын көпчүлүгүнүн пикири боюнча, коомчулукту чечим кабыл алууга катыштырууда жооптуу бийлик органдары иш жүзүндө бул катышууну, айрыкча эгер бул алардын кызыкчылыктарына каршы келсе, мүмкүн болушунча азайтканга умтулушат. Иш жүзүндө көбүнчө коомчулуктун формалдуу катышуусу, мисалы, ар кандай кеңештерде добуш берүү укугусуз иштөөсү ж. у. с. байкалат.
14. Үчүнчү сектордун сурамжылоого катышкан өкүлдөрүнүн басымдуу бөлүгү бүгүнкү күндө БӨУлардын да, бардык деңгээлдеги бийлик органдарынын да чечимдедри кабыл алуу процессинде эки тараптуу байланышты уюштуруу жана ишке ашыруу боюнча жетиштүү билими, тажрыйбалары жана жөндөмдөрү жок деп белгилешти.

*8-тиркеме*

**«Бийликтин мыйзам чыгаруучу жана аткаруу деңгээлдеринде чечим кабыл алуу процессине жарандык коом уюмдарынын катышуусу» деген темадагы тегерек столдун иши жөнүндө кыскача отчёт**

*12-март, 2009-ж.*
*Бишкек, Кыргызстан*

2009-жылы 12-мартта КРнын Жогорку Кеңешинин Сүйрү залында «Бийликтин мыйзам чыгаруучу жана аткаруу деңгээлдеринде чечим кабыл алуу процессине жарандык коом уюмдарынын катышуусу» деген темадагы тегерек стол болуп өттү. Бул иш-чара Борбордук Азиядагы Америка университетинин Социалдык изилдөөлөр борбору тарабынан Борбордук жана Чыгыш Европадагы мамлекеттик башкаруу институттары жана мектептеринин ассоциациясы (NISPAcee, Словакия)[1] менен биргеликте, Словакиянын эл аралык кызматташтык жана өнүгүү боюнча агенттигинин (Slovak Agency for International Development Cooperation) каржылык колдоосу менен ишке ашырып жаткан долбоордун алкагында уюштурулган. Тегерек столдун ишине КРнын ЖКнын депутаттары, бийликтин аткаруу бутагынын жана Кыргызстандагы БӨУлардын өкүлдөрү катышты.

Өзүнүн кириш сөзүндө СИБнын директору жана тегерек столдун алып баруучусу **Аида Алымбаева** катышуучуларга салам узатып, Сабиров мырза менен Молдошева айым аркылуу КРнын ЖКнын Этика жана регламент боюнча комитетине тегерек столду уюштурууда көрсөткөн колдоосу үчүн ыраазылык билдирди. Андан ары алып баруучу СИБнын NISPAcee менен биргеликте ишке ашырып жаткан долбоорго чейинки жасаган иштерине кыскача токтолду. Мисалы, акыркы эки жыл аралыгында өкмөттүк жана бейөкмөт уюмдардын өкүлдөрүнүн катышуусунда ар түрдүү маселелер боюнча тегерек столдорду өткөргөндө, мамлекеттик деңгээлде чечим

[1] NISPAcee – Борбордук жана Чыгыш Европадагы мамлекеттик башкаруу тармагында билим берүү жана изилдөө иштерин жүргүзүүчү, ошондой эле бул тармакта иштеген кызматкерлерди, изилдөөчүлөрдү, нускоочуларды же академиялык (илимий) кызматкерлерди даярдоочу билим берүү мекемелеринин атынан өкүлдүк кылган уюм.

кабыл алуу процессин жана ЖКУлардын бул процесске катышуусун жөнгө салуучу мыйзам негиздерин жакшыртууга өкмөттүк түзүмдөрдүн да, бейөкмөт сектордун кызыга тургандыгы аныкталды. Ушундан улам долбоордун идеясы Словакиялык кесиптештердин колдоосун таап, кийинчерээк мамлекеттик чечимдерди кабыл алуу процессинде ЖКУлардын катышуусу жагынан Словакиянын тажрыйбасын иликтеп билүүгө багытталган долбоордун өзү да пайда болду.

Бул тегерек столдо, алып баруучу түшүндүргөндөй, долбоор жана анын алгачкы табылгалары жалпы талкууга коюлду. Ал КР ЖКнын Этика жана регламент боюнча комитетине долбоордун максаттарына кызыккандыгы үчүн жана анын аны ишке ашырууда жигердүү кызматташкандыгы үчүн ыраазылык билдирди. Анан долбоордун эксперттерин жана чакырылган спикерди, КРнын Экономикалык өнүгүү жана соода министрлигинин мамлекеттик программалар башкармалыгынын жетекчиси Сакишев Талантбекти тааныштырды.

Андан соң алып баруучу сөздү КР ЖКнын депутаты, Этика жана регламент боюнча комитеттин төрагасы Сабиров Алишер Ахмедовичке берди.

Тегерек столдун катышуучуларына салам айтып, КР ЖКнын депутаты **Алишер Сабиров** депутаттардын активдүү катышкан себебин долбоордун идеяларынын парламентаризм рухуна, элдин жогорку өкүлчүлүктүү органынын рухуна шайкеш келиши менен түшүндүрдү. Ал акыркы жылдары парламент мурдагыга караганда кыйла ачык түзүм болуп бара жаткандыгын, бул биринчи кезекте парламенттин маалымат-катнаш багытындагы иши күч алгандыгы менен шартталгандыгын баса белгиледи.

Андан ары парламентчи азыркы баскычта ар бир жаран мыйзам жаратуу ишмердигине чындап катыша алышы үчүн жарандык коомдун чечим кабыл алууга катышуу жол-жобосун жана бийликтин жарандык коом менен кызматташуусун жакшыртуу абдан зырыл экендигин белгиледи. Депутат парламентте ар бир мыйзам долбоору КР ЖКнын тийиштүү токтомунун негизинде беш (коррупцияга каршы, экологиялык, укук коргоочу, гендердик жана укуктук) түрдөгү экспертизадан өтөөрүн түшүндүрдү. Бул стандарттарды ЖКнын регламентине да, ченемдик укуктук актылар тутумуна да киргизүү зарыл.

Ошондой эле чыгып сүйлөөчү жарандык коомдун өз көз караштарын билдирүүсү үчүн дагы бир мүмкүнчүлүк катары жакында Коомдук палатанын түзүлгөндүгүнө тегерек стол катышуучуларынын көңүлүн бурду. Ал эгерде КРнын Коомдук палатасы жөнүндө мыйзам кабыл алынса, анда мыйзам долбоорлоруна бул палата сунуш кылган бардык өзгөртүүлөр менен толуктоолорду милдеттүү түрдө кароо ченеми иштей тургандыгын баса белгиледи. Сөз ээси азыр күчүндө турган «Маалыматты эркин пайдалануу жөнүндө мыйзамды» эске салып, маалыматтарды жарандар үчүн жеткиликтүү кылуу менен эле чектелбестен, алар менен кайра байланыш түзүүнү да камсыздоо зарылдыгын белгиледи.

Сөзүнүн акырында депутат А. Сабиров БААУ СИБге, анын директору Аида Алымбаевага кызыктуу долбоорду баштагандыгы үчүн дагы бир жолу ыраазылык билдирип, бул тармактагы кызматташтык натыйжалуу болот деген үмүтүн билдирди.

**Андан ары башкаруу бийлигинин өкүлү КРнын Экономикалык өнүгүү жана соода министрлигинин мамлекеттик программалар башкармачылыгынын жетекчиси** Сакишев Талантбек сөз сүйлөдү. Ал КР ЭӨжСМдүн мамлекеттик чечимдерди кабыл алуу процессинде жарандык коом менен кызматташуусу жөнүндө кеңири айтып берип, мындай кызматташуунун үч аспектисине басым жасады. Алар: чечим кабыл алуу процессинде жөнгө салуучу таасирди талдоонун (ЖТТ) ролу; чечим кабыл алуу процессинде мамлекеттик бийликтин коом менен кызматташусунун куралы катары мамлекеттик-жеке өнөктөштүк (МЖӨ); стратегиялык документтерди иштеп чыгууда жарандык коомдун катышуусу.

Чыгып сүйлөөчү тиги же бул мыйзам долбоорунун коомго тийгизер пайдасын баалоодогу ЖТТнын милдетин кыскача түшүндүрүп, андан соң ЖТТнын үч ченемдүү аныктамасын берди.

1) ЖТТ – бул туура суроолорду коюу процесси жана аларды саясат, экономика ж. б. чөйрөлөрдүн маселелери боюнча уюштурулуучу талаш-тартыштардын алкагында мүмкүн болушунча кеңири жана ачык талкуулоо.
2) ЖТТ – бул өкмөттүн ишмердигинин же чара көрбөгөндүгүнөн келип чыгуучу айрым кесепеттерди иликтеп билүүнүн тутумдуу жана ырааттуу процесси;
3) ЖТТ – бул жооптуу адамдарга жана коомдун кызыккан тараптарына маалымат жеткирүү жана алгылыктуу чечим кабыл алуу процесси.

Докладчы жолугушуунун катышуучуларына ЖТТны укуктук жактан бекемдөө жана ишке киргизүү максатында КРнын Президентинин «Кыргыз Республикасында уруксат берүү-жөнгө салуу тутумун ийкемдештирүү боюнча айрым чаралар жөнүндө» жарлыгы (УП № 344, 2007-ж. 23-июль) чыгарылгандыгын маалымдады. Аталган жарлыкка улай КРнын Өкмөтүнүн «Ченемдик укуктук актылардын ишкердик субъектилерине жөнгө салуучу таасирин талдоо (ЖТТ) ыкмасы жөнүндө» токтому (№ 603 от 20-декабрь, 2007-ж.) чыккан. Мындан ары, сөз сүйлөөчүнүн пикири боюнча, бардык ченемдик укуктарды ЖТТдан, ошондой эле Сабиров мырза атаган экспертизанын бардык түрлөрүнөн өткөрүүгө умтулуу керек.

ЭжСӨМдүн жарандык коом менен кызматташуусунун маанилүү фактору болгон мамлекеттик-жеке өнөктөштүккө мүнөздөмө берип, Сакишев мырза МЖӨ – менчиктештирүү программаларынын ордуна колдонууга ылайыктуу, бир жагынан, жеке ишкердик демилге дареметин жүзөгө ашырууга жол ача турган, экинчи жагынан, экономиканын социалдык мааниге ээ секторлорунда мамлекеттик көзөмөлдү сактап калуу мүмкүнчүлүгүн берүүчү абдан натыйжалуу альтернатива экендигин баса белгиледи. Бул жерде да ЭжСӨМ МЖӨнү ишке ашыруу процессинде ишкер ассоциациялары, ишкер коомчулуктар жана жарандык коом менен байланышты колдоо аркылуу алдыңкы роль ойнойт. Сакишев мырза МЖӨнү анык ишке ашыруу үчүн тийиштүү шарттарды түзүү зарыл экендигин белгиледи. Алар: стратегиялык реформаларды жүргүзүү, институциялык негиздерди түзүү (мекемелештирүү), тобокелдиктерди жөнгө салуу жана укуктук негизди жакшыртуу. Аталган шарттардын акыркысын камсыздоо мисалы катары жакында ЭжСӨМ тарабынан даярдалган «Кыргыз Республикасында инфраструктураны өнүктүрүүдө мамлекеттик-жеке өнөктөштүк жөнүндө» мыйзам долбоору аталды.

ЭжСӨМдүн жарандык коом менен кызматташуусунун үчүнчү өңүтүнө болсо, чыгып сүйлөөчүнүн пикири боюнча, 2009–2011-жылдарда Өлкөнү өнүктүрүү стратегиясынын (ӨӨС) иштелип чыгышы мисал болот. Докладчы катышуучуларга 2008-жылы 9-октябрда ӨӨСке мониторинг жүргүзүү жана баалоо боюнча мамлекеттик маалымат тутумун (http://mes.in.kg) пайдалануу мүмкүнчүлүгү (редакциялоо укугусуз) жалпыга жеткиликтүү болуп калгандыгын маалымдады.

Сөзүнүн акырында Сакишев чечим кабыл алуу процессинде ЭжСӨМ жарандык коом үчүн ачык аянтча экендигин баса белгилеп, ЖКУларды активдүү болууга чакырды.

Андан кийин сөз СИБнын эксперти **Шерадил Бактыгуловго** берилди. Ал долбоордун өзүнө кеңири токтолду. Адегенде долбоордун төмөнкүлөрдү камтыган методологиясы жөнүндө кыскача айтып берди:

- ♦ КР ЖКнын депутаттарынын, өкмөттүн, министрликтер менен ведомстволордун жана бейөкмөт уюмдардын өкүлдөрүнүн арасында интервью өткөрүү;
- ♦ чечим кабыл алуу процессин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларды талдоо, кыскача сереп жасоо жана Словакиянын мамлекеттик чечим кабыл алууда ЖКУлардын катышуусун камсыздоо боюнча тажрыйбасын иликтөө үчүн кабинеттик изилдөө.

Докладчы Словакия менен Кыргызстандын калкынын саны болжолдуу бирдей жана чарба жүргүзүүнүн социалисттик тутуму жоюлгандан кийин баштапкы бирдей шартка туш келгендигине байланыштуу Словакиянын бизге пайдалуу болгудай тажрыйбасы жөнүндө сөз жүрүп жаткандыгын белгиледи. Словакиянын парламенти да партиялык принципте түзүлгөн.

Эксперттин пикири боюнча, долбоор боюнча жүргүзүлгөн иштин жыйынтыгында эки чоң маселе айкын болду, тагыраак айтканда: мамлекеттик түзүмдөрдүн өкүлдөрү бейөкмөт уюмдардын эксперттик дареметин анча жогору баалашпайт, ал эми БӨУлар өздөрү жогорку деңгээлде экспертиза жүргүзүүгө дареметибиз болсо да, пайдаланылбай келет деп эсептешет. Ошол эле учурда тараптар кызматташууга даяр, бирок айкын бекитилген жол-жоболордун жоктугуна байланыштуу, кызматташуу ырааттуу жана натыйжалуу жүргүзүлбөй жатат.

Андан ары Бактыгулов мырза ЖКУлардын чечим кабыл алууга катышуусун тиги же бул деңгээлде аныктоочу негизги ченемдик документтерди (КР ЖКнын регламенти жөнүндө, КРнын өкмөтү жөнүндө, ченемдик укуктук актылар жөнүндө, ЖМК жөнүндө, шайлоо жөнүндө мыйзамдарды жана Коомдук палата жөнүндө жана Алдыга жылдыруу жөнүндө мыйзам долбоорлорун) атап, КР ЖКнын эксперт стандарттары жөнүндө токтомун жогору баалады жана Президенттин «Мамлекеттик органдар менен жергиликтүү өз

алдынча башкаруу органдарынын ишмердигине ачык саясат форматтарын жана жол-жоболорун киргизүү жөнүндө» буйругун эске салды.

Бактыгулов мырза катышуучулардын көңүлүн кызматташуунун конкреттүү мисалдарына бурду. Атап айтканда:

- 2003-ж. БӨУлар үй-бүлөдөгү зомбулук жөнүндө мыйзам долбоорун демилгелеп, ЖКга киргизишкен;
- 2004–2007-ж. МКТ колдонуу менен ар жылдык маалымат конференциялары өткөрүлүп турган;
- министрликтердин алдында коомдук кеңештер түзүлгөн;
- ЖКнын комитеттеринин алдында эксперттик кеңештер түзүлгөн;
- коомдук угуулар өткөрүлүп жатат.

Андан ары эксперт чечим кабыл алуунун беш баскычын белгиледи. Биринчи баскыч – кырдаалды талдоо жана маселени так атап көрсөтүү. Экинчи баскыч – чечимдердин варианттарын иштеп чыгуу. Үчүнчү баскыч – чечимдердин варианттарын баалоо критерийлерин иштеп чыгуу. Төртүнчү баскыч – тандап алынган чечимдин вариантын жүзөгө ашыруу. Бешинчи баскыч – ишке ашырууга мониторинг жүргүзүү жана баалоо. Чыгып сүйлөөчүнүн пикири боюнча, маселе бул процесстин ар кайсы баскычтарында жарандык коомдун катышуусунун бекитилген жол-жобосунун жоктугунда. Атап айтканда, эксперт жаңы ченемдик актыны ар тараптуу талкуу жүргүзүү механизмдеринин жоктугу, сырткы эксперттердин тартылбагандыгы, эксперттик бүтүмдөрдүн форматтарынын жоктугу сыяктуу маселелерге тегерек столдун катышуучуларынын көңүлүн бурду.

Сөзүнүн акырында Бактыгулов мырза төмөнкү нускамаларды сунуш кылды: 1) КР ЖКнын экспертиза жөнүндө токтомунун негизинде укуктук жана башка экспертизалар жөнүндө мыйзамды иштеп чыгуу жана кабыл алуу; 2) жарандык коомдун катышуусу *мүмкүн* деген ченемди *милдеттүү* деп өзгөртүү керек.

**Тегерек столдун экинчи бөлүгү** долбоордун негизги докладчыларына жана эксперттерине берилген суроолор менен ой-пикирлерге арналды.

Алсак, депутат Алишер Сабиров жалпы элдик талкуу жол-жобосуна талкуунун катышуучуларынын көңүлүн бөлүү менен СИБнын экспертинин докладына толуктоо жасады.

Модератор Аида Алымбаева эксперт Бактыгуловдун сөзүн толуктап, долбоордун командасы чечим кабыл алуу процессинин жол-жоболук өңүтүн жакшыртууга басым жасоону чечкендигин, бул долбоордун акча каражаты жана аны жүзөгө ашыруу убактысы да чектелгендигине байланыштуу экендигин түшүндүрдү.

Эл аралык коммерциялык эмес укук борборунун өкүлчүлүгүнүн юристи Ноокат Идрисов жарандык коомдун чечим кабыл алуу процессине катышуусун милдеттүү кылуу сунушун колдогон пикирин айтты жана мындай милдеттүү ченемди ишке ашыруунун айкын жол-жоболорун иштеп чыгуу зарылдыгын белгиледи. Мисалы, мыйзам долбоору парламентте каралардан бир ай мурун демилгечилер же КРнын ЖКнын негизги комитеттери коомдук угууну өткөрүүгө жана ЖМК аркылуу ал угуунун өткөрүлө турган жерин жана убактысын жарыялоого милдеттүү болот.

Депутат Сабиров «коомдук угуулар» жана «парламенттик угуулар» деген түшүнүктөрдү айырмалоо керектигин белгиледи. Анын пикири боюнча, «парламенттик» деп парламент тарабынан коомчулукту катыштыруу менен өткөрүлүүчү угуу гана аталышы мүмкүн.

Ноокат Идрисов өз кезегинде дүйнөлүк тажрыйбага таянуу менен, «парламенттик угуулар» – бул тиги же бул суроолорду депутаттардын өздөрү парламентте талкуулоосу экендигин, ал эми «коомдук» деп коомчулуктун өкүлдөрү менен эксперттер чакырылуучу угуу аталарын белгиледи.

«Демократия жана жарандык коом үчүн» бейөкмөт уюмдар коалициясынын аткаруучу директору Динара Ошурахунова долбоордун эксперти Шерадил Бактыгуловго: «Словакияда чечимдерди коомчулуктун пикирин эске алуу менен кабыл алуу милдеттүү болуп эсептелеби же бул биздин өлкөдөгүдөй жетекчинин каалоосуна жараша болобу?» – деген суроо берди.

Шерадил Бактыгулов Словакияда мындай катышуу милдеттүү түрдө болорун жана бул Словакия парламентинин коомчулук менен иштешүүсүнүн бир түрү катары карала тургандыгын түшүндүрдү. Ошондой эле келип түшүүчү сунуштарды баалоонун критерийлери бар экендиги, эгер сунуш четке кагылса, 10 күн аралыгында мунун себеби жазуу жүзүндө түшүндүрүлүшү керектиги айтылды.

Аида Алымбаева Словакияда андан тышкары өкмөт алдына жарандык коом уюмдарынан келип түшүүчү бардык сунуштарды

милдеттүү түрдө карай турган кеңеш берүүчү органдардын бар экендигин кошумчалап айтты.

Андан ары Динара Ошурахунова депутат Сабировдон парламент мүчөлөрү жана башка мамлекеттик органдардын мүчөлөрү ЖКУ уюштуруучу коомдук угууларда активдүү катышууга канчалык даяр экендиги жөнүндө сурады.

Депутат Сабиров мындай коомдук угуунун өткөрүү убактысын депутаттар менен макулдашуу зарыл, андан тышкары алардын катышуусуна түрткү бериш керек деп жооп берди. Себеби бетке айткан сынды ар бир эле эл өкүлү өз эрки менен эл алдында угууга даяр эмес.

Динара Ошурахунова, мыйзамдарга (мисалы, жакында депутат Масалиев башында турган депутаттар тобу демилге көтөрүп чыккан «Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө»мыйзамга) өзгөртүүлөрдү киргизүү маселелерин талкуулоого ЖКУлардын катышуусу тууралуу теманы улантып, айкын жол-жоболордун жоктугунан мыйзамдарга мындай өзгөртүүлөр шашылыш түрдө, коомчулуктун пикирин эске албастан кабыл алынып калуу коркунучу бар экендигин белгиледи.

Бул пикирге жооп иретинде, Бактыгулов Словакияда мыйзам долбоорлорун шашылыш түрдө кароо үчүн 7 иш күнү каралгандыгын жана бул ЖКУлар тиги же бул мыйзам долбооруна жооп иретиндеги чараларды көрүү мүмкүнчүлүгүн алышы үчүн жасалгандыгын, ал эми мыйзам долбоорлорун шашылыш эмес кароо мөөнөтү 15 иш күнүн түзөрүн айтып берди.

Жарандык коомду колдоо борборлорунун ассоциациясынын (ЖККБА) долбоорлорунун менеджери Аида Курбанова долбоордун максаттары жөнүндө кепти улантып, долбоордук изилдөөнүн алгачкы натыйжаларына түшүндүрмө берди. Анын көз карашы боюнча, долбоор чечим кабыл алуу жол-жоболоруна жана ЖКУлардын бул процесске катышуу маселесин чечүүгө багытталгандыгы туура болду. Ал ЖКнын профилдик комитеттери коомчулук менен жолугушууларды жана коомдук угууну уюштуруп же уюштурбай да «коё ала тургандай» мүмкүнчүлүк берүүчү эки жактуу ченемдерди алып салуу керек деп эсептейт. ЖКУлардын чечим кабыл алуу процессине катышуусунун КР ЖКнын Регламентинин өзүндө бекитилген айкын жол-жоболору болушу зарыл. Курбанова айым БӨУлар мыйзам долбоорлору боюнча көп сандаган сунуштарды

жиберишип, бирок көбүнчө аларга парламентчилердин көңүл бурган-бурбагандыгын биле албайт деп белгиледи. Чыгып сүйлөөчү белгилеген дагы бир маанилүү нерсе – ЖКнын жана ЖКУлардын эксперттери «бир тилде» сүйлөй алышы үчүн, бирдиктүү стандарттарды түзүү зарылдыгы.

Андан кийин ЖККБАнын жетекчиси Айдар Мамбетов чыгып сүйлөдү. Ал ЖККБА жүзөгө ашырып жаткан долбоор көп жагынан талкууланып жаткан долбоор менен үндөш экендигин айтты. Бир гана айырмачылыгы – ЖККБАнын долбоору парламенттин гана мыйзам жаратуу ишмердигине басым жасайт жана бийликтин аткаруучу бутагынын ишмердигин козгобойт.

Стандарттар жөнүндө сөздү улап, Динара Ошурахунова келип түшүүчү сунуштарды парламент жалпылаштырып турса эң жакшы болор эле деп белгиледи. Башкача айтканда, аларды классификациялап, жарандардан канча арыз келип түшкөндүгүн, каралып жаткан мыйзам долбоорлоруна өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча канча конкреттүү сунуш-кеңештер келгендигин билүү үчүн статистикалык эсепке алуу керектигин айтты. Бул сунушту депутат Сабиров жактады.

КР ЖКнын аппаратынын укуктук башкармачылыгынын парламентаризм жана мыйзам жаратуу бөлүмүнүн башчысы Болжурова Светлана Садыковна талкууга кошулуп, отургандарга жакын арада укуктук башкаруунун өзүнчө сайтын ачуу пландалып жаткандыгын жана ал аркылуу жарандык коом менен кызматташуу боюнча көп маселелерди чечүү мүмкүн болорун маалымдады.

Аида Алымбаева тегерек столдун ишинин жыйынтыгында анын бардык катышуучуларын ыраазылык билдирди жана Словакиянын тажрыйбасы мындан ары да иликтенерине, долбоордун жетишкен натыйжалары долбоор боюнча кийинки иш-чараларда талкууга алынып чыгарына ишендирди.

*9-тиркеме*

**«Мыйзам жаратуу процессинде жарандык коом уюмдарынын Кыргыз республикасынын мамлекеттик башкаруу органдары менен кызматташуусунун натыйжалуулугун жогорулатуу» темасында өткөрүлгөн тегерек столунун катышуучуларынын тизмеси**

*2009-ж. 22-сентябрь, Бишкек, Кыргызстан*
*«Парк Хотел Бишкек» мейманканасы*

| № | Аты-жөнү | Кызматы, уюму |
|---|---|---|
| **Мамлекеттик органдардын өкүлдөрү** | | |
| 1 | Молдошева Динара | КР ЖКнын депутаты |
| 2 | Арунова Индира | КРнын Экономикалык өнүгүү жана соода министрлигинин мамлекеттик программаларды иштеп чыгуу жана мониторинг бөлүмүнүн башчысы |
| 3 | Болжурова Светлана | КР ЖКнын аппаратынын укуктук башкармачылыгынын парламентаризм жана мыйзам жаратуу бөлүмүнүн башчысы |
| 4 | Бустанова Дамира | КРнын Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинни башкы адиси |
| 5 | Салянова Аида | КРнын Адилет министрлигинин статс-катчысы |
| 6 | Табалдиев Аймаран | КР ЖКнын аппаратынын укуктук башкармачылыгынын парламентаризм жана мыйзам жаратуу бөлүмүнүн улуу кеңешчиси |
| 7 | Шадыханов Калысбек | КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин укук, кадрлар жана мамлекеттик кызматы боюнча бөлүм башчысы |
| **БӨУлардын жана эл аралык уюмдардын өкүлдөрү** | | |
| 8 | Абдрапиев Алмазбек | «Укук коргоо жаштар тобу» коомдук бирикмесинин (КБ) жарандык билим берүү боюнча программасынын координатору |
| 9 | Абралиев Казбек | Борбордук Азияда ИНТРАК программаларынын координатору |
| 10 | Айтбаева Гүлнара | «Бишкектеги аялдар борбору» КБнин координациялык кеңешинин төрайымы |

| | | |
|---|---|---|
| 11 | Акбагышева Замира | Коомдук палатанын төрага орун басары |
| 12 | Акматова Чолпон | Даниянын чиркөөлүк жардамынын Борбордук Азиядагы аймактык бөлүмүнүн программаларынын координатору |
| 13 | Алмаз Тажыбай | «Перемена» инновациялык билим борборунун жетекчиси |
| 14 | Давлетбаева Галина | Директорлор кеңешинин мүчөсү, «Демократия жана жарандык коом үчүн» коалициясы |
| 15 | Жуманаев Улан | Ага Хан фондунун Кыргызстандагы өнүгүү тармагынын программаларынын координатору |
| 16 | Идрисов Ноокат | Коммерциялык эмес эл аралык борборунун өкүлчүлүгүнүн башчысы |
| 17 | Котова Татьяна | Даниянын чиркөө жардамынын Борбордук Азиядагы өкүлү |
| 18 | Кудайбергенов Азиз | АКШнын элчилигинин Демократиялык комиссия программаларынын координатору |
| 19 | Литвинов Игорь | «ADRA Кыргызстан» КБнин жетекчиси |
| 20 | Мадеюев Ахмат | Коомдук саясат борборунун жетекчиси |
| 21 | Мадраимова Айнура | «Айыл демилгеси» КБнин жетекчиси |
| 22 | Мамбетов Айдар | Жарандык коомду колдоо борборлорунун ассоциациясынын аткаруучу директору |
| 23 | Нарынбаева Ширин | Кыргызстандагы Европалык комиссиянын саясый бөлүмүнүн өкүлү |
| 24 | Ногойбаева Чолпон | Саясый изилдөөлөр институтунун президенти |
| 25 | Сатуева Замира | БААУнун коомчулук менен байланыш бөлүмүнүн PR-ассистенти |
| **Долбоордун командасы** | | |
| 26 | Закова Елена | долбоордун менеджери, NISPAcee, Словакия |
| 27 | Ходас Милан | долбоордун кеңешчиси, NISPAcee, Словакия |
| 28 | Андрежкович Милан | долбоордун кеңешчиси, NISPAcee, Словакия |
| 29 | Алымбаева Аида | БААУнун Социалдык изилдөөлөр борборунун директору |
| 30 | Жунушалиев Мелис | КРнын Президентинин Катчылыгынын аналитикалык кызматынын жетекчиси, долбоордын сырткы эксперти |
| 31 | Төлөгөнов Медет | СИБдин долбоорунун эксперти, БААУ |

| | | |
|---|---|---|
| 32 | Бактыгулов Шерадил | СИБдин долбоорунун эксперти, БААУ |
| 33 | Воронина Елена | СИБдин долбоорунун эксперти, БААУ |
| 34 | Эсенгул Чынара | СИБдин долбоорлорунун координатору, БААУ |
| 35 | Конокбаева Аида | СИБдин каржылык/админ. координатору, БААУ |
| **Синхрондук котормо** | | |
| 36 | Александр Гриңук | котормочу |
| 37 | Лариса Юрасова | котормочу |
| **ЖМКнын өкүлдөрү** | | |
| 38 | «5»-ТВ каналы | журналисттер |
| 39 | БААУнун коомчулук менен байланыш бөлүмү | кабарчы |
| **СИБдин волонтерлору, БААУ** | | |
| 40 | Дамирбек кызы Элиза | БААУнун студенти |
| 41 | Ким Лилия | БААУнун студенти |
| 42 | Сапарбек кызы Айсанат | БААУнун студенти |

*10-тиркеме*

**Словакияга болгон окуу сапарынын катышуучуларынын тизмеси, 2009-ж. 14-22-март**

1. Айдралиев Акылбек, КРнын Өкмөтүнүн «электрондук өкмөт» тутумун пайдаланууга киргизүү секторунун башчысы.
2. Алымбаева Аида, долбоордун кеңешчиси.
3. Байтиков Асанбек, КР ЖКнын депутаты.
4. Бактыгулов Шерадил, долбоордун эксперти.
5. Жамалдинов Зиядин, КР ЖКнын депутаты.
6. Конокбаева Аида, долбоордун каржылык/административдик менеджери.
7. Мамбетов Айдар, бейөкмөт уюмунун өкүлү.
8. Молдошева Динара, КР ЖКнын депутаты.
9. Сабиров Алишер, КР ЖКнын депутаты.
10. Эсенгул Чынара, долбоордун менеджери.

NISPAcee – Борбордук жана Чыгыш Европадагы мамлекеттик башкаруу институттары менен мектептеринин ассоциациясы
Полянка к., 5; 841 01 Братислава 42, Словакия Республикасы
Тел./факс Y421 2 6428 5557
Эл. дарек: nispa@nispa.org

Борбордук Азиядагы Америка университетинин Социалдык изилдөө борбору
Абдумомунов к., 205; 720040, Бишкек, Кыргыз Республикасы
Тел. /996 312 664089, факс /996 312 663201
Эл. дарек: src@mail.auca.kg

**Мыйзам жаратуу процессинде жарандык коом уюмдары менен Кыргыз Республикасынын мамлекеттик башкаруу органдарынын кызматташуусун жакшыртуу**

Которгон *Тынара Рыскулова*
Редакциялаган *Жолдош Турдубаев*
Компьютерде калыптаган *И.В. Пак*

Басууга 05.12.09. кол коюлду. Форматы 60x84 $^{1}/_{16}$
Көлөмү 8,25 физ. б.т. Нускасы 100 даина

«Албино ЛТД» ЖЧКсында чыгарылды
Бишкек ш., Тыныстанов көч., 96